IX кылымдан баштап бул жерлерде математика илими өнүгө баштаган. Ошол кездеги ири окумуштуулардын бири катары Мухаммед-ал-Хорезм бизге белгилүү. Анын алгебра боюнча китебинин төрттөн бир бөлүгүндө практикалык мисалдардын чыгарылыштары көрсөтүлгөн. Ал-Хорезмдин астрономия жана география боюнча эмгектери да белгилүү. Алардын ичинен эң күчтүү математиктеринин бири Омар-Хаям XI-XII кылымдарда жашаган. Ал математик, астроном жана философ гана болбостон, таланттуу да акын болгон. 1079-жылы Омар Хаям эң эле так календар түзгөн.
Математиканы тереңдетип окутууда класстан тышкаркы иштерди жүргүзүүдө кубдук теңдемелердин чыгарылышын, биномалдык формуланы Лобачевскийдин геометриясынын элементтерин Омар Хаямдын эмгектери менен байланыштыруу окуучулардын кызыгууларын арттырары шексиз.

Борбордук Азиядан чыккан дагы бир ири математик Насир ад-Дин Мухаммед ат-Туси (1201-1274-ж) «Евклидди баяндоо», «Толук төрт бурчтук жөнүндө трактат», «Архимеддин «Шар жана цилиндр» жөнүдө китебин баяндоо» ж.б. эмгектерди калтырган. Алардын ичинен «Толук төрт бурчтук жөнүндө трактаты» тригонометриянын алгачкы системалык курсу делип эсептелинет. Ага чейин тригонометрия астрономия боюнча китептерде гана баядалып келген. Ал эми Архимеддин китебине карата түшүндүрмөсүндө катнаштар теориясы өнүктүрүлөт. $y\text{ө}x(a-x)$ жана $y\text{ө}x(a-x)^2$ фунциялары каралып, алардын экстремумдары табылат.

Жаммид бен Масуд эд-Дин ал-Кашинин да математикага кошкон салымы чоң. Ал төртүнчү даражадагы теңдемелерди чыгаруунун жолдорун тапкан.

XV кылымдын башталышында ал-Каши айлана жөнүндө китебин жазган. Ал китебинде айлананын радиуска болгон катышын болжолдуу түрдө эсептеп чыкккан.

Демек, математика илимине Орто Азиялык окумуштуулардын салымдары чоң. Алардын ичинен жогоруда аты аталган, 800-жылдарга чейин жашаган Мухаммед бен- Муса ал-Хорезм математика жана астрономия боюнча көптөгөн эмгектерди жазган. Ал эмгектеринин ичинен «Хисаб алджебр вал-мукабала» аттуу китеби латын тилине которулган. Бул китебинде биринчи жана экинчи даражадагы теңдемелердин чыгарылышын изилдеген, «Алджебр» деген аталыштан учурдагы «Алгебранын» аталышы келип чыккан.

Дагы бир Орто Азиялык математик жана астроном Абуль-Вафа (940-998-ж). Бул окумуштуу тригонометрияга салым кошкон. Ал синустун жана тангенстин таблицасын түзгөн.

Ал эми окумуштуу ал-Бируни жер шарынын радиусун аныктаган.

$$R = (R + h)\cos\alpha, R = h\cos\alpha/(1-\cos\alpha)$$

Мында R- жердин радиусу, h-тоонун бийиктиги, $\alpha$ - ченелген бурч.

Борбордук Азиянын матиматиктери жөнүндө сөз болгондо Абул-Вафа Мухаммед ал-Бузжанини (940-998ж) геометриялык түзүлөргө карата маселелерди чыгарууну, параболаны, эллипсти, гиперболаны түзүүнү караган «карыз» түрүндө терс сан түшүнүгүн Орто жана Жакынкы Чыгыштагы окумуштуулардын ичинен биринчи болуп колдонгон. Синустардын сфералык теоремасын далилдеген, Абу-Райкан Мухаммед ал-Бируни (970-1148-ж): «Тегеректе хордаларды аныктоо», «Топ жылдыздарды тегиздикке проекциялоо жана сфераларды тегиздикке сүрөттөө» ж.б., Абу-Али Хусеин ибн Синаны (970-1037), анын «Кыскача Евклид», «Сандар илим» ж.б. эмгектерин айтпай кетүүгө болбойт.

Жамшид Гияседдин ал-Каши (1436-ж өлгөн) ондук бөлчөктөрдү системалаштырып, алгачкы эмгек жазган окумуштуу болуп эсептелет. Ага чейин алтымыштык бөлчөктөр колдонулуп келген жана эсептөөлөрдү жүргүзүүдө көптөгөн ыңгайсыздыктарга кыйынчылыктарга дуушар болушкан. Беш китептен турган «Арифметиканын ачкычы» деген трактатынын биринчи китебинде ал бүтүн сандар менен болгон амалдарды, алардын ичинде бүтүн сандан каалагандай даражадагы тамыр чыгарууну карайт. Экинчи китеби бөлчөктөрдүн теориясына арналган. Ондук бөлчөк киргизилип, анын касиеттери алтымыштык бөлчөктөрдүн касиеттерине окшоштуруу менен аныкталат. Кийинки китебинде алтымыштык системада бүтүн жана бөлчөк сандар менен амалдарды аткаруу баяндалат. Ал кезде алтымыштык системада эсептөө жүргүзүү астрономдор үчүн эң ыңгайлуу болгон. Акыркы эки китеби геометрияга жана алгебрага арналган. Ал-Каши геометрия боюнча көп бурчтуктарды, тегеректи жана анын бөлүктөрүн, призманы, пирамиданы, цилиндрди, конусту, шарды, туура көп грандыктарды ченөөлөрдү караган. Анын куполдору ченөөдө жакындаштырылган интегралдоо ыкмасын колдонгону кызыктуу. Алгебра боюнча өзүнөн мурункулардын эмгектерин келтирүү менен төртүнчү даражадагы теңдемелерди классификациялоону жана чыгарууну, пропорциялар теориясынын эрежелерин, сан катарларын суммалоо жөнүндө баяндалган.

Ал-Кашинин «Айлана жөнүндөгү трактаты» айлананын узундугунун диаметрге болгон катышын мүмкүн болушунча так

эсептөөгө арналган. Ал $\pi$ санынын жакындатылган маанисин 17 ондук белгиге чейин эсептеп, 3,14159265358979325 (мындагы ондук белгилердин акыркысы гана туура эмес) санын тапкан.

Пифагордун теоремасын окуп үйрөнүүдө Ал-Кашинин төмөнкү маселесин пайдаланууну сунуш кылабыз: «Найза суунун ичинде тикесинен сайылган жана сыртка үч чыканакка чыгып турат. Аны шамал кыйшайтып суунун бетинде сабынын аягы эле көрүнүп калды(учу мурдагы ордунда). Адегенде суудан чыгып турган ордунан кийинки сабынан аягы турган орунга чейинки аралык беш чыканак. Биз найзанын узундугун билгибиз келет». Маселени найзанын жалпы узундугун тамга менен белгилеп алып, Пифагордун теоремасын колдонуу аркылуу чыгарууга болот.

Анда $(x-3)^2+5^2$ө$x^2$теңдемеси келип чыгат. Теңдемени чыгарып, $x = 5\frac{2}{3}$ чыканак экендигин табабыз.

Бул жерде бир кызык фактыны келтирип кетпесек болбогону турат. Ушуга окшош маселени Л.Н.Толстойдун маселеси деп эсептегендер көп. Чындыгында Л.Н.Толстойдун «Эмгеги» найзаны-камышка чыканакты метрге алмаштырып гана койгондугунда.

Улуу азербайжандык окумуштуу Насреддин Туси (1201-1274-ж) геометриянын тригонометриянын, астрономиянын жана катыштар теориясынын өнүгүшүнө көп салымдарды кошкон. Ал өзүнүн «Шакл-ул-Кита» деген эмгегинде «Синустун жаасы», «Косинустун жаасы», «Тангенстин жаасы», «Котангенстин жаасы», «Секанстын жаасы», «Косеканстын жаасы» түшүнүктөрүн кийирген. Азыркы учурда синус сызыгы деп атап жүрөбүз. Автор синустун жана тангенстин теоремасын далилдеген. Жогоруда сөз болгон Орто Азиялык дагы бир окумуштуу Жамшид ал-Каши ондук бөлчөктөрдүн теориясын түзгөн. Ал 1427-жылы «Арифметиканын ачкычы» деген эмгегинде ондук бөлчөктөр менен жүргүзүлүүчү амалдардын эрежелерин көрсөткөн .

Жалпылап айтканда, IX-XV кылымдарда Орто Азиялык окумуштуулар төмөндөгүдөй жетишкендиктерге ээ болушкан.

**Комбинаторика жана арифметика бөлүмү боюнча:**

1. Эсептөөнүн алтымыштык системасын өздөштүрүшкөн.
2. Ондук бөлчөктөрдүн теориясын түзүшкөн.
3. Сандардан тамыр чыгаруунун жолдорун иштеп чыгышкан.
4. Ньютондун биномунун формуласынын колдонулушун, каалагандай натуралдык көрсөткүчтүү даража үчүн так аныктап чыгышкан.
5. Чыныгы сандар түшүнүктөрүн кеңейтишкен.

**Алгебра бөлүмү боюнча:**

1. Алгебраны негизги математикалык предмет катары бөлүшкөн.
2. Сандык алгебранын чендик геометрияга колдонушун жана кубдук теңдеменин чыгарылышынын геометриялык теориясын түзүшкөн.

**Тригонометрия бөлүмү боюнча:**

1. Жалпак жана сфералык тригонометриянын негизин түзүшкөн.
2. Тригонометриялык таблицаларды толук жана мүмкүн болушунча так түзүп чыгышкан.

Ошентип, Борбордук Азиянын окумуштуулары математиканын кайсыл тармагы болбосун аларды өнүктүрүүгө зор салым кошушкан. Айрыкча квадраттык жана кубдук тамыр чыгарууну каалаган даражага жалпылоону кубдук теңдемелердин бардык түрлөрүн геометриялык жол менен чыгарууну, сан түшүнүгүн оң анык санга чейин кеңейтүүнү, алгебралык белгилеништерди жана терс сандар түшүнүгүн пайдалануу, так тригонометриялык таблицаларды, алтымыштык жана ондук бөлчөктүр менен болгон амалдарды баса көрсөтүү зарыл. Ал эми жогоруда сөз болгон катнаштар теориясы менен параллель сызыктар математиканын өнүгүү тарыхындагы эки ири ачылышка-математикага өзгөрмө чоңдуктарды киргизүүгө жана Евклиддик геометриянын ачылышына түрткү болгон.

Биз жогоруда Орто Азиялык окумуштуулардын айрымдарынын орто кылымдарда математика илиминин өнүгүшүнө кошкон салымына кыскача токтолдук.

Албетте, мектептин математика мугалимдери ал маалыматтар менен тааныш болууга тийиш, бирок ошону менен эле чектелбей, аларды окуучуларга тааныштыруу, математикалык билим берүүдө колдонуулары максатка ылайык. Себеби, окуу процессинде тарыхый материалдарды пайдалануу, биринчиден , окуучулардын таанымдык иш-аракеттерин активдештирет, экинчиден, предметке карата **алардын** кызыгууларын жогорулатат, үчүнчүдөн, жалпы математикалык маданиятты калыптандырууга көмөктөшөт. Ошондой эле окуучуларда өзүнүн ата-бабалары, өзүнүн жергеси (региону) менен сыймыктануу сезимдери да калыптанат.

*А.Д.Жунусакунова, НГУ*

# ТЕСТИРОВАНИЕ КАК ФОРМА КОНТРОЛЯ ЗНАНИЙ

*В статье приведен подход тестированию как форма контроля знаний, умений и навыков, описаны функции и принципы построения системы контроля.*

Переход всего человечества от постиндустриального к информационному обществу ставит перед образовательной средой глобальную проблему - увеличение количества и повышение качества учебной информации при оставшемся прежнем учебном времени, за которое должна быть усвоена эта информация.

Одним из путей, обеспечивающих разрешение этого противоречия, является применение тестирования, как части многих педагогических инноваций. Стало очевидным фактом то, что тесты позволяют получить объективные оценки уровня знаний, умений, навыков и представлений, выявить пробелы в подготовке. В сочетании с обучающими программами на персональных ЭВМ, тесты позволяют перейти к адаптивному обучению и контролю знаний - наиболее эффективным, но, однако наименее применяемым у нас формам организации учебного процесса [4,44].

Анализ опыта тестирования в зарубежных странах показывает, что в последнем столетии тестирование приобрело широкий масштаб во многих странах мира. В развитых странах создаются национальные службы для контроля за результатами образования и мониторинга его качества. В этих странах ведутся систематические научные исследования в области педагогических измерений. Тестирование предполагает обеспечение объективности, выявления уровня подготовленности учащихся. В следствии чего, тестирование, наряду с экзаменом, зачетом является формой контроля.

Контроль является одной из основных составляющих учебного процесса, и от его правильной организации на всех этапах обучения в конечном итоге зависит качество знаний учащихся. В свою очередь составляющими контроля являются:

- *проверка измерение* результатов обучения и их (в соответствии с принятыми в выбранной системе индикаторами);
- *оценивание* как *процесс*, во время которого производится наблюдение за действиями учащегося и сравнение с образцом (эталоном) или установленными показателями, и как *результат* — выставление оценки (отметки) [1].

Контроль выполняет три основные функции:

- *управляет процессом усвоения знаний.* Контроль дает возможность увидеть ошибки, оценить результаты обучения, осуществить коррекцию знаний, умений и навыков;
- *воспитывает познавательную мотивацию* и стимулирует творческую деятельность. Правильно организованная система контроля позволяет пробудить чувство ответственности за результаты обучения (получение более высокой оценки), способствует стремлению к целенаправленной работе по исправлению ошибок;
- *является средством обучения развития.* Большая часть контролирующих мероприятий носит обучающий и развивающий характер, так как учитель объясняет каждому ребенку, в чем заключаются его ошибки, что нужно сделать, чтобы понять учебный материал, помогает найти правильный ответ.

К системе контроля предъявляются определеннее требование и при ее построении следует придерживаться основных принципов.

*Объективность* — является основным требованием и принципом для организации контроля. Она заключается в том, что система контроля должна быть дружественной по отношению к учащимся. Вопросы, задания задачи и проекты должны быть обоснованы, а критерии оценки адекватны требованиям к уровню подготовки и возрастным особенностям учащихся.

*Открытая технология* — заключается в том, что оценивание учащихся осуществляется по единым критериям, которые должны быть обоснованы, известны заранее и понятны каждому учащемуся.

*Системность,* которая в свою очередь рассматривается с пяти позиций:

- контроль должен быть непрерывным и осуществляться с самого начала обучения до его завершения;
- контроль должен быть естественной *частью процесса обучения;*
- система контроля должна обладать преемственностью;
- средства, методы, формы контроля, способы оценивания и интерпретации результатов должны подчиняться единой цели;
- все обучаемые конкретного образовательного учреждения должны подчиняться единым принципам и требованиям [1].

Основой любого способа контроля знаний и умений являются задания, которые выполняют учащиеся. От их соответствия целям и содержанию обучения зависят результаты контроля и действия по совершенствованию учебного процесса [2, с.25].

На сегодняшний день существует множество форм контроля за качеством обучения и усвоения материала. *Тестирование* используется для оперативной проверки качества знаний учащихся с возможностью машинного ввода данных (ответов) и автоматизированной обработки результата с заранее заданными параметрами качества. Существенным для теста можно считать то положение, что кроме задания, необходимы эталон (правильный ответ, ключ) и система оценок (присуждаемые баллы по результатам выполнения задания), т.е. в этом случае тестом можно считать следующую схематическую запись: *тестѳ заданиеѲэталонѲсистема оценок знаний* [3]. При всех ограничениях и недостатках тестовая технология является быстрым и надежным способом проверки уровня и степени подготовки учащихся путем решения несложных заданий, выбора варианта ответа или добавления слов, формул, терминов и пр. Главное - тестовая технология позволяет собирать статистический материал, который может накапливаться и храниться в памяти компьютера.

Преимуществом тестирования является возможность охвата материала по всем разделам. Оценивание результатов носит более объективный характер и не зависит от профессиональных и личностный качеств учителя-методиста. В результате учащийся может продемонстрировать свои учебные достижения на более широком содержательном поле. И все это на фоне сокращения временных затрат на проверку знаний. Тесты логичны и непротиворечивы, интерпретация их однозначна, организация тестирования регламентирована.

Контроль с помощью тестов теоретически более объективен по сравнению с классической формой контроля по следующим причинам:

1) отсутствует субъективные факторы, влияющие на оценку;
2) ответ экзаменуемого сравнивается с эталоном;
3) тест является объемным инструментом контроля, так как проверяются знания и умения по всем темам дисциплин, а не отдельные темы [2, с.29].

Но в отличии от обычных экзаменов результаты тестового контроля зависят от качества используемых заданий: если недостатки задания в традиционном экзаменационном билете могут быть компенсированы дополнительными вопросами при устном собеседовании, то при тестировании это невозможно.

Практика тестирования свидетельствует о том, что высокое качество тестовых заданий не могут гарантировать даже самые опытные предметники – составители. Поэтому тестовые задания, предназначенные для целей контроля и измерения знаний, должны проходить строгую объективную экспертизу. Оценка заданий даже одним экспертом дает гарантии устранения целого ряда недостатков [5], но рекомендуемое число экспертов должно быть от трех до восьми человек [6] .

Вторая проблема касается сложности проверки аналитико-синтетических навыков учащихся.

Для устранения этих и некоторых других недостатков необходимо разработать систему заданий, которая включает в себя как тесты с вариантами выбора, так и тесты открытого типа со свободным изложением ответа. Проверка таких тестовых заданий должна осуществляться по наличию ключевых слов в письменном ответе учащегося. Существует еще несколько типов заданий, которые также можно отнести к тестовым, например, в приведенном тексте выделить структуру, ключевые слова, ответить на вопросы.

Использование тестирования для контроля знаний интересно и актуально. Несмотря на ограничения тестовой технологии, есть основное достоинство, которое привлекает многих учителей и методистов — это оперативность получения обратной связи с обучаемыми, и возможность быстрого оценивания результатов. Что же касается ограничений, то любые средства для проверки уровня достижений имеют свои границы применимости. Основная задача учителя заключается в том, чтобы использовать разные методы контроля, в том числе и тесты.

Разработка тестов далеко не простое дело, требует не только большого практического опыта, но и специальных знаний и навыков. Тесты отличаются от других инструментов контроля, во-первых, стандартизированной процедурой организации выполнения, во-вторых, однозначностью интерпретации ответов и, наконец, наличием заранее продуманной системы оценивания результатов. Тестовые задания должны быть краткими, лаконичными, не допускать двусмысленного толкования. Любой тест должен, как минимум, содержать инструкции по заполнению, само задание и ответы.

**Список литературы**


1. Аванесов В.С. Современные методы обучения и контроля знаний. Владивосток: Дальрыбвтуз, 1999. – 125 с.
2. Стась Н.Ф. Комплексный подход к экспертной оценке тестовых измерителей// Стандарты и Мониторинг в образовании.-2008.-№5- 25-30 с.
3. Беспалько В.П. Методы и критерии оценки знаний, умений и навыков учащихся при программированном обучении.-М.,1969.-15 с.
4. Калдыбаев С.К.,Ажыбаев Д.М., Бекежанов М.М. Компьютерная диагностика, результатов обучения в общеобразовательной школе.-Б-Н-2007- 135 с.

5. Майоров А.Н. Теория и практика создания тестов для системы образования.-М.: Народное образование. -2000.-352 с.
6. Минин М.Г. Тестовая технология контроля знаний по химии. //Известие Томского политехнического университета. Томск-2005.- №4- 281-235 с.

---

***Г.А. Касымова***

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН ӨЗГӨЧҮЛҮКТӨРҮ

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин аныктоо жана баалоо процессинин маңызына, методдоруна жана түрлөрүнө Ю.К. Бабанский, М.И. Зарецкий, Т.А. Ильина, В.М. Полонскийдин эмгектери, окуу материалын өздөштүрүү деңгээлдерин аныктоого И.Я.Лернер, М.Н. Скаткин, Н.В.Кузьминанын изилдөөлөрү, ал эми баалоонун критерийлерин белгилөөгө В.П.Беспалько, К.О.Корсак, В.Л. Симоновдун эмгектери арналган. Окумуштуулардын психологиялык- педагогикалык изилдөөлөрүнүн анализи көрсөткөндөй окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо мугалим тарабынан окуучунун билимди өздөштүрүүдөгү билим, билгичтик жана көндүмдөрүнүн деңгээли билим берүү стандарты жана мектеп программаларында көрсөтүлгөн талаптарга (эталонго) дал келүүсүн текшерүүнүн жыйынтыгы. Ал эми окуучулардын окуу жетишкендиктери катары окуучунун мурунку билим деңгээли менен акыркы окуу деңгээлинин ортосундагы айырма кабыл алынат жана ал окуу процесси жыйынтыгы катары дагы белгиленет. Педагогикалык илимде баалоо- мамлекеттик билим берүү стандартында жана окуу программаларында белгиленген окуучулардын билимине карата коюлган талаптарга жетүү үчүн окуучунун билимди өздөштүрүүдөгү жетишкендик деңгээлин салыштыруу процесси болуп саналат. Демек, баалоо- бул программада белгиленген билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү окуучулардын өздөштүрүү даражасы, ошондой эле мугалимдердин баалоочу кырдаалдары менен аныктоо процесси жана анын жыйынтыгы. Баалоо процесси мугалимдин окуу ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө чоң мааниге ээ болот. Анткени, ал окуу процессин өркүндөтүүгө жана окуучулардын ар тараптуу, анын ичинде адеп- ахлактык тарбиялануусуна кызмат кылат. Бирок, баалоо процесси ар бир окуучунун аң сезиминде жогорку беделге ээ болгондо гана өзүнүн негизги ролун жана милдетин аткарат. Тилекке каршы, азыркы учурда баалоо процессинин жүрүшүндөгү бир катар туура эмес ыкмалардын колдоунулушу ал процесстин маңызын өзгөртүүдө [1].

2007-окуу жылында Бүткүл дүйнөлүк банктын колдоосу менен «Айылдык билим берүү» проектисинин алкагында Кыргыз республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин тапшырмасы боюнча «Билим берүүдөгү баалоо жана окутуунун методдору Борбору» тарабынан республикадагы жалпы билим берүүчү орто мектептеринде билим сапаты боюнча масштабдуу изилдөө жүргүзгөн. Изилдөөнүн максаты - билим берүү тармагында алгылыктуу иштерди жүргүзүү жана негиздүү чечимдерди кабыл алуу үчүн Кыргызстандагы билим берүүнүн азыркы абалы тууралуу объективдүү жана илимий тастыкталгын маалымат алуу болгон [2].

Аталган отчеттун жыйынтыгында жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо системасына карата төмөндөгүдөй сунуш берилген: «Изменить систему формирующего и итогового оценивания учащихся. Перейти от оценивания для порицания и поощрения к оцениванию как средству мониторинга достижений учащихся и определению учителем проблем обучения, для улучшения взаимодействия между учителем и учащимися, для более эффективного планирования индивидуальной и классной работы на уроках и самостоятельной работы учащихся. В итоговом оценивании измерять не объем фактологических знаний, а концептуальное понимание и степень сформированности необходимых навыков» [2, 176 б.].

Бул изилдөөдө мектеп мугалимдеринин баалоо процессин түшүнүшү, анын өзгөчөлүктөрүн белгилөө жана баалоо шкаласынын маанисин аныктоо максатында социологиялык анализ жүргүзүлдү. Нарын шаарынын №4 Э.Ибраев атындагы, №8 А.Буйлаш уулу атындагы, №7 М.Сыдыков атындагы орто мектептин мугалимдеринин жана Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу борборунун угуучуларынын арасында анкета жүргүзүлдү. Анкета азыркы баалоо процессинин мүнөздөрү боюнча, мугалимдин ага болгон мамилеси боюнча жыйырма маселени камтыйт. Анкетага жалпы 45 мугалим катышты.

Анкетанын биринчи суроосу төмөндөгүдөй берилген: «Баа окуучунун билими тууралуу мугалимдин гана оюн билдирет». Анкетанын анализи көрсөткөндөй мугалимдердин 27% үлүшү - ооба, баа мугалимдин гана оюу, 69 % бөлүгү - баа класстагы окуучулардын дагы оюн билдирет, ал эми 4 % үлүшү - бул маселе боюнча оюн ачык берген алган эмес. Ошентип, көпчүлүк мугалимдер баалоо процессине окуучулардын дагы катышуусун жактырышат.

Ал эми «Эгерде окуучу кайсы бир предметтин темасын өздөштүрө албаса, ага мугалим тилекке каршы жардам бере албайт»- деген суроого анкетага катышкан

мугалимдердин 29% үлүшү -мугалим жардам бере албай калышы мүмкүн деп билдирсе, 67% бөлүгү - мугалим сөзсүз түрдө жардам берет, ал эми мугалимдердин 4% үлүшү - бул маселе боюнча оюн так беришкен эмес. Демек, мугалимдердин окутуу процессиндеги компетенттүү болуусун баса көрсөтүшкөн.

«Окуучуга мурдагы билимине салыштырмалуу азыркы жетишкендиктеринин жыйынтыгын тушүндүрүш керек»- деген суроого мугалимдердин 96% үлүшү - дайыма тушүндүрүш керек жана 4% бөлүгү - кээ бир учурда тушүндүрүп бериш керек деп жооп беришкен. Ошентип, окутуу процессинде мугалимдин түшүндүрүп берүүсү окуучулардын окуу жетишкендиктеринин өзгөрүүсүнө жана ал жетишкендиктерге окуучунун умтулуусуна стимул болорун белгилешкен.

Төмөндөгү «Окуучунун мурдагы аткарган иштерине караганда, окуучунунун тапшырманы аткаруу учурундагы мугалимдин мактоосу көп жетишкендиктерге алып келет»- деген суроого анкетанын анализи көрсөтүп тургандай мугалимдердин 78% үлүшү - мактоо сөзсүз түрдө жакшы жыйынтык берет дешсе , 14 % бөлүгү - мактоо дайыма эле жакшы жыйынтык бере бербейт, ал эми мугалимдердин 8 % үлүшү - оюн так билдиришкен эмес. Ошентип, мугалимдердин көпчүлүгү педагогикалык процессте мактоо методунун зор маанисин баса көрсөтүшсө дагы бул маселе боюнча айрым мугалимдердин өз оюн так билдиришпегени бизди ойлондурбай койбойт.

«Предмет боюнча ар кандай жетишкендиктерге ээ болгон окуучуларды салыштыруу зарыл жана ал тарбиялык эффектини берет»- деген суроого мугалимдердин 78% үлүшү - салыштыруу мугалимге күткөн жыйынтыкты берет , 8 % бөлүгү - мындай көз карашка каршы экендигин жана 14 % үлүшү - берилген суроо боюнча оюн билдиришкен эмес. Демек, окуучуларды окутуу жана тарбиялоодо салыштыруунун тарбиялык мааниси көрсөтүлгөн, ошол эле учурда мугалимдердин 14% үлүшүнүн өз ойлорун бере албагандыгы кабатырландырат.

Ал эми «Тапшырмана аткаруу учурунда окуучунун окуу ишмердүүлүгүн, жана анын чыгармачылыгын дагы баалоо зарыл»- деп берилген суроого анкетанын анализи көрсөткөндөй мугалимдердин 78% үлүшү - сөзсөз түрдө дайыма окуучунун тапшырманы аткаруудагы иш аракетин жана чыгармачыл мамилесин баалоо зарыл, ал эми 22 % бөлүгү - айрым учурда гана баалаш керек деп жооп беришкен. Ошентип, окуу процессинде окуучулардын аракетин дагы баалоо аларга стимул берет деп белгилешкен.

Төмөндөгү «Баа аванс караты берилбейт, бааны окуучу өзү эмгектенип алышы керек» - деген суроого анкетага катышкан мугалимдердин 87% үлүшү- окуучу бааны өзү эмгектенип алышы керек дешсе, 9% бөлүгү- баа кээ бир учурда аванс катары да коюлушу керек жана 4% үлүшү -берилген суроо боюнча оюн билдиришкен эмес. Мугалимдер бул суроого жооп берүүдө окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо баанын тарбиялык мааниси зор экендигин көрсөтүшкөн.

«Окуучу сабакта жооп берүүдөн баш тартууга укугу жок»- деген суроого анкетанын анализи көрсөткөндөй мугалимдердин 51 % үлүшү -окуучу сабак учурунда жооп берүүдөн баш тартууга укугу жок, 22 % бөлүгү- окуучу айрым учурларда жооп берүүдөн баш тартса болот жана 27 % үлүшү- бул талаш маселе деп жооп беришкен. Демек, окуу процессинде окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо окуучунун эмоционалдык абалын дагы эске алуу зарыл экендиги белгилүү болсо дагы, мугалимдердин айрым бөлүгү «эркиндикти» тура эместигин далил болду.

Ал эми «Окуучунун өзүнүн жана жолдошторунун ишин баалоо билгичтигин окуу процессинде колдонуу зарылбы?» - деген суроого мугалимдердин 42 % үлүшү- окутуу процессинде окуучунун билим баалоо билгичтигин дайыма колдонуу керек жана 58 % бөлүгү -окуучунун баалоо билгичтигин айрым учурда колдонуу керек деп жооп беришкен. Ошентип, окуу процессинде окуучуларга бири- биринин билимин баалоо мүмкүнчүлүгүн берүү белгиленген.

«Баалоо процессинде окуучу тарабынан аткарылган тапшырманын жыйынтыгы гана бааланышы керек»- деген суроого анкетанын анализи көрсөткөндөй мугалимдердин 83% үлүшү- ооба, жыйынтыкка жетишүү- баалоонун объективдүү критерийи, ал эми 13 % - бөлүгү жок, жыйынтык алуунун стандарттык эмес ыкмаларын дага эске алуу зарыл жана 4% үлүшү- берилген суроо боюнча оюн билдиришкен эмес. Демек, баалоо окутуу процессинде жыйынтыкка жетишүү негизги көрсөткүчтөрдүн бири экендигин белгилешкен.

Анкетанын кийинки суроосу «Сабак учурунда окуучунун иш- аракетин баалоодо оң жана терс баалоо бири-бирин толуктап туруусу керек»- деп берилген Анкетага катышкан мугалимдердин 29 % үлүшү -мактоо же болбосо, эскертүүнүн бирине эле көп басым жасоого болбойт жана 71 % бөлүгү- оң баалоо көбүрөөк болушу керек- деп жооп беришкен. Демек, окуу процессиндеги баанын стимул берүүчү ролун баса көрсөтүшкөн.

Ал эми «Окуучу жооп берүүдө өзүнө ишене албаса аны дароо колдоо зарылбы?»- деп берилген суроого мугалимдердин 78 % үлүшү- жооп берүүдө өзүнө ишенбеген окуучуну сөзсүз түрдө дайыма колдоп туруу зарыл, мугалимдердин 13 % бөлүгү -кээ бир учурда гана колдоо керек жана 9 % үлүшү- сурамжылоо учурунда жардам берүүнүн кереги жок – деп белгилешкен. Ошентип, окуу процессинде окуучу дайыма мугалимдин колдоосуна муктаждыгы көрөтүлгөн.

«Сабактагы окуучунун активдүүлүгү жалпы окуу процессинин жыйынтыгын көрсөтө алабы?»- деген суроого мугалимдердин 36% - окуучунун активдүүлүгү менен окуу процессинин жыйынтыгы бири- бири менен байланыштуу дешсе, 13 % бөлүгү- көрсөтмөлүү активдүүлүктү өтө жогору баалоо туура эмес жана 51 % үлүшү- окуу активдүүлүгү менен продуктивдүүлүк дайыма эле дал келе бербейт- деп белгилешкен. Демек, окуучунун сабактагы активдүүлүгү анын билимди толук кабыл алгандыгынын көрсөткүчү эмес , баалоо процессинде жөн гана жыйынтыкты эмес, ага жетишүүдө жалпы ишмердүүлүктү аныктоо зарыл.

Анткетага катышкан мугалимдер «Окуучунун ишин баалоодо анын жыйынтыгына гана көңүл бурбастан, окуучунун ал ишке жумшаган аракетин, эмгегин дагы эске алуу зарыл»- деген суроого мугалимдердин 27 % үлүшү- башталгыч класстарда гана окуучунун аракетин, эмгегин дагы эске алуу керек, 69 % бөлүгү - бардык класстарда эле окуучунун эмгеги жана аракети дага бааланыш керек жана 4% үлүшү -жогорудагы суроо боюнча оюн билдиришкен

эмес. Ошентип, окуучулардын окуу жетишкендигин баалоодо баанын тарбиялык маанисине көрсүл блүнгөн.

Ал эми «Азыркы мектептердеги жогорулатып балоого жол берилиши»- деген суроого анкетага катышкан мугалимдердин 13 % үлүшү - окуучунун билимин баалоодо жогорулатып баа коюга жол берилбеши керек, 27 % бөлүгү- айрым учурда гумандуулукка таянуу менен жол берилет жана 60% үлүшү -аталган маселе боюнча оюн ачык билдиришкен эмес. Демек, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо беш баллдык баалоо шкаласынын мъмкънчълыгъ чектелгендигин к=рс=ттъ.

«Баалоо процессинде конфликт пайда болсо, мугалим баанын эмне себептен коюлгандыгын ачык түшүндүрүп бериши зарыл»- деген суроого мугалимдердин 71% үлүшү - баа эмне себептен коюлгандын сөзсүз түшүндүрүп бериши керек , 18 % бөлүгү- түшүндүрүп берүүнүн кереги жок жана 11 % үлүшү - бул суроо боюнча оюн билдиришкен эмес. Демек, ар бир окучууга баанын эмне себептен коюлгандыгын мугалим аргументтъъ тъшъндърып берьъ керек.

Төмөндөгү «Окуу жөндөмдүүлүгү бирдей жана окууга болгон мамилеси ар кандай окуучулардын окуу жетишкендиктерин салыштыруу пайдалуу» -деген суроого анкетанын анализи көрсөтүп тургандай мугалимдердин 49% үлүшү- окуучунун активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн салыштыруу пайдалуу, 36 % бөлүгү - айрым учурда эле жана 15% үлүшү- аталган суроо боюнча оюн ачык билдиришкен эмес. Демек, окуучулардын окуу активдүүлөгүн жогорулатууда салыштыруу жакшы жыйынтык берет, ошол эле учурда окутуу жана тарбиялоонун башка методдоруна дагы кѳңүл бѳлүү керек.

«Сабакта талаш маселени чечүүдө класстагы окуучулардын талаш-тартышына караганда, мугалимдин токтоо жана так түшүндүрүп берүүсү оорундуу»- деген суроого мугалимдердин 60% үлүшү- ооба, мугалимдин түшүндүрүп берүүсү дайыма зор мааниге ээ, 11 %бөлүгү- мугалим кийлигишүүсүнүн кереги деле жок жана 29 % үлүшү - айрым учурда мугалимдин талаш- тартышты чечүүгө катышуусу керек деп жооп беришкен. Ошентип, окуу процессинде тъшъндърьъ иштеринин ролу белгиленген.

«Окуучунун билимин баалоодо тигил же бул баа окуучуга эмне себептен коюлганын түшүндүрүп берүү керекпи?»- деп берилген. Мугалимдердин 60 % үлүшү - ооба, баанын эмне себептен коюлгандыгын дайыма түшүндүрүп берүү керек, 33 % бөлүгү - кээ бир учурда гана түшүндүрүп бериши керек жана 7% үлүшү- баа эмне себептен коюлгандыгын окуучу өзү түшүнүшү керек – деп жооп беришкен. Демек, окуучулардын активдъългън, жоопкерчилигин арттырууда баанын билим берүүчү, тарбиялоочу ролу зор экендиги көрсөтүлгөн.

Ал эми «Мугалим ар бир окуучунун жетишкендиги жана кемчиликтери жөнүндө баарлашууга убакыт бөлүшү керек»- деген суроого анкетанын анализи көрсөткөндөй мугалимдердин 44 % үлүшү- айрым учурларда гана сүйлөшүү керек жана 56% бөлүгү- мугалим окуучулар менен сүйлөшүүгө дайыма убакыт бөлүшү керек деп жооп беришкен. Демек, мугалим окуучуларга билим берүү функциясын аткаруу менен бирге =зънън тарбиячы экендигин дагы унутпоосу керек.

Сурамжылоонун жыйынтыгында (45 мугалимдин) мугалимдердин 20 % үлүшү окуу прцессинде окуучулар менен демократиялык формада баарлашаары белгилүү болду б.а. бул мугалимдер окутуунун жыйынтыгына жана окуучулардын инсандык өнүгүүсүнө багыт алуу менен иш аракет жүргүзүшөт. Азыркы мектептерде мындай мугалим окуучулар менен иш алып баруусу оптималдуу деп бааланат. Ал эми ошол эле мугалимдердин 80% бөлүгү окуу процессинде окуучулар менен баарлашуусу авторитардык формада жүргүзүлөөрү анык болду. Бул мугалимдер окуу процессинде окуучулардын эмоционалдык жагдайына терс таасир тийгизүүчү кырдаалды түзүп, мазмуундук баалоого көп көңүл бурулбайт. Демек, баалоо процессии боюнча теориялык дагы, прикладдык дагы багыттагы изилд==л=р зарыл.

Адабияттар:

1. Сияев Т.М., Боронбаева Д.Э. Башталгыч мектепте окуучулардын окуу жетишкендиктерин аныктоонун өзгөчөлүктөрү. // Наука и инновация. Материалы республиканской научно-практической конференции. Посвященный 12-летию образования Нарынского государственного университета. Бишкек 2008.

2.Отчет об основных результатах исследования. Национальное оценивание образовательных достижений учащихся (НООДУ). Кыргызстан. 2008.

---

***Кадыралиева К. НМУ МБЖ жана АКД БОРБОРУ***

## КИТЕП – БИЛИМ АЛУУ ЖОЛУНДАГЫ НЕГИЗГИ БААЛУУЛУК (2009-ЖЫЛ КИТЕПКАНА ЖЫЛЫ)

Адам баласынын жаныбарлардан айырмасы рухий дүйнөгө ээ экендигинде. өзүнүн акыл эмгеги менен чыгармачылык изденүүлөрдүн натыйжасында жаңы – жаңы нерселерди ойлоп таап, аларды өндүрүшкө киргизип, адамдардын комфорт чыгармачылыгына шарт түзүп, ойлоп табуулардын негизинде жаңы – жаңы китептер, ыр, музыка, фильмдер жаралып, коомдо маданий экономика өсүүдө.

Илим, билим адамга, улутка кут алып келе турган улуу мүлк. Адам жашоосунда ага эзелтен терең баа берип келген «билим адамга канат», «билими күчтүү миңди жыгат», «илим окуу булагы, билим өмүр чырагы» - деген мааниси терең макал – лакаптар элибиздин баа жеткис нарк нускасы.

Китеп – адабий көркөм, коомдук-саясий, илимий же практикалык мазмундагы көп

барактуу басма сөз чыгармасы. Коомдук саясий жана идеологиялык күрөштүн курамы, илим-билимди жайылтуунун жана сактоонун , тарбиянын маанилүү каражаты.

Китепсиз бардык тармактагы илим-билимди билүү, таануу өтө кыйын.

«Китептей жакын досум жок» - дейт тажик элинин жазуучусу Айни.

Чындыгында китеп биздин келечегибиз, китепсиз эч качан илим-билимди кеңейтүү, өнүктүрүү мүмкүн эмес. Китеп биздин эртеңибиз. «Окуусуз билим жок, билимдүүнүн көңүлү ток» - деп элибизде таамай айтылган.

Сөзүм супсак болбос үчүн улуу адамдардын китеп жөнүндөгү ойлорун ортого сала кетейин.

«Китеп – адамдардын руханий байланышындагы көөнөрбөс көрөңгөнүн бири, ал адамды өз башатына баш багууга, жан дүйнөсүнүн сырдуу түйүндөрүн чечүүгө, учурдагы, өткөндөгү жана келечектеги турмушка сереп салып, байкоо жүргүзүүгө түрткү берет. Китеп - адамдарды байланыштырат». (Ч.Айтматов).

«Китепти сүйгүлө, ал силердин жашоо тирлигиңди жеңилдетет, адамдарды сүйүүгө, өзүңдү-өзүң урматтоого жардам берет, дүйнөгө, адамдарга карата оюңарды жана жүрөгүңөрдү эритип, көңүлүңөрдү кушубак кылат». (М.Горький).

«Китеп адамзаттын оюндагы берметтерди чогултуп туруп келечек муундарга сунуш кылат. Биз акыры жок болобуз, ал эми китеп таштан же темирден жасалган эстелик катары түбөлүккө кала берет» (Айбек).

«Дүнүйө абдан кең. өз көзүнөр менен анын кымындай үлүшүн гана көрө аласыңар. Ошондуктан далилди китептен издеп, китепти жыйнай билгиле» (В.Обручев).

«Китепти ойлобой окугандык, тамакты сиңирбей ичкенге барабар» (Э.Борк).

«Жакшы китеп автор тарабынан адамзаттын тукумуна калтырылган мурас». А.Адиссон.

Албетте, бул таамай айтылган сөздөрдүн чындыгы канчалык деңгээлде экендигин ар бир аң-сезимдүү адам аңдап билээр.

Ар кандай тарыхый, көркөм чыгармаларды окуу менен, сен тээ өткөн кылымдардын жаңырыгы болгон уламыш, аңыз кептер менен таанышасың, элдин оор күндөрү жөнүндө окуп алып кабыргаң кайышат, көзүңө жаш тегеренет. Китеп сени сөз өнөрүнүн ажайып дүйнөсүнө жетелейт. Сен бөлмөдө болсоң китеп сыртты көрсөткөн терезе, сен сапарга чыксаң, китеп сага жол, түнкү багытыңдан адаштырбас Алтын казык жылдыз.

Кыскасы, китеп сенин өмүр жолдошуң, жашоондо колдон түшпөс нан – буюмуң, өмүрлүк жан-шеригиң.

Китеп адамдын чыныгы досу жана окутуучусу, акылдуу кеңешчиси жана ишеничтүү жардамчысы. Жаш кезибизден тартып китеп биздин талыкпаган жандоочубуз болушу керек. Биздин бүткүл өмүрүбүз боюнча ал бизге эмгектенүүгө, окууга, ойлонууга, эс алууга жардам берет. Китептер бизди билимдүү кылып турмуш тажрыйбаларын үйрөтөт, көз караштарыбыздын, мүнөзүбүздүн негизделип түзүлүшүнө жана калыптанышына себепкер болот. Кубанычты, сүйүнүчтү, көңүл эргүүнү пайда кылат.

Илгери падышачылык заманда бир баланын тагдырына китеп кандай таасир тийгизгендигин карап көрөлүчү.

Баланын турмушу ушунчалык оор, аянычтуу болгон. Аны менен жашагандар абдан ачуулуу жана орой адамдар болушкан. Бала таң аткандан күн батканга чейин жаны тынбай алардын кол алдында иштөөчү. Качан гана түн жарымы болуп, кожоюндары кызуу уйкуга киргенде бала китеп окууга киришчү. Бул жөнүндө анын өзүнүн айтканын угуп көрөлүчү: «Мен турдум, китепти мештин ичинен алып чыктым да терезеге келдим. Түн жарык болуп турган, ай түз эле терезеге тийип турат, бирок китептеги майда тамгалар көзүмө көрүнгөнү жок. Ал эми окугум келгенин айтпа. Текчедеги жез кострюлду алып айдын жарыгын китепке чагылдырдым. Мурункудан да караңгы боло түштү. Албетте силер бул баланын Алеша Пешков экенин, анын бала чагында китепти кандай окугандыгын А.М.Горькийдин «Көрүнгөндүн колунда» деген повестинен экенин билебиз.

Ал китепти окуганды өтө жакшы көрө турган. Бирок тилекке каршы кожоюндары анын китеп окуусуна тыюу салган. Ошондуктан ал үйдүн чатырына, сарайга, бош мончого жашырынып алып китеп окуур эле. Ал китептен өзүнө дос жана жардамчы тапкан. Китеп ага эң кызыктуу тарых дүйнөнүн босогосун ачып, аны ары карай жетелеген.

Мына ошондуктан ал бала ырайымсыз турмуштун запкысынан кыйналып жапа чексе да көңүлү чөккөн жок.

Горький жогорку окуу жайы гана турсун орто окуу жайын да бүткөн эмес. Жалаң гана талбай окугандыктын жана эмгектенгендиктин натыйжасында ал бирден-бир маданияттуу, билимдүү, дүйнөгө белгилүү адам боло алды. Ал өзү жөнүндө: «Мендеги бардык жакшы сапаттар үчүн мен китепке милдеттүүмүн» - деп айтканы жана аны китепти сыйкырдуу деп эстегени барып турган чындык.

Кыргыз элинин улуттук руханий маданияты жөнүндө сөз козгосок узак сөз. Биз ата-бабаларыбыздын өткөндөгү турмушу жөнүндө тарыхтан билебиз Улуу муундар калтырган адептик этикалык дөөлөттөрүбүз бизге жана биздин балдарыбызга, небере чөбөрөлөрүбүзгө өзүнүн көрк ажарын жоготпой китеп аркылуу көөнөрбөй мурас болуп келе жатат.

Мекенибиздин байлыгын билүү, экономикасын окуп үйрөнүү, улуу инсандардын өмүр жолун билип , эмгегин эскерип, таазим кылуу алардан үлгү таалим алуу, эртеңки келечек ээлерине мурас калтырып жаткандыгыбызды балдардын, кийинки муундардын эсине жеткирүү үчүн албетте китептин эмгеги эбегейсиз зор. Ошондуктан китеп менен достошолу! Ал китеп менен бекем достошкуң келсе дагы эле китепканага тезинен кел!

Байыркы убакта адамдар ааламдын жети кереметин ойлоп табышкан.

1-керемет: Египет пирамидалары

2-керемет: Вавильондун асма багы

3-керемет: Эфес Артемидасынын ибадатканасы.

4-керемет: Галихариас мавзолейи.

5-керемет: Родос алпы.

6-керемет: Александрия маягы.

7-керемет: Олимптеги Зевстин айкели.

Ошол дүйнөнү таң калтырган жети кереметтин катарында дагы бир эң кызыктуу керемет албетте бул биздин колубуздагы китеп. Ал чыныгы дос каталог, бардык убакта жардамга келет, үйрөтөт, кеңеш берет.

Албетте, бул китеп. Демек жети кереметтин катарында китеп экенин унутпайлы.

Китеп бүгүнкү күндө билимдин, илимдин бирден бир булагы. «Китепсиз адамдын жашоосун элестетүү эч мүмкүн эмес» - деп элибизде китепти эң жакшы баалоо менен айтылган.

Китеп өмүргө гүл азык, китеп биздин доордун күзгүсү, кары-жаштын бардыгына бирдей кереги тийет.

***Китеп досуң, китеп сенин сырдашың,***

***Китеп өмүр, китеп жаным кыйбасым.***

***Укмуш сырлар уюп калса элде деп ,***

***Билем сенин сергек иште тынбасың.***

***Анда эмесе артык баалап китепти,***

***Акын жүрөк лирасында ырдасын.***

Китеп адамзаттын оюндагы берметтерин чогултуп туруп келечек муундарга сунуш кылат. Адам баласы бул дүйнөдөн өтөт, ал эми китеп келечек муундарга мурас, кенч болуп сакталып кала берет.

Бизге келип жеткен китептин эң байыркы үлгүсү Египеттин попирус түрмөгү, ал эми жазма китеп даярдоо биздин заманга чейин Египетте башталган.

Анан Египеттеги Грецияга, Римге өткөн. Алгачкы басма китеп XI кылымда Кытайда пайда болгон. XIII кылымдан баштап Европада кагаз колдонула баштаган. XV кылымдын 40-жылдарында Иогани Гуттанбер алгачкы «Библия» - аттуу китебин басып чыгарган.

Ал эми кыргыз элинин жазуусу тарыхый маалыматтар боюнча VI, VII кылымдарда пайда болгон. Ал жазма биздин заманга жетпей жоголуп кеткен, биз аларды ташка жазган эстеликтерден билебиз.

Мындан тышкары кыргыз элинин оозеки чыгармаларында, эпостордо жазуубуз болгондугу айтылат.

Ошол мезгилдерде кыргыздар Енисей алфавити менен жазышкан.

Енисей Орхон жазуулары илимде XVII кылымдын аягында белгилүү болгон.

Ал эми бардыгыбызга китеп окууга жол ачып «А» тамгасын үйрөткөн «Алиппе» китебин Ала-Тоонун биринчи мугалими, агартуучу, коомдук ишмер Ишенаалы Арабаев 1924-жылы Кыргыз алфавитин түзүп, Ташкентте «Алип-бээни» чыгарган. 1925-жылы «Кыргыз Алип-бээден» аттуу китеп кыргыз элине тартууланган.

Улуттук рухубузду, санжыра, тарыхыбызды, маданиятыбызды, ырасым адатыбызды изилдөөгө бул эмгектер, башкача айтканда китептер табылга боло алат.

Китеп биздин байлыгыбыз, өчпөс даңкыбыз. Акын жазуучулар өздөрүнүн чыгармачылыгын барак бетине түшүрүп, анан китеп кылып чыгарып тарыхта аты калат, укумдан-тукумга атын өчпөс кылып китеп аркылуу жеткизет. .

Илимпоздор да ойлоп табууларын ак кагазга түшүрүп, анан китеп кылып чыгарат, кыскасын айтканда сөзсүз жашоо жок дегендей, мен ойлойм китепсиз да биздин жашоо супсак болмок деп.

«Билимсизге дүйнө караңгы» - дегендей ааламдын түрдүү сырларын билүүдө ар бир адам өзүн ыймандык –маданий жактан тарбиялоодо өзүнүн руханий жан дүйнөсүн байытууда китеп эң чоң мааниге ээ.

Тилекке каршы азыркы учурда окуучулар, жаштар, студенттер адабиятка көп кызыгышпай жатышат. Жалаң чет элдик курч сюжеттеги кинолор менен ар түрдүү компьютердик

оюндарды ойноп, кулакка музыканын наушнигин сайып коюп жүрүү менен чектелбейли.

Эгерде кандайдыр бир каармандын кайгысына ыйлап, кубанычында кошо сүйүнсөң ак менен караны, жамандык менен жакшылыкты, өйдө-төмөндү ылгай билген адам болоруна шек жок.

өз эне тилимди сүйүп, өз элинин руханий нарктарын, адеп-салттарын терең билген, аларды урматтап терең өздөштүргөн чет элдик терс таасирлерге, азгырыктарга жетеленбеген, дүйнөгө сын көз караш менен карап, улуттук аң-сезимди күчтүү өнүктүрүп, илим-билимге сугарылган, патриот, Ала-Тоо журтунун сыймыктуу атуулу болуу бүгүнкү күндүн талабы.

«Дүйнөдө эң бай адам ким десе, ал китеби эң көп адам» - деп жооп берген экен бир акылман.

Бул эң туура, эң таамай айтылган сөз!

**Пайдаланган булактардын тизмеси:**


1. С.Ишенов. Китепкана биздин дос.
2. Билим, тарбия, адеп. Учебно-методический журнал.
3. «Кут билим» газетасы.
4. М.А.Рахматулаев. Китепканалардагы маалымат технологиясы. Б-2004-жыл.
5. Китепкана таануу.


---


***Б.Жусуева , НМУ***


## ИЧКИЛИК ЖАНА АНАН ЗЫЯНДУУЛУГУ

Кыргыз эли өзүнүн тили, үрп-адаты, салт-санаасы, маданияты бар улуу Эл. Тарыхка кайрылсак көчмөн кыргыздар үйлөнүү үлпөтөрүндө, аш-тойлордо күлүк чаптырып, улак тарттырып келген меймандарга эт тартып кымыз сунушкан. Ал мезгилде спирт ичимдиктерин ичүү кыргыз эллине мүнөздүү болгон эмес. Тилекке каршы бүгүнкү күндө кыргыздардын алкоголизми катастрофалык масштабдарда болуп, бүткүл коомчулукту ойлондуруп, улуттун генефонду менен келечегин коптондурган маселеге айланды. Илгертеден эле алкоголду акыл-эстин уурусу деп аташкан. Спирт ичимдиктин масс кылуу касиети жөнүндө адамзат биздин доорго чейин 800 жыл мурда эле жер-жемиштин ширесинен жана жапайы жүзүмдөн алкоголдук ичимдиктерди даярдоого мүмкүндүк берүүчүү карапа идиштер пайда болгондо эле билишкен. Таза спиртти арапттар VI кылымда ойлоп табышкан. Анны биринчи жолу 860-жылы арап Рагес даярдап чыгарган. Винодон спирт тартып чыгаруу масчылыкты кескин түрдө күчөтөт. Орто кылымда, батыш Европада күчтүү спиртти, винону ачытылган канттуу суюктуктарды тартуу жолу менен алышкан. Легенда боюнча бул операцияны италиялык монах-алхимик Валентинус биринчи болуп жасаган. Алынган продуктуну ичип көрүп, андан кату мас болуп, ал химик “картаңды жашарта, чарчаганды эс алдыра, капалануууну көңүлүн көтөрө турган кереметүү эликсирди таптым” деп жарыялаган. Ошондон тартып алкоголдук ичимдиктер арзан сырьелордон (картошка, кант өндүрүүнүн калдыктары жана башка) жана алкоголду өнөр жайлык өндүрүүнүн туруктуу өсүшүнүн эсебинен дүйнөнүн өлкөлөрүнө тез таркайт. Алкогол турмушта ушунчалык тез сиңип кеткендиктен иш жүзүндө бул темага кайрылбаган бир да сүрөтчү, жазуучу, акын болгон эмес. Адам ичип алганда анын эч кандай маселелери жоктой сезилет. Мындай абал көңүлгө жагат, өзүн-өзү баалону жогурулатат, бирок, тилеке каршы көпкө созулбайт. Көп учурда адамдар уйкузу качканда алкоголду пайдаланат.

Спирт ичимдиктерин пайдалангандардын ички органдары, биринчи ирэтте мээси жабыркайт. Психолокторлун айтуусу боюнча аракечтердин “инсаны” бузулат. Акылдуу, кайрымдуу, ак ниеттүү адам алкоголизм менен ооруп калгандан кийин, аңкоо, каардуу, орой болуп калат. Спирт ичимдигин ичкен адамдар “социалдык алкоголду колдонуучу” жана “аракеч” болуп бөлүнөт.

- Социалдык колдонуучу ушул шартта ичпейм деп айталбас үчүн спирт ичимдиктерин колдонот, бирок өзү көтөрө алгандан көп ичпейт.
- Аракеч боло турган адам көңүлүн көтөрүү үчүн маселелерден качыш үчүн спиртик ичимдиктерин колдонот.

Ичкиликти көп ичкен үй бүлөлөрдө дайыма маселелер болуп турат. Үй бүлөнүн бузулушу, тамак-аштын жетишсиздиги, жумушсуздук чыр чатактын көп болушу. Мына ушул көрүнүштөрдүн баардыгы өсүп келе жаткан жаштарга терс таасирлерин тийгизбейт деп айтыш өтө кыйын. Балдарды тарбиялоодо үй бүлөнүн ролу чоң. Атасы менен апасынын ортосундагы ынтымактык, бири-бирине болгон жылуу мамлелери балдары үчүн табылгыз бакыт. “Бир күндүк чыр чыккан үйдөн, кырк күндүк

ырысы качат"- деген накыл сөз бар. Жошоо шартынын начардыгы, жумушсуздук, айрыкча ата-энелердин мындай жашоого пессимистик көз карашы, атасы күн сайын ичип келип, түтөтүп тамеки тартса, туура эмес сөздөр айтылса үй бүлөдөгү балдарга терс таасирин тийгизбей койбойт. Арака көз каранды болгон атасы же апасынын абалын көргөн бала чоңоюп эс тартканда, ошол бала кезинен калыптанып калган чөйрөнүн таасиринен чыга албай калат. Изилдөөнүн жыйынтыгында малым болгондой, мектп окуучуларынын арасында пиво, вино татып көргөндөрдүн көпчүлүгү достордун арасында, туулган күндө, дискатекада өздөрүн улуулардай болуп көрсөткүсү келгендер, өзүн батыр сезгиси келгендер жана компаниядан чыгып калуудан корккондор болуп эсептелсе, арак ичкен үй бүлөдөн болушат. Алкогол аялдардан өмүрүн 10%га, эркетердин 15%га кыскарта тургандыгы жөнүндө маалыматтар такталган. Эгерде үй бүлөдө энеси спирт ичимдигин ичкен болсо, эненен сүтү аркылуу баланын организме барган алкоголь анын нервинин бузулушуна, акыл эсинин өнүкпөй калышына, өзгөчө боордун, жүрөк, канн тамыр системасынын жана башка орнандарынын оорушуна алып келет. Бекеринен эл оозунда "күйөөсүнүн ичкени-үйүнүн жарымы күйгөнү, аялдынын ичкени- үйү бүт күйгөнү"- деп айтылбаса керек. Кыргыздардын ичкиликке берилиши биринчиден, коомдо болуп жаткан, социалдык, экономикалык, саясий, рухий чөйрөдөгү киризис менен тыгыз байланышта. Экинчиден алкоголь ичимдиктерин өндүрүү экономиканын пайдалуу тармактарынын бири болуп саналгандыгында. Ичкиликти кыскартуунун бирден-бир жолу жаш муундар арасында дени сак жашоо образын даңазалоо менен ден солукту сактоонун маанисин күчөтүү жана жашы жетелек өспүрүмдөргө спирт ичимдиктерин сатууга тыюуу салу аракеттерин активдүү жүргүзүү болуп эсептелет. Эң оболу адамдын жашоосун бузуп ден соолугуна зыян келтирген ичкилик жөнүндө балдарга мүмкүн болушунча эртерээк, ачык, так, таасырдүү маалыматтарды берип туру зарыл. Бул үй бүлөдөгү ата-эне, мектептеги мугалим жана коомчулук тарабынан ишке ашырылышы керек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. С.Байказиев. Ата мекендик Жана дүйнөлүк этика Бишкек-2007
2. Бекембай Апыш Тарбия назарияты Ош-1996
3. Башмакова Л.Н., Горкина В.А. Вич – инфекцияны алдын алуу Бишкек 2008


---


***Б.Жусуева , НМУ***


## ОКУУЧУЛАРГА ПСИХОТРОПТУК АКТИВДҮҮ ЗАТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ТЕРС НАТЫЙЖАЛАРЫН ТҮШҮНҮҮНҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ.

Кыргыз эли эң эле байркы элдердин бири экендиги жөнүндө тарыхый маалыматтар ырастайт. Көчөн ар кандай татаал шарттарында ири тарыхый жазма эстеликтерден тартып, Ата журттун эркиндигин, биримдигин, элдин ынтымагын, ата-бабалардын нускалуу салттарын, улуттун ар намысын ыйык сактап, бийик туткан мындай түптүү кал экендиги айныгыс чындык. Улуу сөз сепилдерин укумдан, тукумга мурас кылып калтырды. Ата-бабалардан калган бул асыл баалуу руханий кенчти терең изилдеп, туура баалап, чеберчилик менен пайдалансак озунун укмуштуудай купуя сырларын улам ачып олтурарында шек жок. Ошентип, биз күчтүү руханий дараметтин негизинде билимдүү, ден соолугу чың, ыймань аруу, адептүү, абийири таза, намыскөй, кыраакы, маданиятуу, коомдун талабына ылайык жаш муундарды тарбиялашыбыз керек. Кыргыздын этникалык аң сезими бул жарыкчылыктагы жашоо тирликке тирек, түркүк боло турган асыл нарктардын бүтүндөй бир системасын иштеп чаккан. Ата-бабаларыбыз "биринчи байлык-ден соолук",- дейт. "Дени соонун – жаны соо",- деп ата-баба акылмандыгы ден соолуктун маанисин дагы да тереңирээк аныктаган. "Адамга эн оболу саламатчылык анан тынччылык керек",- деген Махмуд Кашгари. Эгемендүү Кыргызстанга азыркы учурда эң биринчи улутун саламатыгы боюнча философиясы жана идеологиясы керек. Бекем, түптүү келечекти курууга жеке адамдардын жана бүткүл улуттун дени-жаны таза болушу керек. Бүткүл дүйнөлүк Саламаттыкты Сактоо Уюму ден соолукка мындай деп аныктама берет. "Ден соолук жалаң эле оорунун жоктугу эмес, бул толук дене түзүлүш, психикалык жана социалдык жактан ойдогудай болушу". XX кылымда кыргыз тукумдары ата-бабалардын жана дүйнөлүк акылмандыктын ден соолук философиясын унуткаргандыгын жашыруунун кажети жок. Бүткүл Ала тоо аймагын каптаган канчалаган тамекинин түтүнү, аракечтик эпидемиясынын шарттарында улутубуздун саламатчылыгы кескин начарлады. Азыркы экономикалык кризис жана жаңыдан канат жайган наркотизм улуттук ден соолукка терс таасирин тийгизип, биздин келечегибиз болгон жаштарыбызды ууландырууда. Акыркы жылдарда жаштардын арасында психотроптук активдүү заттарды колдонуу кеңири жайылып жаткандыгы кимди болбосун тынчсыздандырбай койбойт. Кээ бир психотроптук активтүү заттар

адамдын эмоциясын, аң сезимин өзгөртөт, айрымдардын кабыл алуусун өзгөртөт. Булардын баары мээге таасир этет.
Эң кеңири таралган психотроптук активдүү заттар – бул тамеки, насыбай, жыттагыч клейлер. Эң коркунучтуу психотроптук активдүү заттар – бул банги заттары. Тамеки, насыбай жана алардын зыяндуулугуна ар бир инсан кайдыгер карабоо керек. Тамеки тартуу – өзүнүн психикалык абалын өзгөртүү үчүн психотроптук активдүү заттарды колдонуунун эң көп тараган формасы. Тамекидеги активдүү зат никотин деп аталат. Никотин дүлүктүрүүчү зат. Тамекинин түтүнүндү никотинден тышкары организмге өтө зыяндуу 200гө жакын зат, анын ичинде ис газы, синил кислотасы, бензпирен, ыш жана башка зыяндуу заттар бар. Никотин жалан эле чылым тарткандар үчүн зыяндуу эмес. Анын көпчүлүгү абага бөлүнүп чыгып, тегеректеги элди ууктурат. Тамекинин түтүнү ооздун, мурундун көңдөйлөрүнүн, дем алуу жолдорун жана көздүн былжыр челдерин дүйлүктүрөт. Чылым чеккендердин баарынын дээрлик дем алуу жолдору сезгенип ооруйт, ыкшып жөтөлөт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, пассивдүү же эрксиз тамеки чегүү "ышталуу, тамеки түтүнү менен дем алганы" чылым чекпеген адамга чылым чеккен адамдардай эле терс таасирин тийгизет. Кандай адамдар пассивдүү чылым чеккендер болот деген суроо туулат. Айталы кафеде, автобуста, иштеген жеринде чылым чеккен Адамдагы жанында беш саат бирге болсо өзү кошо чылым чеккендей болот. Мунун зыяндуулугу активдүү чеккен адамдан аз эмес.

**Дагы бир психотроптук активдүү зат** – насыбай. Түтөгөн түтүнү жыттанбайт деп насыбайды колдонгондор да жок эмес. Насыбай махорка сортундагы тамекини аки таш, күл менен (көбүнчөсү саксаунду орттогондон) аралаштырып даярдалат. Насыбай астынкы эрин менен тишитн бүйлөнүн ортосуна салынат. Насыбайды колдонгондо кадимки никотин менен уулангандын белгилери байкалат – көп шилекей бөлүнүп чыгат, ооздун ичи ачышат. Насыбайды колдонууга көнүп кеткенде адамдын көнүлү ачылып өзүн сергек сезиши мүмкүн. Бирок көнгөн өлчөмүн албаса көнүлү чөгүп, алы кетип, баардык нерсеге жөндөмдүүлүгү жоголуп жок жерден уруш чыгарып, уйкусу бузулушу мүмкүн. Бул затта ракка алып келүүчү жыйырма сегиз зат бар. Акыркы жылдарда психотроптук активдүү заттарды пайдаланган жаштардын айрыкча мектеп окуучулардын санынын көбөйүшү коомчулуктун глобалдуу социалдык проблемасы болуп калды. Изилдөөнүн негизинде психотроптук активдүү заттарды пайдаланууда региондордун, шаар менен айылдын ортосунда айырмачылыктар бар экендиги байкалган. Мисалы, бул заттарды пайдалана баштаган жаштардын саны Чүй, Ысыккөл, Ош облустарында басымдуу келет. Буларга салыштырмалуу Нарын облусунда азыраак кездешет, анткени биздин менталитет илгертен буга ылайыкташкан эмес. Адамдын аң сезимин жабырланткан уулуу заттарды мектеп окуучуларынын колдонушу ар бар атуулду кайдыгер калтырбшы керек. Уулуу затты колдонуп жаткан улан же кыз улутубуздун эртеңки келечеги экендигин унутпай, аларга тарбияны үй бүлөдөн, бала бакчадан, мектептен баштап жогорку окуу жайларга чейин терең жайылтуу бүгүнкү күндүн талабы. Психотропту активдүү заттарды пайдалануу мектеп окуучуларынын арасында канчалык денгээлде орун алгандыгы боюнча изилдөө жүргүзүлүп алар менен жекече ангемелешкенде төмөндөгүдөй жыйынтык чыкты. Окуучулардан эмне үчүн тамеки тарта баштаганын сураганда айрымдары "тамеки чеккенде эс аласын, бирөөгө ачуун келсе аны басат десе", экинчилери "кызыккандан", "компания үчүн", "улуулардай көрүнүш үчүн" деп жоопторду беришти. Көпчүлүк окуучулар бешинчи класстан баштаганын айтышса, айрымдары класста баардык эркек балдар тартып, мен эле тартпай жалгыз калганда мен да кошулдум дейт. Тамеки тартууга кыздардын аралашуусу да байкалды. Алардын ою боюнча тамеки тартуу бул сулуулукту берет жана кыздардын арасында лидерликти колго аласын деп түшүндүрүшөт. Шаардагы мектеп окуучуларына салыштырганда айылдагы мектеп окуучулары тамекини дээрлик азыраак чегери байкалды. Мунун себеби, алар мугалимдин жана ата-эненин көз алдында көбүрөөк болуп жана алардын бош убактысынын аз болушу. Шаардагы мектеп окуучуларынын бош убактысы көбүрөөк, алар интернет менен байланышып ар кандай чет элдик кинофилимдерди көрүп, алардан көбүрөөк таасир ала тургандыгы белгилүү. Ар бир педагог психотроптук активдүү заттарды колдонуунун алдын алуу боюнча ар кандай тарбиялык иштерди жүргүзүүсү керек. Тарбия ишин бала бакчадан баштоо зарыл. Кичинекей бөбөктөргө мультфилимдерди көрсөтүп, жомок айтып, тамекинин зыяндуулугун түшүндүрүү ар бир тарбиячынын милдети. Мектеп окуучусуна тамекинин зыяны адамдын ден соолугуна аң сезимине жана социалдык абалына терс таасирин тийгизерин класстык сааттарда, ата-энелер чогулушунда, атайын өткөрүлүүчү семинарларда толук маалымат берилиши керек. Эгерде окуучу улан же кыз тамеки, насыбай көбүрөөк пайдаланса анын окууга болгон жөндөмдүүлүгү жоголот айлана-чөйрөгө болгон көз карашы өзгөрөт жана үй бүлөдөгү каражат маселесине таасирин тийгизет. Болжол менен бир адам эки күндө бир пачка тамеки чексе, бир айда 15 пачка тамеки, бир жылда 180 пачка тамеки чегет. Ар бир тамекини 10 сомдон эсептегенде бир айда 150 сом, бир жылда 1800 сом чыгым алып келет. Бул үй бүлөдөгү бир адамга кеткен чыгым. Көптөгөн изилдөөлөрдөн адам 10 жашынан тамеки тартса 30 жашында рак оорусуна чалдыгарын жана тамеки тарткандардын 50% 70жашка чыгары күмөн экендиги белгилүү болгон. Орус элинин **"уул тарбияласан эркекти, кыз тарбияласан**

**улутту тарбиялайсын”** деген макалы эске түшөт. Эркек Ата мекенди коргойт, ал жоокер, эркек үй бүлөөнүн ээси, багарманы. Эгер ал тамекини жаш кезинен тартса, анын ден соолугу түтүнгө ууланса, кантип мекенди коргойт, кантип үй бүлөсүн багат. Тамеки тарткан кыздарыбыз келечекте эне боло алабы, тамекинин зыяны баланын нормалдуу өсүшүнө жана төрөлүшүнө терс таасирин тийгизерин кимдер билбейт. Коомубузда мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын көбүрөөк төрөлүп жаткандыгы мунун айкын күбөөсү. Мектеп окутуу менен тарбияны айкалыштырып жүргүзүү керек. Көпчүлүк мезгилдерде окутуу процессин алдыга коюп тарбияны 2чи орунга койгон мезгилдер да кездешет. Мейли адам билимдүү болсун, бирок, анын ден соолугу начар, эмгекке жөндөмдүүлүгү жок болуп, коомубузда иш менен камсыз болбогон дагы бир адамдардын катарын пайда кылып жатат. Жаштарга бул психотроптук активдүү заттардын механизми тийгизген таасирин өз убагында маалымдап турсак, аны колдонууга бөгөт коёр элек. Тамеки тартуу, насыбай сыяктуу терс көрүнүштөрдү колдонуунун терс натыйжаларын түшүнүүнү калыптандыруунун бирден бир жолу;

- жаш муундар арасында профилактикалык программаларды жайылтуу,
- дени сак жашоо образын даңазалоо, жайылтуу
- ден соолуктун маанисин күчөтүү.

Адамдын ден соолугуна коркунуч туудурган илдеттердин зыяндуулугу тууралуу балдарга мүмкүн болушунча эртерээк ачык жана так маалматты байма-бай маалымдап туруу зарыл. Калыптанып калган стереотип көз карашты жоюп, үйдөгү ата эне, мектептеги мугалим бала менен “тыюу салынган” темалар боюнча канчалык ачык, эркин сүйлөшсө каптап келаткан терс адаттардан ошончо эрте арылабыз. Педогогика илиминин учурдагы приориттеттүү багытарынын бирине – дал ушул адамдын сергек жашоо көндүм, адаттарын калыптандыруу сыяктуу орчунду маселе айкалышы керек.


**Колдонулган адабияттар:**

4. С.Байказиев. Ата мекендик Жана дүйнөлүк этика Бишкек-2007
5. Бекембай Апыш Тарбия назарияты Ош-1996
6. Башмакова Л.Н., Горкина В.А. Вич – инфекцияны алдын алуу Бишкек 2008


---


***К.Б.Жапарова***


# ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ ПЕДАГОГА КАК СУБЪЕКТА ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

Профессиональные характеристики педагога как субъекта педагогической деятельности проявляются в их совокупности, поскольку учитель как личность, активно действующий субъект педагогического взаимодействия – это целостная сложная система. Эта система может рассматриваться как некоторый обобщенный психологический портрет педагога, метафорическая форма представленности обобщенного личностно-профессионального образа учителя. Характеристики этого образа складываются в общественном сознании постепенно в результате наблюдений, теоретических и экспериментальных обобщений. При этом наиболее явно они представлены в психологическом портрете педагога среднего образовательного учреждения. Именно такой учитель обладает наиболее развитыми профессионально-предметными, личностными (индивидуально-психологическими) характеристиками и коммуникативными (интерактивными) качествами в их совокупности по сравнению с учителями любого другого уровня и формы образования.

Психологический портрет педагога любого учебного звена включает следующие структурные компоненты: индивидуальные качества человека, то есть его особенности как индивида – темперамент, задатки и так далее; его личностные качества, то есть его особенности как личности; коммуникативные (интерактивные) качества; статусно-позиционные особенности, то есть особенности его положения, роли, отношений в коллективе; деятельностные (профессионально-предметные), внешнеповеденческие показатели. Специфика набора и сочетания названных компонентов определяет психологический портрет педагога для каждого этапа обучения и, в частности, обучения и воспитания в начальном и среднем образовательном учреждении.

К профессионально важным характеристикам психики работающего со школьниками всех возрастов педагога могут быть отнесены: сила, уравновешенность, высокая мобильность нервной системы; умеренная экстравертированность; эмоциональная (преимущественность положительных эмоций – радости, удовольствия) устойчивость (высокий уровень невротизма педагога профессионально противопоказан в образовательных учреждениях); уровень интеллектуального развития не ниже нормального и по характеристикам внимания; высокий уровень способности воображения, представления, фантазирования. Одним из основных профессионально значимых качеств

психики педагога школы является эмоциональная устойчивость, которая проявляется в том, насколько терпеливым и настойчивым является учитель при осуществлении своих замыслов, насколько характерны для него выдержка и самообладание даже в самых замыслов, насколько характерны для него выдержка и самообладание даже в самых неблагоприятных стрессовых ситуациях, насколько он умеет себя держать в руках в условиях отрицательных эмоциональных воздействий со стороны других людей. Термин «психологическая устойчивость» деятельности педагога обозначает синтез свойств и качеств личности, позволяющий уверенно и самостоятельно в различных эмоциональных условиях выполнять свою профессиональную деятельность. Обладать психологической устойчивостью в профессиональной педагогической деятельности – это значит, в условиях такой деятельности уметь быстро ориентироваться в измененных условиях жизни, находить оптимальные решения в сложных нестандартных ситуациях и сохранять при этом выдержку и самообладание. Психологическая устойчивость зависит от: умения сознательно управлять своей деятельностью, создавать оптимальный режим работы, умение дозировать и поддерживать психическую нагрузку на том уровне, который обеспечит оптимальную работоспособность, характера деятельности и успешности ее выполнения, умения правильно оценивать свои силы и находить тот оптимальный стиль поведения, который обеспечивает успешную деятельность, уверенности в своих силах, стабильности возбуждения в сочетании с сознательным управлением эмоциональным состоянием.

К необходимым личностным (индивидуально-психологическим) качествам педагога в школьных учреждениях могут быть отнесены: а) адекватность самооценки и уровня притязаний, б) определенный оптимум тревожности, обеспечивающий интеллектуальную активность воспитателя, в) целенаправленность. В общечеловеческом смысле это должен быть расположенный к людям (к детям), сердечный, гуманный, внимательный и искренний человек, который всегда имеет в виду их социальную незащищенность и может видеть себя в детях, встать на их позицию.

Характеризуя статусно-позиционные качества педагога учебного учреждения, необходимо подчеркнуть важность пластичности и легкости смены преподавателем социальных ролей (роли учителя, советчика, друга, родителя, и так далее), готовности принять на себя позицию ребенка. Учитель должен проявлять уважительное, заинтересованное отношение к тем ценностям, которые составляют содержание позиции ребенка, каким бы простым и неинтересным оно не показалось.

Коммуникативные (интерактивные) качества педагога, обусловленные его индивидуально-личностными особенностями, отражают особенности партнеров педагогического общения – школьников и их родителей. Учитывая особую чувствительность детей к неискренности, фальши, необходимо подчеркнуть важность такого качества педагога как его общительность, подлинная заинтересованность в самом общении, а не в его результате как проверке усвоения программного материала.

Адаптация человека остается одной из наиболее актуальных медико-биологических, социальных, психологических и других гуманитарных проблем в условиях постоянно изменяющейся социально- экономической обстановки. В отечественной психологической литературе сложилось представление о профессиональной адаптации личности как о процессе, который не заканчивается с получением диплома об образовании, а только начинается.

Профессиональная адаптация понимается как, с одной стороны, процесс вхождения индивида в профессиональную среду, усвоение профессионального опыта, а с другой стороны, - процесс активной реализации накапливаемых профессиональных знаний, как выбор оптимального поведенческого решения, предполагающего непрерывное профессиональное саморазвитие. Таким образом, речь идет о взаимном приспособлении человека и профессиональной среды, о том, что профессиональная адаптация носит характер активного процесса, где человек не только приспосабливается к профессии, но и профессию приспосабливает к себе, своим личностным особенностям, творчески преобразовывает ее к своему опыту. Существует так же положение об адаптированности как о динамическом равновесии в системе «человек – профессиональная среда». Профессиональное становление, как и всякая другая активность, начинается с готовности, установки, в которой наряду со всеми другими, отражены и социальные стремления, цели, требования, ожидания. Временная компетентность, адекватные временные представления и временные ориентиры педагога являются системообразующими факторами в процессах развития социальных установок деятельности и профессионального становления. Этапы профессиональной адаптации и развития социальных установок деятельности педагогов имеют сходную временную динамику, обусловленную длительностью педагогической деятельности и изменением содержательных компонентов социальных установок.

Список литературы:

1. Баранов А.А. Стрессоустойчивость и мастерство педагога. - Ижевск, 1997. – 108с.
2. Выгодский Л.С. Педагогическая психология. - М.: Педагогика – Пресс,1998. – 536с.

3. Гришина Н.В. Я и другие: Общение в трудовом коллективе. -Л.: Лениздат, 1990. -174с.
4. Климов Е.А. Психология профессионального самоопределения. -Ростов-на-Дону: Феникс, 1996. 512с.
5. Маркова А.К. Психология труда учителя.- М.: Логос, 1993.-356с.
6. Митина Л.М. Психология развития конкурентоспособной личности. - Воронеж: МПСИ, 2003. -400с.
7. Пряжников Н.С. Психология труда и человеческого достоинства. - М.: Академия, 2001. -480с.

# ФИЛОЛОГИЯ

***А.Т. Турдугулов, пед.и.к, НМУнун профессору***

## АКЫНДЫК ПОЭЗИЯДАГЫ САЛТТУУЛУК: ЖЕКЕЛИК ЖАНА ЖАЛПЫЛЫК БЕЛГИЛЕР

Акындык поэзия элдик оозеки чыгармачылыктын кыртышынан □нүп чыгып, алгач фольклордогу салттуулук белгилерден азык алды, формалык жана мазмундук жактан жанрдык жана тематикалык жактан фольклорду кыйла байытты. Салттык поэзия катары акындык поэзия ошол эле мезгилде индивидуалдык башат мүнөзүнө ээ. Чыгармачылыктагы жекелик белги – касиеттер, асыресе, бир нече факторлор менен түшүндүрүлөт. Мындан жыйырма жыл мурда жарык көргөн академиялык басылмада[3] ал факторлордун бири гана белгиленген. «Акындык поэзия – байыркы замандардан бери жашап жана өнүгүп калган салттуу поэзия. Оозки эл ырларын таланты бар адам түзсө, аны кийинкилер улантып айтып, улам жаңы кошулгаларды киргизэри белгилүү. Ошондой болсо да акындык поэзия менен оозеки эл чыгармачылыгынын ортосунда тематика, мазмун, жанр жагынан окшоштук бар (бул – салттуулук!). Бирок, акындардын чыгармачылыгында белгилүү даражада индивидуалдык башталыш бар экенин эстен чыгарууга болбойт. Акындык поэзиядагы индивидуалдык башталыш эмне менен мүнөздөлөт? Баарынан мурда тигил же бул акын чыгарган ыр анын наамында сакталгандагы»[4]

Ырас, акындык поэзиядагы жекелик белгилер ушуну менен гана түшүндүрүлбөйт, анын мындан башка да факторлору бар. Экинчи бир фактор – акындын салттуу поэзияны ырдап жатып, анын тематикасына, мазмунуна, формасына өзүнүн жеке тажрыйбасын, талант дараметин, дүйнөтаанымын, түшүнүктөрүн кошуп аларды андан ары байытат , өркүндөтөт, өнүктүрөт. Айталы, Боогачы белгилүү «Үкөйүнд□» «агарып аткан таң менен, кызарып баткан күн менен» сыяктуу элдик салттуу ырды (фольклор) пайдаланып – өзүнүн жеке сезимин, махабатын ырга салбады беле...

---

[3] Акындар чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. –Фрунзе: Илим, 1988.
[4] Акындар чыгармачылыгын тарыхынын очерктери. –Фрунзе: Илим, 1988.30-бет.

Мындай ык форма ар бир эл чыгармасында бар, ар бир эл ырчысында жолугат. Ошол эле Арстанбек, Жеңижок, Токтогул, Барпы, Калык, Осмонкул,... бул тизмени узакка улантуга болор эле. Дегинкиси, чыгармачылыктагы салтттулук түшүнүгү адабияттаануда, адабият жана искусство теориясында атайы изилдөө объектисине алынган. Поэтиканын орчундуу маселеси катары «традиция» термини менен түшүндүрүлүп жүрөт. «Русский богатырский эпос», В. П. Аникин «Русский фольклор» деген эмгектеринде орус фольклористи Аникин бул түшүнүккө кеңири аныктама берген: «Традиция – көптөгөн кылымдардан бери укумдан – тукумга өтүп сакталган, турмуш таразасынын өтүп, такшалган, такталган идеялык – көркөмдүк баалуулуктардын жыйындысы», деп «совокупность идейно – художественных ценностей» түшүнүгүнө алып барат. Филология илиминин доктору КР УИАнын корреспондент - мүчөсү Р. Кыдырбаева менен филология илиминин доктору, профессор К. Асаналиевдин берген аныктамасына ылайык «Традиция анчейин курулай көчүрүлүп келинбейт» Акын өзүнүн мурдагы адабият ишмерлеринин идеялык көркөмдүк ыкмаларын терең өздөштүрүү менен бирге аны жаңы турмуштук шарттарга, кырдаалдарга карата пайдаланат».[5]

Төкмө ырчылар, жазгыч акындар, манасчы-жомокчулар, айтуучулар элдик шайырлар (Калыгул, Балык, Музооке, Келдибек, Акылбек, Тыныбек, Чоюке, Айтыке, Арстанбек, Чоңду, Эсенаман, Солтобай, Молдо Нияз, Нурмолдо, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч, Жаныш, Дooран, Ботобай, Жеңижок, Токтогул, Калмырза, Кара Курман, Жаңыбай, Эшмамбет, Сагынбай, Шапак, Молдобасан, Акмат, Багыш, Сагынбай, Жаманкул, Коргол, Калык, Барпы, Осмонкул, Алымкул, Актан, Сарыкунан, Токтонаалы, Казыбек, Боогачы, Ысак, Ысмайыл Жоошбай, Көкөтөй, Карачунак, Куйручук, Бекназар, Шаршен) чыгармачылыгында зарыл болгон ыкмаларды, метод – формаларды, салттуу жөрөлгөлөрдү оозеки түрдө кабыл алып, фольклордогу салттуу поэзияны чыгармачылыктын негизги булагы катары пайдаланышты.

Акындык поэзиядагы салттуулук асыресе, ошол чыгармачыл инсандардын өмүр - өлүм темасындагы философиялык идеяларынан тартып, табият көрүнүштөрүн сүрөттөөлөрүнө чейин, саламдашуу, алымсабак айтыштарынан тартып, эл - жер, мекенди даңазалаган ырларына чейин сүйүү лирикаларынан тартып, жамакташтырып ырдоонун формаларына чейин, мактоо, кордоо ырларынан тартып, керээз, жоктоо, эскерүү ырларына чейин кеңири пластагы чыгармачылыгынан көрүнөт.

Акындык поэзиядагы өмүр, өлүм жөнүндөгү ырларда жалпылык белгилер абдан даана көрүнөт. Адамга бир гана бериле турган өмүрдүн барктуулугу, баамдуулугу ал эми өлүмдүн катаал, ташбоор, трагедиялуулугу бул түшүнүктөрдүн табиятынын карама – каршылыктуулугу алмуздактан бери жашап келе жаткан оозеки сөз өнөрүнөн баштап, акындык өнөрдө, профессионал жазма адабиятта, көркөм өнөрдүн башка түрлөрүндө туруктуу темага айланган. Бул контраст түшүнүктөрдү ар ким ар кандай формада чагылдырып келди. Асыресе, акындык поэзиянын объектисиндеги эң көп жолуккан туруктуу темага айланганын тануута болбойт. Тээ орто кылымдарда өмүр сүргөн ысымдары бизге уламыш аркылуу жетип олтурган Бука ырчы, Асан кайгы, Токтогул ырчы, Үмөт уулу Жайсаң сыяктуу эл акындарынын тартып, XVIII – XIX кылымдардагы андан берки бүгүнкү күнгө чейинкиси акындардын адабий мурастарынан өмүр, өлүм темасын арбын жолуктурууга болот.

Өкөн өмүр- качкан куш,
Кайтып келбейт ордуна,
Булут минсең жетпейсиң,
Мурунку өткөн жашыңа

Шамал минсең жетпейсиң
Санаа менен өмүргө,
Санасаң айла таппайсын,
Ажал менен өлүмгө.

Бул саптар кадимки Калыгулга таандык болсо, даанышман акын Барпы «өмүр бар жерде ажал бар, өзөктү үзөөр тажаал бар» деп келип, мындай дейт.

Өмүргө ажал дос эмес,
Өмүрдүн жолу бош эмес.
Өмүр деген –жарык күн,
Өлүм деген-кара түн,
Өмүр- жандын үмүтү,
Өлүм -жандын күйүтү.

Ал эми Токтогулдун «Өмүр», «Карылык», «□лүм алдындагы ыры» сыяктуу мурастары форма –мазмуну, мотиви боюнча элдик оозеки адабияттын үлгүсүндө ырдалганын баса белгилөө зарыл. Ал элдик поэзиянын өкүлү, анын поэзиясы турушу менен элдик поэзия. Ал элдик бай мураска кайрылып, эл оозунда айтыла жүргөн «арыбас ат, карыбас эр болбойт» деген нускалуу сөздү □з ырларында пайдаланып, көркөм иштеп чыгып, минтип ырдады.

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу.

Өмүр, өлүм жөнүндөгү философиялык мотивдеги ырлар, казалдар, поэма дастандар эл ырчыларынын кайсы бирин алба, баарында, айрыкча Калыгул, Арыстанбек, Токтогул, Барпы, Калык, Коргол, Жеңижок сыяктуу меселчи, нускоочу, төкмө акындардан тартып, Нурмолдо, Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Молдо Багыш, Казыбек сыяктуу жазгыч

---

[5] Кыдырбаева Р.З. Асаналиев К. Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгү.- Бишкек- 2004.518-бет.

акындарга чейин оозеки адабияттын үлгүсүнө салып, профессионалдык жаңы бийиктикке алып чыгышканын көрүүгө болот.

Акындар поэзиясындагы салттуу мүнөз күтүп, оозеки поэзиянын ыргагы менен куюлуштурулуп айтылган туруктуу тематиканын дагы бири терме,санат_насыят, үлгү ырлар.

Адыры болбой тоо болбойт,
Аркары болбой зоо болбойт.
Карысы болбой эл болбойт
Өрдөгү болбой көл болбойт
Калыгулдан

Алганың жакшы болгон соң,
Ачылган гүлдөй гүлдөйсүң.
Айдыңында жазгандын
Апта сайын бүрдөйсүң,
Бары - жогуң билинбей,
Бакылдап чоң сүйлөйсүң.
Корголдон

Мындай саптар илгертен эл аралап келе жаткан оозеки адабияттан да, эл акындарынын ар биринин санат- насыят, терме ырларында арбын жолугат.

Салттуу поэзияга айланган дагы бир туруктуу тема салт ырларындагы саламдашуу, учурашуу ырлары же эскерүү ырлары. Жеңижок менен Арстанбектин, Токтогул менен Корголдун, Эшманбет менен Токтогулдун, Осмонкул менен Калыктын, Тууганбай менен Корголдун, Барпы менен Токтогулдун, жана башка көптөгөн учурашуу, саламдашуу айтыштары форма жагынан фольклордук мативде болгону менен ар биринин өзүнө мүнөздү болгон жекелик белгилери бар.

Акындык поэзияда салттуу мүнөз күтүп,жалпылык жана жекелик белгилерин алып жүргөн дагы бир туруктуу тема- сүйүү ырлары. Фольклордогу «күйдүм», «секетбай» мотиви дал ошол сүйүү ырларында андан ары улантылат. Буга акындык поэзияда толуп жаткан мисалдарды тартууга болор эле. Мында бир гана Боогачынын «Үкөйү» менен гана чектелгени турабыз. Анткени Боогачынын «Үкөйү» - накта фольклордук ыкма, мотивди боюна сиңирүү менен, түбөлүктүү бул темага карата жеке акындын жеке түшүнүктөрү топтоштурулгандай.

Алтындан чачпак сооруңда,
Айчылык кетсе оюмда.
Алтындай болгон Үкөйүм,
Ай тийбес тоонун боорунда.

Күмүштөн чачпак сооруңда,
Күнүлүк кетсем оюмда.
Күмүштөй болгон Үкөйүм,
Күн тийбес тоонун боорунда.

Алалуу жаман элде бар,
Ашыктык дарты менде бар.
Аламын деп ала албай,
Үкөйүм…
Ал милдетиң менде бар.

Салттуу поэзиянын бул мыкты үлгүсү биресе жалпылык-жекелик касиет-белгилерден куру эмес, биресе, «акындын жыштык курагын, жигиттик ышкысын, махабат жалынын ич күйүтүн көркөм чагылдырган чындык деген негизи бар лирикалык чыгарма. Ырдын текстине керектүү сезимдин ыргагында түзүлгөн сөз менен музыка , бийик мукамдуу кооз үн, аткаруучулук жөндөм айкалышып, эл ичинде түбөлүк түнөк алды».[6]

Фольклористика илиминин теориясы менен тарыхында традициялуулук (салттуулук) түшүнүгү ошол эзелтеден бери эл оозунда оозеки формада жашап келе жаткан көркөм мурастын мазмундук – формалык, тематикалык мүнөзү менен гана байланыштырылбай, анын жаралуу, калыптануу генезиси менен эволюциясына да байланыштуу каралат.

Демек, фольклордун кыртышынан өнүп чыккан акындык поэзияга да дал ушул белгилер мүнөздүү. Башка маселе, коллективдүү (жалпылык) мүнөзгө ээ болгон мындай чыгармачылыктын түрү, формасы фольклордо эмес, акындык поэзияга өткөн стадиясында гана жалпылык мүнөзүн жоготпой туруп, индивидуалдык (жекелик) касиет белгилерге ээ боло баштайт. Традициялык мүнөзгө ээ болгон чыгармачылыктын эволюциясы так мына ушунусу менен диалектикалык мүнөзгө ээ.

---

*А. Жороев*
*БатМУнун Кызыл - Кыя гуманитардык институтунун ага окутуучусу*

## «ОГУЗ НАМЕ» ДАСТАНЫН ОРТО МЕКТЕПТИН VIII КЛАССЫНДА ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

Республиканын жалпы билим берүүчү кыргыз орто мектептеринде улуттук адабиятты окутуунун мамлекеттик программасында [7] «Огуз наме » дастанын «Түрк элдеринин адабий мурастарынан» деген бөлүмдүн астында окутууну сунуш кылат да, буга жалпы 3 саат убакыт караган. Программанын талаптары боюнча мугалим аталган дастанды окуучуларга

---

[6] Кыргыз адабиятынын тарыхы. IV том. – Бишкек, 2002. 254- бет.

[7] Кыргыз адабиятынын программасы: V-XI класстар. Түзүүчүлөр: С. Байгазиев, А. Муратов. –Бишкек: Педагогика, 2000.

үйрөтүүдө төмөнкүдөй теориялык маселелерди жетекчиликке алышы керек: Түрк элдеринин адабий маданий мурастары жөнүндө жалпы маалымат. Тарыхый доордун мүнөзү, социалдык, экономикалык жана географиялык өзгөчөлүктөр. "Огуз Наме» – түрк элдеринин байыркы турмушун баяндаган адабий-маданий жана тарыхый мурас. Баяндын жазылуу жана таралуу тарыхы. Андагы көтөрүлгөн тема жана идея. Тилдик өзгөчөлүктөрү. Жалпы адамзаттык, патриоттук, достук жана ыйман маселелери. Чыгармадагы фольклордук мотивдер.

Байыркыдан берки узак тарыхы бар улуу түрк жамаатынын бир бутагы катары бир убактарда кыргыз элинин да өзүнүн жазуу-сызуусу, кадимкидей жазма адабияты болгону маалым. Буга «Огуз каган» («Огуз наме») дастаны, Орхон-Энесай жазма эстеликтери, Баласагындык Жусуптун «Куттуу билими», Махмуд Кашкарынын «Түрк тилдеринин жыйнагы» ж.б. айкын күбө. Мындан 12–13 кылым илгери кыргыз эли гүлдөгөн маданиятка, күчтүү мамлекеттүүлүгүнө ээ болуп, Борбордук Азиянын ошол кездеги тарыхына өзгөчө зор таасир тийгизип турганы анык. Анан эле улам биринин артынан экинчиси уланган кыргын согуштарга, кыйын кезе□дерге кабылып, кат-сабатынан, өнүккөн маданиятынан кол жуушка туура келди. Жыйынтыгында элибиз бир канча кылымдарга артка сүрүлүп, ыкара□гылыктын кучагында калды. Анын кесепеттери жалпы журтчулугубуз үчүн орду толгус, абдан оор жоготуу болду. Ошондон улам цивилизацияга, эгемендүүлүккө жетишкен мына бүгүн да өзүбүзгө энчилүү адабий мурастарга толук ээ боло албай келебиз. Антпегенде жогоруда аталып кеткен чыгармаларды жалпы түрк элдерине тиешелүү, орток мурас деп жалтайлап турбас элек. Канткен күндө да ал эстелик-мурастарга азыркы боордош түрк элдеринин ичинен кыргыздардын укугу басымдуураак экени да чын.

«Огуз каган» («Огуз наме») дастанынын алгач келип чыгыш жана окуяларды чагылдырыш мезгили Күлтегин эстелигинен бир канча кылым артка жылат. Бул улуу мурас азыркы көпчүлүк түрк калктарынын, анын ичинде кыргыз элинин да жазма жана оозеки эстеликтеринде өз изин калтырганы белгилүү. Чыгарма башкы каарман Огуздун (кыргыз санжырасында Угуз хан деп айтылып жүрөт) ар кайсы жерде чачылган түрк урууларын, ошондой эле кошуна турган жакынкы жана алыскы элдерди күч менен болсо да бириктирип, бирдиктүү бир күчтүү мамлекет түзүү аракетин, бүтүргөн да□ктуу иштерин чагылдырууга арналган. Белгилүү окумуштуу, академик Н.Я.Бичурин дастандын тарыхый негизи гана эмес, андагы Огуз кагандын прототиби да бар экенин айтат. Ал – Те□ир куту Модэ, Ыйсанын жыл санагына чейинки 209- жылы такка отурган хунндардын каганы. Дастан көлөмү анчалык чоң болбогону менен анын ички мазмунунун терецдиги, масштабдуулугу, жогорку көркөмдүгү, эстетикалык бийик дарамети окуган адамды азыр да таң калтырат. Чыгарма чыныгы классикалык поэтикалык көркөм туунду мисал дүйнөлүк шедеврлердин катарынан орун алууга толук татыктуу. Арийне, бул дастан алиге чейин толук изилденип бүтө элек, өзүнүн нарк-кунуна ылайык тийиштүү баасын да ала элек.

Дастандын кол жазма түрүндө сакталып калган бир нече варианттары бар. Бири – уйгур кол жазмасы менен XIII кылымда жазылган нуска, дагы бири – Фазаллах Рашид ад-Дин тарабынан XIV кылымда жазылган нуска. Кийинкиси XVII кылымга таандык. Бул варианттар боюнча окумуштуулар: В.Радлов, В.Бартольд, Н.Бичурин, А.Щербак ж.б. өз ойлорун, изилдөөлөрүн жазышкан.

«Огуз каган» дастанын эпос деп, мифологиялык-баатырдык эпос эсебине кошсо да болот. Бирок «Огуз каган» кыргыздын кадимки баатырдык эпосторуна салыштырмалуу өтө чакан, болгону 378 ыр сабынан турат. Ушундан улам аны дастан деп эле атай бергенибиз ылайыктуудай.

Дастанды уйгур кол жазмасынан орусчага А.Щербак которгон, андан Ч.Өмүралиев кыргызчалап, «Ала-Тоо» журналынын 1989-жылдагы № 9- санына жарыяланган.

Дастандын сюжеттик өзөгүн беш тарамга (бөлүмгө) бөлүүгө болот. Биринчи тарамына башкы каарман Огуздун төрөлүшү, балалыгы жана эр жетиши киргизилет. Экинчи тарам анын үйлөнүшү жана балалуу болушу жөнүндө баяндайт. Үчүнчүсү каармандын каган деп жарыяланып, жортуулга аттанышы тууралуу. Төртүнчү тарамда Огуз каган башында турган түрк урууларынын же□иштери тууралуу сөз болот. Акырында (бешинчи тарам) аксакалдар осуяттары менен Огуз кагандын керээзи жөнүндө айтылат.

Эпостун кыргызча котормосу мыкты иштелген, ошондуктан чакан көлөмгө чо□, абдан бай сюжет батырылган. Каармандын төрөлүшүнөн, анын сүрөттөлүшүнөн мисал келтирели:

«Ай каган көз жарды да болду уулдуу.
Баланын өңү чырайы көк чаар эди.
Эрини алоо, көзү өрттөй,
Чачы, кашы кара эди.
Тектүүдөн тендеши жок көрктүү.
Ошол уул бир оозанып энесинин ак уузун,
Мындан артык эмбеди».

Чыгарманын башы айрыкча мифологиялык мүнөзгө ээ. Баланын жигит болуп торолушу жөнүндө минтип айтылат:

«Тилге келди. Чийки эт, а□, сузмө тиледи,
Кырк күн өттү, ойноп кетти.
Бука сындуу, бөрү белдүү,
Булчу□ жоорун, аюу көөдөн,
Бүт бадани түк эди.
Күтүрөтүп жылкы күтүп,
Күлүк тандап минер болду,
Кийик уулап жүрөр болду.
Кун өттү, ай, жыя тозду. Жигит толду».

Мифологиялык мотив Огуздун кыямат менен кармашканында, үйлөнүшүндө да кашкайып көрүнөт. Ал кадимки адамдардай эмес, жомоктогу эпикалык каармандардай «эпикалык салт» боюнча үйлөнөт. Көк Те□ирдин шооласынан бүткөн нур төгүп тартуу кылган кереметтүү бир сулуу кызга баш кошот. Андан төрөлгөн балдарына Күн, Ай, Жылдыз деп ат коёт. Ал мындайча болот:

«Жана бир күн бир жерде,
Көк Тещирине сыйынууда эле.
Күүгүм уюду.
Көк те□ирден көгүлжүм нур куюлду.
Күндөн жарык. Айдан каарлуу
Огуз каган жүрүп берди. Көрдү анан
Ал жарыктын арасынан бир кызды,
Жандан жалгыз. Көркү арбаган
Нурдай сулуу жан эле,
Ма□дайында шоолаланган жарык мещи бар эле,
Алтын казык дегидей!
Көз талыткан көркү ушунча –
Күлсө Көк Те□ири кошо күлөөр,
Ыйласа Көк Те□ирде түн тунөрөр!
Бир көрүп ашык болду.
Алды аны. Бирге жатты. Балын татты».
Бүттү бойго, Күндөн күн өтүп, айы жетип,
Ал бийкеч көз жарды да балкайган үч уул тапты».

Ошентип, Огуз кагандын ала турган жары да кадимки бийкечтерден айырмаланган, алардын үйлөнүшү да, балапуу болуп, аларга ат бериши да мифологиялык мотивде өнүгөт.

«Жана бир күн Огуз каган ууга чыгат», дагы бир сулуу кызды көрөт, ага үйлөнөт, дагы үч балалуу болуп, аттарын Көк, Тоо, Де□из коюшат. Каган эми элине «жалащ казы-карта чайнатып» улуу той берет.

«Той соңу Огуз каган эли, бегин кашына алып,
Мамындай жарлык айттырды дейт:
– Теңир буйруп, болдум Каганың, будан ары:
Жаа, калкан болсун куралың.
Тамга болсун буланың!
Көк бөрү болсун ураанын!».

Мындан кийинки окуя Огуз кагандын жер каратып, жоокерчилик турмуштары жөнүндө сүрөттөйт. Бирок ал элди бейчеки чаап, себепсиз кан төгө бербейт. Бул маселеде гумандуулук чыгармада абдан бекем орун алган.

Чыгарманы баштан аяк толук окуп чыккан адам бир нерсени байкабай койбойт: ал «Огуз наме» эпосунун элдик оозеки чыгармачылыктын нукура классикалык үлгүсүндө таралып, ошол тарыхый тилкедеги (мезгилдеги) элдин түшүнүгүн, диний ишенимдерин, дүйнө таанымы менен коомдук-саясий көз караштарын толугу менен чагылдырат. Көптөгөн доорлордун тарыхый окуяларын өз ичине камтыган мифологиялык жана тарыхый-турмуштук негиздерге таянган толук кандуу көркөм чыгарма катары калыптанып, улам өзгөрүп, өсүп-өнүгүп отурду, кыймылда болду.

Профессор А Абдыразаков белгилеп кеткендей, «нукура элдик көз карашты, элдик дүйнө, турмуш, коом таануучулукту так элестеткен мифологиялык-баатырдык эпос» деп «Огуз наменин» жанрын так аныктасак болот. Мындай бүтүм чыгарманын жазылуу (айтылуу) стилине, баяндоо ыкмасына, окуянын эпикалык идеалдаштыруу мүнөзүнө, каармандарды сүрөттөө өзгөчөлүгүнө карап чыгарылды.

Эпостун окуясы баштан-аяк бир каармандын тегерегинде өнүгүп отурат. Чыгарма баш каарман Огуздун туулуп, үйлөнүп, балалуу болуп, жортуулга чыгып, эл-жер каратып, көптөгөн уруулардын үстүнөн өз бийлигин жүргүзүп, акыры балдарына бийлик кылуу үчүн жер бөлүп берип, өзү карылыкка моюн сунган жерине чейин сүрөттөлөт. Анын образы – эпикалык идеалдаштырылган эпостук образ. Чыгарманын да, анда көтөрүлгөн идея да, патриоттук, достук жана ыйман маселелери да Огуз кагандын образы аркылуу берилет.

«Огуз каган» түрк элдеринин байыркы (кийинчерээк кагаз бетине түшүп) элдик оозеки чыгармачылыгынын мыкты үлгүсү болуу менен урпактарга калтырылган улуу маданий мурасы болуп калды. Анын мааниси «Манас» сыяктуу эле таалим-тарбияга карк эпикалык мурас катары жогору бааланып, өсүп келе жаткан муундар тарабынан кастарлана бермекчи.

**Сөздүк:**

**Эди** – көөнө түрк тилинде «эле» дегенди билдирет. **Бадани** – денеси. **Кыят** – мүйүз тумшуктуу миф жырткычы. **Булан** – кайберен маанисинде, чыгарманын көөнө түрк нускасында: «тамга бизге болсун булан».

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Орто кылымдардагы түрк калктарына орток жазма адабият жөнүндө эмнени билесиңер?
2. «Огуз каган» дастанын жалпы түрк элдерине тийиштүү эстелик-кол жазма мурастардын эң алгачкыларынын бири катары кароого болобу?
3. Дастандын чындык негизи, анын башкы каарманынын прототибинин болуш мүмкүнчүлүгү тууралуу эмнени айта аласыңар?
4. «Огуз кагандын» негизги темасы, идеялык мазмуну эмнеде?
5. Чыгармада элин-жерин сүйүү, анын уулу болуу, ыйман, ынтымак маселеси кандай чечилген?
6. Дастанды окуп чыккыла. Андагы башкы каармандын жандан башкача төрөлүшү, тез торолуп чоңоюшу, сындан өтүшү сыяктуу эпостук чыгармаларга мүнөздүү өзгөчөлүктөрдү аныктагыла. Ушундай көркөм ык, салттык көрүнүштүн башка элдик оозеки эпикалык чыгармаларда орун алышын эсиңерге түшүргүлө. Бул боюнча жекече ой-корутундуларды иштеп чыгып, далилдеп көрсөткүлө.
7. Дастандагы мифологиялык мотивдерге көңүл бургула. Алардын чыгарманын мазмунунан орун алышы боюнча өз оюңарды баяндагыла.
8. Огуз кагандын жортуулдарынын негизги багыттарын атагыла. Огуз каганды мүнөздөгүлө. Тексттен буга мисалдар келтиргиле.
9. Дастандын финалдык бөлүгүн чечмелегиле. Анын бүгүнкү күн үчүн маанисин ачып бергиле.
10. Чыгарманын тилине, стилине көңүл токтоткула. Котормочунун талант өзгөчөлүгүн белгилегиле.
11. Үйдөн «Огуз наменин» темасы жана идеясы» деген темада сочинение жазгыла.

___

*М.К.Көлбаева , Н.Жумабаева*

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТИЛИ ТУУРАЛУУ ЭКИ ООЗ СӨЗ

Миң-миңдеген жылдар бою калыптанып, өнүккөн эне тилибиздин, улутубуздун уюткулуу дөөлөтүн сактоо, өнүктүрүү мен кыргыз баласымын деген ар бирибиздин мойнубуздагы атуулдук парз. «Өнөр алды-кызыл тил» деп элибиз кылымдар бою сөз кудуретин туу тутуп келет. Макал-ылакаптарынын тарыхый жагдайларды камтыгандыгы, көркөм чыгармаларынын турмуштук маанисинин тереңдиги жана калк турмушунда өтө кеңири колдонулгандыгы жагынан дүйнө жүзүндө кыргыз элине тең келген эл жок деген маалымат бар. Өмүрдүн, жашоо тиричиликтин ар бир урунттуу учурларына арналган ак баталарда куюлуштура айтылган сөз тереңдиктер бир гана кыргыз элинде өнүккөн өзгөчөлүк. Кылымдар бою кыргыз турмушун коштоп келген ак таңдай акындык, күндөп-түндөп, жумалап дастан, санжыра, жомок айтмай кудурет дүйнөдө бир гана кыргыз элиндеги улуу дөөлөт.

Дегеним кыргыз тили жөнүндө сөз болгондо залкар жазуучубуз Ч.Айтматовдон, ал эми Ч.Айтматов жөнүндө сөэ болгондо кыргыз тилинен айланып өтүү эч мүмкүн эмес. Адабият жана кыргыз тил илиминде экөө тең бирдей карала турган маселелерден болуп саналат. Ооба, Чыңгыз кыргыздын - эл экендигин, тили-кыргыз экендигин дүйнөгө таанытып жар салган улуу инсан. Агайыбыз бул дүйнөгө карт тарыхы бар элибиздин даңкын чыгарайын, атагын ааламга таратайын деп жаралгандай сезилет. Кыргыз элинде ушундай таланттын жаралышы соңку кылымда жоюлуп кетүү коркунучунда турган кыргыз эллин кайрадан жандантып, жер бетине бирдей жарык чачкан күн сыяктуу жаркырата алды. Жазуучунун чыгармачылыгын окуп бүтүп, талдап чыгуу аз убакыт жана оңой иш эмес. Анын чыгармаларынын тилине гана назар салып көрсөк, чейрек кылым бою талдасак да чекесин оё албастырбыз. Айтматовдун сөз кудуретин жогору баалап туу тутканы анын калеминен жаралган ар бир чыгармасында негиз болуп каралат. Бул ойду «Сөздөн тышкары кудай да жок, ааламда жок ….» деген сөзү айтып турбайбы.

Ар кандай улуу чыгармалар тил каражаттарын чебер пайдалануудан жаралат. Анткени М.Горький айткандай, сөз, речь көркөм чыгарманын биринчи элементи болуп саналат. Каармандардын ички дүйнөсү мүнөзү, портреттик, пейзаждык сүрөттөөлөр, образдар, автордук баяндоолор жана монологдор ж.б бардыгы тилдик каражаттар аркылуу ишке ашат.

Ч.Айтматовду – чебер стилист катары баалап келебиз. Ал кыргыз жана орус тилдеринде эркин жазып, жазуучулук оюн иш жүзүнө ашырып келген. Жазуучунун баалуулугу ушунда ал орус тилинде жазса да, улуттук тилдин калорити сакталат. Албетте, эки башка тилде жазуу процессинде лексикалык жана стилистикалык айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр болбой койбойт. «Айтматовдук каармандар жаш өзгөчөлүгүнө, ички дүйнөсүнүн бөтөнчөлүгүнө, интеллектуалдык даражасына жараша өзүнүн лексикасына, сүйлөө монерасына, сүйлөө интонациясына ээ» деп жазат адабиятчы Л.Үкүбаева. Жазуучунун тилдик өзгөчөлүктөрүн анализдөө азырынча «дың жер» бойдон калууда.

Демек, Ч.Айтматовдун чыгармаларынын тилин ар тараптан изилдөө кыргыз

стилистикасынын келечектеги актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Ч.Айтматов башка акын жазуучулар сыяктуу адамдын ички жан дүйнөсүн талдап отуруп, ал чындыкты жана анын маңыздуу жактарын көркөмдөп салыштырып сүрөттөй алган.

«Жамийла» повестинде Даниярдын ички толгоосун билдирген, боордош кыргыз менен казактын ширетилип кошулган төл обондорун Ч.Айтматов бирде деңизе, бирде учу кыйыры жок талаага, бирде асман менен бой тирешкен аскаларга салыштырып, адамдардын жан дүйнөсүнүн татымына ылайык элестүү берген.

«Ошондо, кызуу келе жаткан төкмө жорго жүрүшүнөн жаңылып, кайра ошол замат оңоло кеткен сыңарындай обон салган Даниярдын үнү мүдүрүлө түшкөнсүп үзүлүп, кайра жаңыдан шаңшып күч алды». Эгерде бул сөздөрдү башка көптөгөн сөздөр менен алмаштырсак да, Даниярдын ошондогу обонун бере албастырбыз. Жазуучунун кайталангыс сөз берметтеринин касиет күчү ушунда. Айтматов менен катарлаш турган чет элдик жазуучулар да Даниярды өз калемдеринде мынчалык сырдуу кылып, Айтматов бергендей Даниярды бере албас. Анын чыгармаларына кайчы пикир айтуу айсыз караңгыда ийне саптоого барабар деп ишенимдүү айтууга болот.

Эки тилде чыгарма жараткан жазуучунун өзгөчөлүктөрү, себептери тууралуу Ч.Айтматов төмөндөгүдөй ой бөлүшкөн: «...Биздин өлкөдө көркөм чыгармачылыктагы белингвизмдин белгилүү тажрыйбалары бар. Бул тажрыйбанын баарынан оңу эки тилди айкалыштыра билүү. … Мен өзүмдүн китептеримди кыргызча да, орусча да жазам. Эгер чыгарма адегенде кыргызча жазылган болсо, мен аны орусчага котором, же тескерисинче иштелет. Бул эки катар жумуштан мен чоң канагат алам, анткени ал жазуучунун стилин өркүндөтүп, тилинин образдуулугун байыта турган өтө кызык ички иш» (А.Акматалиев Айтматовдук энциклопедия Бишкек, Илим-1993, 1-том)

Айтматовдун кайсыл гана чыгармасын албайлы кыргыз тили үчүн түгөнбөгөн казына. Айтматовду Айтматов кылган анын – кыргыз тили. Ал кайсы гана чыгармачылыгына байланышкан маек болбосун кыргыз тилинин касиет күчүнө токтолбой, аны кеп кылбай кое албайт. Жалпы эле тил маселесине айткан төмөнкүдөй оюу бар «Элдин өмүрү анын тилинде, элдин тили – бул феномен, бул жалпыга маанилүү кымбат нерсе. Кайсы элге тиешелүү болгондугуна карабастан, биз ар кандай тилди теңсинбей, аны менен эсептешпей коюуга акыбыз жок. Тилиң бар болсо өз алдынчалыкка ээсин, тилиң болбосо, жашоо өмүрдүн келечеги бүдөмүк, элдин тили – анын кайталангыстыгы, бөтөнчөлүгү. Ар бир тил жалпы адамзат генийинин кенчи. Башкача айтканда, тил бир эле элдин, улуттун байлыгы, мүлкү эмес, ал бүткүл адамзаттын кенчи, байлыгы. Андан бардык эл, улут пайдаланууга акысы бар жана ал мүлктү коротпой, кордобой сактоого милдеттүү. Бул эмне дегендик? Аз эл, көп эл экендигине, рассасына карабастан кимдин тили болсо да, аяр мамиле жасап, аны менен эсептешүүбүз керек, аны басынтып кордоого болбойт.

Үстүбүздөгү жыл- «Айтматов жылы» деп жарыяланып отурат. Бул жыл элибиздин руханий кенемтесин толтуруп, жан дүйнөбүзгө, тилибизге тазалык, аруу сезим, келечегибиздин жакшы болушуна жаңыча дем, күч кубат берген жыл болот. Анткени Айтматовдун ар бир чыгармасын окуп жатканда өзүңө-өзүң суроо берип, жашоонун маңызын, турмуштун татаал табышмагын табууга учурдун учугун аңдоого умтуласың. Ч.Айтматов кыргыз турмушун чагылдырып жатып эле адамзат рухунун туу чокусуна чыгып, улуу идеяларды күн нурундай берип турганына таңданбай кое албайсың.

Кең мейкиндикте Жамила менен Даниярдын обонго айланган сүйүсүнө, Асел менен Ильястын дабандан ашкан махабатына, Алтынай менен Дүйшөндүн жүрөк менен сезүүгө мүмкүн болбогон арууларына, Раймалы менен Бегимайдын кечиккен армандуу ашыктыгына сарсеп салып олтуруп, сезимдин чексиздигине суктанасың. Толгонай менен Жер Эненин, Танабай менен Гүлсараттын, Бала менен Бугу Эненин, Найман Эне менен Желмаяндын, Эдигей менен Каранардын, Акбара менен Ташчайнардын кайчылашкан тагдырын көрүп, жаратылыш менен адамдын ажырагыстыгын туясың.

Демек, бизди дал ушундай сезимге алып келген сыйкыр күч автордун тилинде, тилдик көркөм каржаттарды шарттуу пайдалана билгендигинде. Эгерде бир эле көрүнүштү сүрөткө тартып ала турган болсок ал оңой, ал эми ошол эле көрүнүштү шартына, жагдайына, кырдаалына карап сүйлөтүү, тил бүткөрүп баяндоо ого эле татаал. Биз дал ушундай шартты түшүнгөндө гана залкар жазуучубуздун талантына, куюлуштура жазылган тилине таң берип, баалай алабыз. Демек биз күткөн мезгил келди. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгын балабакчадан мамлекеттик кызматтагыларга чейин окутсак да аздык кылат. Себеби жазуучу кыргыз эли окуп анализдеп бүтө албаган улуу руханий дөөлөттү түптөп кетти. «Канткенде адам уулу адам болот?» деген суроосу менен бул жалганда түбөлүк издене турган чексиздикти калтырды.

Эгерде кимде – ким мага «сен кимсиң?» деп суроо узатканда мен – кыргызмын, тилим – кыргыз, дилим-Чыңгыз дей турганмын. Себеби ар бир кыргыздын дили Чыңгыздын жан дүйнө элегинен өтүп, кыргыз сөз берметтери менен шөкөттөлүп натура көркөмдөлүп жаралганында шек жок.

*И.А. Турдугулов аспирант НГУ*
*К.М. Турдугулова зав.отд. аспирантуры НГУ*

## ОБЩИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ УДАРЕНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ.

*В этой статье рассматривается обучение правильному употреблению ударения. Неоднократно высказывалось мысль, о том, что вопросы ударения требуют большого внимания, что изучение ударения в кыргызском языке представляет огромный интерес. Дается содержание особенности и сложности ударении в изучения грамматики кыргызского языка и делается грамматический анализ и значения ударения.*

В языке каждая единица плана содержания фонетически выделяется ударением: слово – словесным, синтагма-синтагматическим, фраза-фразовым ( логическим).

Словесное ударение характеризуется тем, что один из слогов слова акустически выделяется более отчетливо, чем другие: кө-ч'ө 'улица', ме-ке-м'е 'учреждение'. Синтагматическое ударение отличается тем, что одно из слов синтагмы акустически выделяется более отчетливо, чем остальные: *Биз бүгүн саат жетиде келебиз.* 'Мы **сегодня** в семь часов придем'. Синтагматическое ударение является одновременно и словесным. Фразовое ударение определяется тем, что одно из слов фразы акустически выделяется более отчетливо, чем все остальные: *Чүй өрөөнү жемишке бай.* '**Чуйская долина** богата фруктами'. Фразовое ударение одновременно является и словесным, синтагматическим.

В кыргызском языке ударный слог на слух воспринимается как слог, произнесенный более сильно. Поэтому с давних пор утвердилось мнение, что киргизское ударение- силовое (динамическое). Современное экспериментально-фонетическое исследования привели к выводу, что кыргызское ударение определяется функцией интенсивности и длительности, т.е. оно является **динамико-количественным** (и силовым, и долготным).

Словесное ударение присуңе всем знаменательным и некоторым незнаменательным (служебным) словам, хотя есть словесные единицы, которые ударения не несут, и это отличает их от ударных самостоятельных слов, несуңих ударение даже в том случае, если они односложные.

В кыргызском языке ударение, как правило, падает на последний слог слова: *алм'а "яблоко',* *каб'ар* 'весть', *дыйк'ан* 'крестьянин'. При дальнейшей аффиксации ударение последовательно переходит на присоединяюңийся слог, сохраняя конечное положение: *жум 'уш* 'работа', *жумушч 'у* 'рабочий', *жумушчул 'ар* 'рабочие', *жумушчулар'ы* 'их 'рабочие', *жумушчуларыб'ыз* 'наши рабочие', *жумушчуларыбызг'а* 'нашим рабочим' и т.д.

П.С.Кузнецов отмечает, что смысловая дифференциация слов типа *завор'от (поворот) – з'аворот (загиб), зам'ок (на двери) – з'амок (дворец) [русские]; 'unterhalten (развлекать) – unterh'alten (держать), 'umgeben (окружать) – umg'eben (накинуть что-либо, кому-либо) [немецкие]* возможна лишь на основе ударения.

Все сказанное не может относиться к кыргызскому словесному ударению. оно, как известно, статично, и эта особенность резко ограничивает его различительную способность. Кыргызское словесное ударение не может выступать в роли просодического дифференциального при построении морфологической парадигмы, как, например, индоевропейское ударение[10]. Его основная функция состоит не в том, чтобы быть средством семантического различия слов, одинаковых по последовательности звуков, а в том чтобы вместе с сингармонизмом сцеплять единицы, тем самым организовать звуковые оболочки слов в некие законченные единства.

С этих позиций, учитывая также отсутствие в современном кыргызском языке слов, опознавание которых шло бы по линии ударения, представляется более близким к истине утверждение, что кыргызскому словесному ударению присуца словоорганизуюцая функция, а не словоразличительная, как утверждается в имеюцейся по данному вопросу литературе.

[10] Виноградов В. А. Реформаторский А.А «Сингармонизм, ударение и просодия слова», с. 124.

**Рецензия**

На статью аспиранта Нарынского государственного университета Турдугулова И. А.

**Тема: « Сопоставительно-типологический анализ суперсегментных единиц (ударение)» в английском русском и кыргызском языках.**

Неоднократно высказывалось мысль, о том, что вопросы ударения требуют большего внимание, что изучение ударения в различных языках с целью установления их сходств и различий представляет огромный интерес. И в свете этого, сопоставительное изучение ударения английского, русского и кыргызского языков, относяцихся к различным языковым типам, приобретает особую актуальность.

.

Работа дает возможность применения полученных данных учителями и практикантами в средней школе с кыргызским или русским языком обучения. Также важно пи преподавании английского языка в кыргызской или русской аудитории, практике перевода с английского на русский или кыргызский.

Статья отвечает всем поставленным требованиям, был использован широкий список литературы. У рецензента статья оставила хорошее впечатление и может быть рекомендовано к публикации.

Рецензент:
доктор филологических наук,

профессор С.А.Мусаева

*Сатылган кызы Гулнур*

*НМУнун окутуучусу*

## ДРАМАЛЫК КОНФЛИКТ ЖАНА КААРМАНДЫН НРАВАЛЫК ПОЗИЦИЯСЫ

«Атанын тагдыры» аркылуу келген ийгилик, атак-аброй Бексултан Жакиевдин чыгармачылык жаңы ийгиликтерге шыктандырды. Ал биринчи пьесасында жеке бир инсандын, жеке бир үй-бүлөнүн психологиялык драмасын чагылдырса, кийинки драмалык чыгармаларында тематикалык масштабдуулукка, тарыхый-социалдык чоң сюжетке, трагедиялуулукка, философиялык тереңдикке умтулду. Буга күбө катары Бексултан Жакиевдин «Алтын аяк» төрт новелладан турган драмасы кыргыз калкынын революциядан кийинки доордогу эл-журттун жаңылануусу, татыктуу турмуш үчүн болгон драмалуу күрөшү, XX кылымдын көйгөйлүү социалдык-этикалык проблемалары эпикалык масштаб менен көрсөтүлгөн. Аталган драма философиялуулугу, көркөм жалпылоолорунун тереңдиги, алтын аяк-элдик идеалдын өлбөстүгү жөнөндөгү оптимисттик, гуманисттик духу менен бөтөнчөлөнөт. «Алтын аяк» өзүнүн көркөмдүк күчү жана эпикалык масштабдагы кеңири картиналары, проблемалуулугу менен Бексултан Жакиевдин кезектеги чыгармачылык жетишкендиги болуп калды.

«Алтын аяктын» мазмундук жана форма жактан жаңычыл мүнөзүн драма жана театр изилдөөчүлөр төмөнкүчө тастыкташат:

«Алтын аяк» драмасынын кыргыз драматургиясында новатордук белгилерге ээ, өзгөчө формадагы стилдеги чыгарма экенин алдына ала белгилей кетүү ашыктык кылбайт. Анткени, мындан драматургдун изденүүлөрүнөн келип чыккан көркөм табылгаларын, новаторлук өзгөчөлүгүн, стилин чечмелеп анализдөө зарылчылыгы келип чыгат.

Драмада сүрөттөлгөн мезгил өзгөчө кеңири. Биринчи сценада кыргыз элинин 1916-жылкы улуттук боштондук көтөрүлүшүн чагылдырса, ал эми «Биринчи бороз» аттуу экинчи сценада коллективдештирүүнүн алгачкы мезгилин, «Жоо бетинде» деген үчүнчү сценада Улуу Ата Мекендик согушту, төртүнчү сценада «Алтын аяк» аттуу кийинки эле биздин күндөрдөгү адамдардан өмүр, жашоо, турмуш-тиричилик, тынычтык жөнүндө ой толгоолорун көз алдыга келтирет. Окуя кытай жеринде, Ысык-Көлдө, Европада жана кыргыз айылынын биринде өтөт. Ушул эбегейсиз зор тарыхый мезгил «Алтын аякта» кыргыз драматургиясында мурда көрүнбөгөн жаңы композициялык стилде ийгиликтүү ишке ашкан. Бул романдык-эпопеялык пландагы мазмундук камтыган мезгилди жана тарыхый окуяларды драмалык планда чечүү чоң чеберчиликти талап кылары белгилүү.

«Алтын аяктын» композициясы эл тарыхындагы күрдөөлдүү окуяларды хронологиялык принципте сүрөттөгөн, өз алдынча сюжеттик линияларга жана идеялык проблематикага ээ төрт новелланы бирдиктүү идеялык мазмунга бириктирет.

Драманын мазмуну жеке адам менен элдин тарыхтагы орду, элдин эркиндик теңдик, көз каранды болбос үчүн күрөшү, эл-жерди, Мекенди чексиз сүйүү жана аны коргоо, жеке адамдын тагдырынын эл тагдыры, Мекен тагдыры менен ажырагыс биримдиги, жеке адамдын коом, Мекен алдындагы парзы сыяктуу көп темалардын, проблемалардын синтезинен турат. «Алтын аяктагы» төрт новелланы бириктирип турган бул идеялык концепциялар, мазмун тарыхый маанилүү окуяларга элдин эл ичинен чыккан карапайым жөнөкөй адамдардын катышы, күрөшү аркылуу тарыхый жанрда, реалисттик стилде ишенимдүү көрсөтүлөт».[11]

«Автордун негизги оюу алтын жерибизден кубат алган ата-бабаларыбыздын талыкпас күрөшүнөн жаралган куттуу турмушубуздун «өлбөгөн адам алтын аяктан суу ичет» деген эл макалынын айланасында тутумдашкан терең ойдун түйүнүнө атадан-балага мурас болуп уланып кете бериши драманын бардык сценаларын бекем байланыштырат. Чыгарманын өзөгү катары жүрүп олтурган бул негизги ой, биринчиден, кыргыз элинин турмушундагы чечүүчү этаптарга акцент берүү менен, кандайдыр бир деңгээлде тарыхты чагылдырууга багытталса, экинчиден, эл менен жердин ажырагыс биримдиги жөнүндө философиялык түшүнүктүн айланасында ой жүгүртүүгө мажбурлайт.

Төрт новелланы шарттуу түрдө бириктирип, бирдиктүү чыгарма катары кароого багыт берген негизги ой ушул түшүнүктүн айланасына топтолгон».[12]

«Алтын аяк» кыргыз драматургиясында образдардын символдошу, калыптанышы, формасы, көтөргөн проблемалары боюнча ойлорунун көп катмарлуу жагынан драманы жаңы бийиктикке көтөргөн чыгарма.

Ал эми «Миң кыял» драмасы улуу акын Токтогулдун образын реалдуулуктун жан көркөм шарттуулуктун синтези аркылуу жаңыча оригиналдуу чечмеленгендиги менен бөтөнчөлөнөт. Чыгармадагы Токтогул замандын сүйлөшүүсү сыяктуу шарттуу ыкма драманын идеялык-көркөмдүк мазмунунун ачылышына ийкемдүү кызмат өтөйт. Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде Толгонай менен жер эненин диалогу.

Бексултан Жакиевдин драмасынын поэтикасына да өзүнүн жемиштүү таасирин тийгизгени сезилип турат. Аталган драма шарттуу ыкмалардан башка да драмалык композициянын

---

[11] Абдразаков А.Тарыхый пьесалардын жанрдык-стилдик өнүгүшү.-Ала-Тоо, 1985-ж., №4.

[12] Жунушев А.Театр козгогон ойлор.-Фрунзе., Кыргызстан, 1981-ж., 84-бет.

кызыктуу курулгандыгы, каармандардын речинин жандуулугу, конфликтисинин курчтугу жана ойлордун драматизми менен көрүүчүнү, окурманды өзүнө тартып турат. Бексултан Жакиевдин «Миң кыялда» образдарды түзүүдө көнүмүш стреотиптерден качкандыгын, сюжеттик-композициялык түзүлүштү жаңыча курууга умтулгандыгын сынчы искусство таануучу Сарман Асанбеков өз кезегинде туура белгилеген:

«Атанын тагдырында» жеке адамдын коомдук абалга байланышкан конкреттүү кыял-жоруктары аркылуу тагдырдын табиятына ой жүгүртсө, «Миң кыялда» автор конкреттүү көрүнүштү кандай болсо ошол бойдон албай, кандайдыр бир шарттуулук аркылуу, кыргыз драматургиясында мурда жолугуучу нормадан баш тартып, образдан мурда ойго көбүрөөк маани бергендиги байкалат. Заман менен Токтогулдун диалогу бул-акындын өз өмүр жолуна, мезгилдин агымына, коомдогу адамдын ордуна карата ой жүгүртүүсү. Бексултан Жакиев образдарды жаңыча сүрүштүрүү менен Токтогул темасына гана жаңылык киргизбестен, драманын композициялык курулушунда көркөм форманы конструкциялоодо окуяларды алдына ала түзүлгөн схемага багындырып, жалпы эле кыргыз драматургиясына жаңылык киргизген.

Драматург «Миң кыял» драмасында белгилүү өлчөмдө, акындын өз доору менен, эли менен терең байланышын көргөзө алган. Драмада баарыдан мурда Токтогулдун ойчул да, комузчу-композитор да акты карадан так ажыраткан акын да сүйүүгө да, адамкерчиликке да туруктуу гуманист катары көз алдыга тартат.
Драмада Токтогулдун аракети күчтүүбү, же ойлоосу күчтүүбү деген суроого жооп берүү оңойго турбайт.

Анткени драманы биринчи эле ачканда автор замана менен акындын сүйлөшүүсүнө «Токтогулдун санаасы» деп атагандыгы бекеринен эмес. Пьесанын башынан аягына чейин «Миң кыял» күүсүнүн өзөк болуп кириши улуу акындын турмуш кырдаалына болгон ой жүгүртүүсү, санаасы. Анткени, биринде реалдуу турмуш агымы көрсөтүлсө, экинчисинде, ошол турмушта кандайча жашадым деген акындын түйшөлүүсү менен окуучу кошо түйшөлүп отурат. Ошону менен окуучунун өз алдынча ой жүгүртүүсүнө жем таштап, кем-карчын өзүң толукта дегендей орун калтырат».[13]

Жыйынтыктап айтканда «Миң кыял» драмасында улуу демократ акыныбыз Токтогулдун акын катары, ойчул катары калыптанышын акын өсүп-өнгөн чөйрөсүнүн образын өз алдынча ачууга аракеттенди.

*Сатылган кызы Гулнур*

*НМУнун окутуучусу*

## НРАВАЛЫК ТАНДОО КЫРДААЛЫНДАГЫ КААРМАНДЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМУ КӨРКӨМ ЧАГЫЛТУУНУН ОБЬЕКТИСИ КАТАРЫ

Бексултан Жакиевдин «Саадак какты» драмалык чыгармасы драматургдун турмуш карама-каршылыктарын чагылтуу жагынан жаңы деңгээлге, жаңы бийиктикке көтөрүлүүгө умтулгандыгын далилдеп турат. Себеби бул драмада Бексултан Жакиев биринчи кезекте философ-драматург катары көрүнөт жана чыгарманын курч адеп-ахлактык – философиялык мазмуну аркылуу өзүнүн чыгармачылыгынын гана эмес, дегеле кыргыз драматургиясынын турмушту көркөм талдоо – талкуулоо. (художественное осмысление) масштабын кеңейтүүнү көздөгөнү ачык көрүнүп турат. Драматургиялык классикалык чыгармалар адатта өздөрүнүн сюжеттик негизинде жакшылык менен жамандыктын курч күрөшү жаткандыгы жана ал конфликттин жалпы адамзаттык деңгээлдеги типтүү, мүнөздүү көрүнүш катары жүрөк титиреткен көркөмдүк образдык күч менен чагылдыргандыгы менен айырмаланып келген. Бексултан Жакиев да «Саадак какты» драмасында кыргыз турмушунда гана эмес, жалпы эле адамзат баласына, мындайча айтканда, дүйнөнүн кайсы гана бурчунда болбосун бардык жерде кездеше турган универсалдуу трагикалык конфликтти объект кылып алган. Бексултан Жакиев аталган чыгармасында көркөм ой жүгүртүүнүн жаңы бийиктигине умтулган деп жогоруда айтканыбыз ушундай фактыдан улам болуп жатат.

Драмада көркөм шарттуулуктун жол-жоболору колдонулган, ошону менен катар драманын көркөмдүк түзүлүшү көп катмарлуу: мында шарттуулук, реалдуулук, мистика жана символикалуулук бири бири менен жуурулушуп, бүтүн бир философиялык ойду берүүгө жемиштүү кызмат кылат. Драмада Жаналкыч аттуу каарман – дүйнөлүк маанидеги жамандыктын (зло) символу, үч таз жору жана шайтандар мистикалык персонаждар, ал эми Калдыркан менен Балдыркан жамандыктын алдындагы алсыздыкты, рухсуздукту элестеткен шарттуу образдар, Камбаркан болсо, адамдык ар намыс үчүн жамандыкка каршы турган күрөшкерликтин, жакшылыктын, сулуулуктун, гумандуулуктун көрүнүшү катары чыгат. Бул каармандар айтылгандай шарттуу, символдуу ошону менен бирге өзүнүн конкреттүүлүгүнө да ээ. Айтайын деген адеп-ахлактык – философиялык ой байыркы кыргыз турмушуна негизденген сюжеттик конфликт жана конкреттүү драмалык кыймыл-аракет аркылуу реализацияланат.

---
[13] Асанбеков С. Сөз акыры Китепте: Б.Жакиев. Эртең жаңы жыл.-Фрунзе, Кыргызстан, 1979-ж., 268-бет.

Окурман драманын башталышында эле драмалык чыңалууга эгедер диалогдорго туш болот. Маселен, 1-көшөгөнүн ачылышындагы эле бир жагынан көнүмүш эмес таңгалычтуу, фантастикалуу персонаждардын төмөндөгүдөй кызыктуу жана проблемалуу драмалык сүйлөшүүсүнө күбө болот. Мисалга көңүл бурабыз:

**Жаналкыч.**

Ля-ля-ля…

Мен – Жаналгыч,

бир бечара,

Каргыш угуп чыйралган.

Өтүгүм тар,

Алкым кенен –

Жыргал көрбөй кыйналган.

Ля-ля-ля-ля…

(***Жыт сезип.***) Балээ болду, өлүм жыттанабы?!. Дагы кимдин жанын барып суурган турам? (***Чыр эткизе акырын ышкырып коет.***)

Ошо замат туш-туштан шайтандар жайнап чыгат да, эч дабышсыз жабалактап, Жаналкычтын ар сөзүн, ар кыймылын кубаттап, көшөкөрлөнүп баштайт.

Кызык, өлө турган неме жаш болдубу, же картаңбы? Жаш болсо, жанын сууруш жаман деле жумуш эмес. (Кызара-татара кыйналып атып, өтүгүн киет.) Өх, батырдым эптеп!..

Аңгыча кайдан-жайдан коңгуроо угулат.

Туюп калдыбы?!. (Качам деп, кача албай токтойт.) Ой-ой, бутум! Ой, бутум!.. (Шайтандарга.) Көздөн далдаа, жылт койгула!

Шайтандар жок болот.

Эмнеге кием ушу өтүктү!.. мени бирөө зордогонсуп… кийбес учурда кие салам да турам!..

Кооз арабага чегилген үч таз жору куюндап жетип келет.

**Жору** ***(коңгуроо мойнунда шыңгырайт).*** Араба даяр!

**Жорулар.** Даяр!

**Жаналкыч.** Барбайм! Качан болсо жолумду тороп!.. силердики өттү!

**Жору.** Биз эмне?.. Биз бир чабарман. Сени тыякка тарт дейт – быякка тартабыз. (***Мойнун созуп, асманды көрсөтүп коет.***) Буйрук ушундай.

**Жаналкыч.** Буйругун урайын! (*Абайлабай айтып алып, коркуп кетет.)*

**Жорулар**. (***үрөйлөрү уча түшүп, бир ооздон).*** У-уу!..

**Балапан жору.** Айтаарын айтып алып, көзүң алая түштү да.

**Жаналкыч.** (***кур кайрат менен***). Коркоор алым жок. Мурдагы кордугун аз көрсө, көтөрүп турган асманын таштап ийсин!

**Жору.** Эй-эй, катуулап кеттиң.

**Жаналкыч (*ызалуу, ыйламсырап*).** Мен эмне!.. жаралгандан эле жаналкыч болуп жаралыптырмынбы?! Мен деген бирөөнүн чолпондой уулу боломун! Жалгыз уулу болчумун! Адам болчумун!..

**Жорулар.** – Болгонуңа мактанба. – Боло албай калганыңа өкүн.

**Жаналкыч.** Мени кайра адам кейпиме келтирсин. Айтсаңар?

**Жору.** (***жүрөгү оозуна кептеле, асманды жаңсап***). Өзүнөбү?!

**Жаналкыч**. И, эмне?! (*Табасы кана каткырат*). Коркосуңбу?

**Жору.** Өзүнө болсо… өзүң айт. Бизди аралаштырбаганың оң.

**Жаналкыч.** Арыз-муңумду укмак тургай, мени көрөйүн деген көзү жок! Силердин жөнүңөр башка. Кирди-чыкты болсоңор да баркыңар бар… Эх, силердин өмүр жыргал! Үч жүз жыл жашайсыңар да, өлүп тынасыңар. А мен шордуучу?!. Өлбөй жүрө бериш не деген тозок! Өлбөстүк тажатты мени! Уугуп кеттим!»

Чыгарманын башталышындагы ушул сахнадан терең кирип келгенде драмалуулуктун илеби уруп турат. Сыртынан караганда Жаналкыч колунан келбес нерсе келип, адамдардын жанын алып, кызыкка батып жашап жүргөндөй көрүнгөнү менен анын жашоосу азаптуу. Кийгени бутун кыскан жана өйкөгөн тар өтүк, адамдын жанын алган жагымсыз жумуш аткарат. Башка нерсени тандай албайт, башка өтүк тандап кие албайт, бул анын эркинде эмес. Кишинин жанын аларда кайдан-жайдан араба сүйрөгөн үч таз жору жанында пайда болот да, алар менен ажал чакырган жакка тар өтүкчөн шашууга аргасыз. Анан дагы бул жердеги эң кыйын нерсе, Жаналкыч башынан эле түбүнөн Жаналкыч болуп жаралса бир жөн эле, ал бир кезде адам болуп эле төрөлгөн, өзү айткандай «бирөөнүн чолпондой уулу болчу». Бирок азыр мистикалык Жаналгычка айланган. Бул жерде каармандын драмасы өзүнүн адам экендигин сезип, кайрадан адам болууну каалап, бирок кайрадан адам болуу колунан келбестигин туйгандыгында, тандоо эркиндигинен ажырагандыгын түшүнгөндүгүндө, өзү түбүнөн каалабаган нерсени аткарууга кериптер экендигинде. Ал үчүн өзүнүн тирүүлүгү – тозок. Каармандын трагизми бир жагынан анын ошол жаналгычтык «кесипке» көнүп алгандыгында жана өзү каалабаган кесиптен баш тарта албастыгын аңдагандыгында жатат.

Мындай тозокко ал эмне үчүн кериптер болгон деген суроо туулат. Бул суроого жооп табуу үчүн төмөнкү сахнаны окуйлу:

**«Ж о р у.** Сен ак жерден күйгөн эмессиң. Акыреттик досуңа жасаган жүзү каралыгың үчүн жазалангансың!

**Ж а н а л к ы ч.** Жалган!

**Ж о р у.** Тигини, тигини!.. Досуң сени өлүмдөн алып калган кезде,– анда сен адам кезиң,– сен ага жок жерден жалаа жаап, дарга астырып ийбедиң беле.

**Ж а н а л к ы ч.** (*чычалап*). Дарга мен астырган эмесмин! Өзү ошону көрмөк.

**Ж о р у.** Жок. Сен астыргансың.

**Ж о р у л а р.** Сен! Сен! Сен!

**Ж а н а л к ы ч.** Түү!.. Мен эмесмин десе…

**Ж о р у л а р.** Досуң сенден аянчу эмес. А сен!.. – Ал сага жакшылык кылган сайын намазыңа доо кетчү. Досуңа көз каранды болгонуң ичиңди өрттөчү. – Туз куйгандай ачыштырчу. – Ошондон улам сен аны жек көрчүсүң.

**Ж а н а л к ы ч**. (чын чычалайт болуп). Капыр-рай де, «жек көрчү» экемин го?.

**Ж о р у л а р.** Ичиң чаар, арам экениңди досуң билчү эмес. Ал бечара сага чаң жугузбай, сени балапан коругансып коруп турчу. –А сен болсо ага уу камдадың.

**Ж а н а л к ы ч.** Мына ушунуңар жаман! «Уу камдадың» деп!.. Мен уу камдабайле… ажалы жеткен! Өлдү!

**Ж о р у л а р. –** Жо-ок! Ажалын сен жеткиргенсиң. – Өзүң өлчү жерде аны сала берип кутулгансың. – Бирок Кудайдын каарынан кутулганың жок. Мына сага!

**Ж а н а л к ы ч.** Чокуң! Менден кыйкым таба албайсыңар. Мен тазамын! Сүттөн акмын!

**Ж о р у**. А карачечекей атаңа жапкан жалаачы? Аны кантип танасың?

**Ж а н а л к ы ч.** Калп! Күнөө өзүңдө, өзү ошону көрмөк.

**Ж о р у л а р.** (*бир ооздон*). – Ой, жүзү кара-оой…

**Ж о р у.** Сен өмүр бою жакшы адамдарга асылдың. Жакшы адамдарга жамандык издедиң!

**Ж а н а л к ы ч.** Жакшы адам дегениңер ким өзү?! Балээнин баары ошо «жакшы адам» дегениңерден чыгат. Аларсыз жашаган жашоо жыргал болмок, тынч болмок.

**Ж о р у л а р.** – Ошо себептен сен жалаң ыймансы ыплас бузукулардан дос күткөнсүң да! – Атаң пендеде жок боорукер жан эле го! – Үшүп турган адамга жалгыз тонун чечип берип, басып кетчү эле го!

**Ж а н а л к ы ч.** Ошо да эрдикпи! Жосуну курусун ошо эрдик болбой!

**Ж о р у л а р.** – Атаңын андай кайрымдуулугун көргөн сайын күйбөгөн жериң күл болуп, ичиңен кан өтчү. – Атаңан кутула жадаганда, сен аны кутурду деп жарыяладың да, музга жыланач байлатып, тоңутуп өлтүрттүң! –Эч кимден эч нерсесин аябаган асыл адамды сен ошентип булгагансың! –Кудай сага ошондон кийин катуу каарланды. Бутуңа тар өтүк кийгизип, өзүңдү өлбөс кылып кыйноого салды. – Мойнуңа Жаналкычтын жүгүн илип, тарп сасыган жолго айдады. Мына сага!»

Мына ушинтип, бул адам өзүнүн айбандыкына окшогон жорук-жосуну менен жанындагы ак ниет досун жана кара чечекей атасын сатып, аларды өлүмгө кыйгандыгы үчүн, жалпы эле жакшы адамдарга асылып, жамандык издеген кара ниеттиги үчүн, жамандыкка кызмат кылгандыгы үчүн, мындай терс жүрүм-турумдан баш тарта албагандыгы үчүн кудай тарабынан жазаланып, адамдык кейпинен ажыратылып, жаналгычка айландырылып, мойнуна киши өлтүргүчтүн азаптуу жүгү артылган. Жаналкычтын образынын мааниси, жакшылап карасак, кыйла терең. Бир жагынан алып карасак ал жанагыдай кудайдын каарданган эрки менен жаналгычка айландырылган мистикалык фигура, экинчи жагынан карасак, кадимки эле турмуштагы киши, болгондо да адам баласындагы эң жаман, терс сапаттарды персонификациялаган тип.

Жаналкычтын образы окурманды олуттуу нравалык-философиялык проблема тууралуу ойлондургандыгы менен салмактуу. Ал жогорудагыдай, жоруларга карап кудай «мени кайра адам кейпим келтирсин, айтсаңар» –деп суранат. Бирок чындыгында адам кейпине келүү анын өзүнүн эле колунда. Чынында ал сырткы көрүнүшү боюнча адам кейпинде эле турат. Бирок ички жан дүйнөсү боюнча адамдагы адамды эмес, адамдагы айбанды элестетет. Ал ички болумушу жагынан адам кебетесиндеги айбан. Эмне үчүн мындай? Бул жерде Чыңгыз Айтматовдун төмөнкү сөзүн эске түшүрүү зарыл:

«Жараткан эгем пендесине: «Жер бетиндеги бүтүндөй тиричилик ээсин колуңа беремин. Мына сага мейкин талаа, тоо-таш, чалкар деңиз, айдың көл, калың токой. Кыбыраган жаныбарларга да өзүң ээлик кыл. Менден кийинки ээси – сенсиң. Жер бетинде өмүр өнүмдүү өрүш алабы жокпу, же бир бөлүнүп, ойрону чыгабы, сага тиешелүү. Акыры сенден сураймын», – деп мойнуна өтө зор милдетти артып, чексиз бийликти адам эркине берсе керек»[14].

Мына ошентип, табият-эне, теңир пендеге жер үстүндөгү тиричиликтин ээси бол, жакшылыктын ээси бол, адам бол, бүлүндүрүүчү эмес, түзүүчү, сактоочу бол, ойрондоочу эмес оңоочу бол, баары сенин эркиңде, деп чоң миссияны жүктөгөн. Бирок ушул миссияны аткаруунун өзү оңойго турбастыгы да чын. Себеп дегенде, философтордун далилдөөсү боюнча пенденин жаратылышынын өзү карама-каршылыктуу болуп жаралган. Дүйнөлүк философияда жашаган бул сыяктуу идеяны адабиятчы профессор С. Байгазиев улуу философ-жазуучу Ф. Достоевскийдин ойлорунун мисалында мындайча айкын түшүндүрөт:

«Достоевскийдин адам баласынын жаратылышына, натурасына карата көз карашы карама-каршылыктуу болгон. Адамдын жан дүйнөсүнүн түпкүрүндө караңгы инстинктер, тышка чыккысы келип удургуган аң сезимсиз

---

[14] Айтматов Ч. Насыят. Кыргыз Туусу, 2009-ж. 27-март.

туюк импульстар (подсознательные импульсы), рационалдык жол менен түшүндүрүүгө болбогон иррационалдык сезим-туюмдар, тубаса түшүнүксүз сокур кумарлар, агрессивдүүлүк орун алган, дейт жазуучу. Достоевский кишинин жан жаратылышынын мына ушундай жапайы агрессивдүүлүк орун алган бөлүгүн «Подполье» деп атаган. Мына ушул «Подвалдан» улам, жазуучунун ою боюнча адам баласы айбанчасынан жаман жорук-жосундарды жасоого да жөндөмдүү. Чынында эле бүгүн биз турмуш практикасынан канчалаган айбанчылыктарды, акчага жалданган киши өлтүргүчтөрдү, баласын, атасын өлтүргөн ташбоорлорду, адамдын этин жеген кан ичерлерди көрүп жатабыз. Ырасында адам жырткычка айланып кетүүгө да жөндөмдүү тура. Бир сөз менен айтканда, кишинин ичинде «зверь» (айбан, жырткыч) отурат, пенденин жаратылышы жаркын, жакшылык башталмалар (доброе начало) менен катар эле, мына ушинтип агрессивдүү башталмаларга да эгедер. «Шайтан кудай менен кармашып жатат, а экөөнүн уруш талаасы болсо – адамдын жүрөгү», деп жазган улуу ойчул. Мына ушинтип, киши баласынын рухунун өнүгүшү жан дүйнөдөгү жамандык менен жакшылыктын диалектикалык күрөшү аркылуу жүрөт»[15].

Адамдын ичинде өтүп жаткан драмалык күрөштө жаркын, жакшылык башталмалардын жеңиши адамдын өзүнүн эркине байланыштуу. Адам өзүнүн натурасында орун алган «подпольени» жеңип отуруп адам болот. Ал ошон үчүн адам деген бийик атка татыктуу. Бирок «Саадак какты» драмасындагы бир кездеги «бирөөнүн чолпондой уулу» өзүнүн адам деген бийик миссиясына татыктуу боло албады. Адам болууну каалабады. Ф.Достоевский айткандай, өзүнүн «подпольесиндеги» терс башталмалардын, сокур инстинктердин жетегинде калып, паска түштү. Көрө албастыктын, ичи тарлыктын, уятсыздыктын, карамүртөздүктүн, жалаа жабуучулуктун, жалганчылыктын, адилетсиздиктин торуна чырмалды. Ошол эле Чыңгыз Айтматов минтип туура жазган:

«Адам жаны – өтө купуя кубулуш. Жан-дүйнөдөгү бүр жарган жакшылык менен мээримдүүлүктүн өркүндөөсүн кыйынчылыктан, азаптан жаралган зомбулук, кыянатчылык сыяктуу зулум күчтөр зылдын ташындай басып, тумчуктуруп салбашына ким кепил боло алат? Эгер бүгүнкү адам өз мезгилинин талаптарына сергек жана чыйрак мамиле жасабаса, ичкертеден терең ойлонулган рухи ишке жөндөмү болбосо, анда азыркы коомго коркунуч алып келчү карасанатай күчтөр үстөмдүк кылып, адамдардын акыл-эсине, сезимине таасир этүүгө кеңири мүмкүнчүлүктөрдү табат».[16]

[15] Байгазиев С. Ата Мекендик жана дүйнөлүк этика.-Бишкек, «Гүлчынар» басмасы, 2007-ж. 80-81-бет.

[16] Айтматов Ч. Насыят.- «Кыргыз Туусу», 2009-ж. 1-май.

«Бирөөнүн чолпондой уулун» жазуучу Чыңгыз Айтматов жазып отургандай жакшылык менен мээримдүүлүктүн жолу менен өркүндөөгө мойну жар бербеди. «Ичкертен терең ойлонулган рухий ишке» өзүнүн жөндөмсүздүгүн көрсөттү. Акыры кыянат карсанатай күчтүн, башкача айтканда, өзүнүн алсыздыгынын, жалкоолугунун, караңгы макулуктук инстинктеринин үстөмдүгүнүн астында калды. Аны адамдагы айбан жеңип кетти. Акыры ал өзүнүн жаналкычка кандайча айлангандыгын өзү да билбей калды. Ал жаналгыч болуп калгандыгы үчүн кудайды күнөөлөйт. Бирок чынында өзүн өзү акырындап жаналкычка айланткандыгын аңдабайт. Ал кээде эсине келип кайра адамга айлангысы келет. Бирок жаналкычтык көнүмүшүнөн чыга албайт. Анын трагедиясы ушунда.

Бексултан Жакиев драмасында жаналкычтын образы аркылуу адам жамаатындагы жамандыктардын, ынтымаксыздыктын, өз ара мамилелердеги диегармониянын, жаңжалдардын жана азап-тозоктордун тамыры адамдын өзүндө жатат, коомдогу карасанатай күчтөрдүн үстөмдүк абалы үчүн адам өзү күнөлүү деген философиялык идеяны тартуулайт.

***М. Турсуналиева***

***К.Мамбетакунов атындагы***

***педагогикалык окуу жайдын окутуучусу***

## Ж.САНДДЫН «ИНДИАНА» РОМАНЫНДАГЫ АЯЛДЫН ОБРАЗЫ

*Бул макалада Жорж Санддын «Индиана» романындагы аялдын образы каралат. Жорж Санддын мезгилинен азыркыга чейинки түрдүү доорлордогу аялдар көйгөйлөрүн салыштыруу аракети жасалат.*

1832-жылдын май айында Парижде «Индиана» романы жарыкка чыгат, ал, ошол кезде китеп базарына толуп кеткен романдардын

молдугуна карабай, элдин көңүлүн өзүнө өзгөчө бурат.

Эмне үчүн так ушул Жорж Санддын чыгармачылыгына жана «Индиана» романындагы аял образына кайрылдым? Бул суроого жооп берүү оңой, анткени Жорж Санддын мезгилинен бери аялдардын одоно, айбандык күнчүлүгү, укуктарын басынтуу жана дискриминациялоо, дегеле тирания болуп келгени чындык. Жорж Санд ушул тиранияны бир мүнөздө, өз каармандарынын мүнөзүндө берген, адеп-ахлак романынан кенен туунду жаратуу максатын көздөбөй, күрөштү үй-бүлөлүк турмуштун алкагына батырган.

«Китепти ачып, биз дароо өзүбүздү чыныгы, жандуу, биздин дүйнөдө, орто кылымдык бутактан жана биздин аң-сезимге сиңиришкен тарыхый окуялардан миңдеген чакырым алыста сездик; биз мындан өзүбүз айланабыздан кездештирип жүргөн адептер менен адамдарды, кадимки тилди, көндүм шарттагы сценаны, адаттан тыш, бирок чын эле баштан өткөн же биз көргөн, али биздин жашоонун бир түрдүүлүгү менен көңдөй адебинин жабуусу астында жашап жаткан күчтүү кумарларды таптык. Эрксизден ушул китепке симпатияны сезе, анын барактарын биринин артынан бирин окуй, анын кемтиктерин жана таңкалычтуу, чындыкка коошпогон аякталышын кечире, керек болсо ал ойготкон сезимдердин бийликтүү таасири астында башкаларга кеңеш бере баштайсың: «Сиз «Индиананы» окуган белеңиз? – биз бири-бирибизге айтканбыз. – Окуп чыккыла!».[1] «Индиана» жарыкка чыккандан бир нече айдан соң Сент-Бёв ушинтип жазган. Романга болгон кызыгуу анын автору, Жорж Санд псевдоними астында кол койгон адам эркек көйнөгүн кийген, мүштөк тарткан жана, Беррия аймагындагы үй-бүлө очогун таштап, чакан париждик батирде жашаган аял болгондуктан күчөгөн. «Индиананы» ар кандай көз караштагы адамдар мактаашат, ал эми Г.Планш Ж.Сандды мадам де Сталь менен салыштырууга болот деп табат жана керек болсо артыкчылыкты «Индиананын» авторуна берет [2].

Жорж Санд ысымы алгач ирет ушундайча жаңырган. Ушул псевдоним менен «Индиананын» авторуна өзүнүн чыныгы ысымын - Аврора Дюдеванды жашыруу керек болгон. Бир адамга таандык эки ысым – Аврора Дюдеван жана Жорж Санд, ошол эле маалда анын жашоосунун түрдүү мезгилдерине тийиштүү болушат. Алардын ортосунда – 1830-жылдагы Июль төңкөрүшү түйүн болуп калган коомдук өзгөрүүлөр жатат.

Жорж Санд чет-жакадагы тынч өмүр сүрүүсүнө эч окшобогон өз өмүрүнүн жаңы баскычына дал ушинтип кирет. Жаңы мезгилдин таасири ал доордогу көптөгөн белгилүү аялдардын тагдырында изин калтырган, мисалы, адабияттык салондордо өкүм сүргөн романтикалык поэзиянын мурдагы музасы Дельфина Гэнин.

Жорж Санддын өзүнүн Парижде «коомдук болбосо да, эч кур дебегенде индивидуалдуу эркиндик үстөмдүк кылат» деген байкоосу бар [3].

Жаңы диний агымдар менен коомдук реформалардын үгүтчүлөрү көбүрөөк же азыраак узак мезгилге угуучуларды, окуучуларды жана керек болсо тилектештерди өзүнө тартууга жетише алышат. Декларациялар менен чектелишпей, өз көз караштарын иш жүзүнө ашырууга өтүшкөн сен-симонисттер өзгөчө кызыгуу туудурушат.

Сен-симонисттердин пикиринде, «органикалык» (табигый) доорду чукулдатууга коомдогу теңсиздик жолтоо болот.

«Адам момундай шартта гана эркин күч болуп саналат, эгерде ал күч жердеги башка бардык эркин күчтөр менен гармонияга келтирилсе»,- деп жазат Леру [4].

Ошондуктан ссн-симонисттер өздөрүн аялды күңдүктөн бошоткон христианчылыктын жолун жолдоочулар деп бекемдешип, аялдардын толук эмансипациясын талап кылышат. Маселе сөзсүз үй-бүлөлүк мамилелер көйгөйүнө барып такалат, алар аялдын никедеги укуктарын гана кыспастан, анын социалдык ролун да чектешет.

1831-жылы Ж.Санд сен-симонисттер тууралуу таралган пикирге толук дал келген баасын айтат. «Мен мындан ишке ашкыс адашууну гана көрөм, жана жалпынын пикири азыр аны айыптап жатат. Алардын папессасы – өзүнүн чымкый көк баркыт көйнөгүн жана ак куу тыбытынан боасын көргөзүү үчүн гана. Мунун баары олутсуз!»- деп жазат ал 1831-жылдын февралында.

Ж.Санддын бул мамилеси баарынан мурда сен-симонизмдин тышкы, ырым-жырымдык кырына тийиштүү. Жорж Санд эч качан сен-симонист болгон эмес, жана алардын таасирине кирген эмес. Бул тууралуу ал «Менин өмүрүмдүн тарыхында» моюнуна алат.

Жорж Санддын өзүн бекемдөөсү үчүн биринчи кадам сен-симонисттер да көтөрүшкөн «аял маселесин» чечүүдө жаткан.

«Аял маселеси» улам көбүрөөк көңүл бурат жана көп өтпөй нике мамилелерине тийиштүү мыйзамдарды сындоого өсүп жетет. Бул дискуссияда өкүм сүрүп турган абалдын жактоочулары абдан азчылыкты түзүп калышат.

«Индиана» романы «аял маселеси» козголгон чыгармалардын алгачкыларынан болгон. Бирок Ж.Санд үчүн ал али ушунчалык конкреттүү жана тар мааниге ээ боло элек эле. Ал коомдун мыйзамдары басмырлаган инсандын боштондукка чыгуусун анын табигый сезимдери жана умтулуулары менен кыйла жалпы планда берген.

«Индиана» «адептер романы», индивидге кас коомдук мораль тууралуу роман катары ойлоштурулган. «Индиананын бардык азап-тозогу адам табиятынын цивилизация менен улуу жана каардуу күрөшү менен чакырылган» [5], - дейт

Ж.Санддын өзү. Бакытка тоскоолдук - адам табиятында эмес, а коомдук моралдын талаптарында. Бул мораль Индиананын табигый сезимин ууландырат.

Роман бакытты цивилдешкен дүйнөнүн шарттуулуктары менен мыйзамдарынан тышкары гана мүмкүн болуучу абсолюттуу нерсе катары бекемдейт. Ральф менен Индиана дайыма бактысыздыктар менен көңүл калуулардын булагы болгон коомду таштапып, ушул ынанымга ылайык аракеттенишет. Индиананын Реймон үчүн өз репутациясын курман чалууга даярдыгы – бул өзүн курман чалууга умтулуу гана эмес, адамдык касиетин бекемдөө актысы.

«Индиана» - бул коомдук пикирди элес албай бакыт издеген адам жүрөгүнүн таржымалы.

Жорж Санд «Индиананы» автобиографиялык роман деп эсептегендерге дайыма каршы болгон.

Жорж Санд өз романынын барактарында жаңы доордун адамы катары чыгат, ал өз доорун жакынкы жана алыскы мезгилдер менен салыштырып, аны аңдап-түшүнүүгө аракеттенет.

Романдын сюжеттик сызыгы каармандар менен Ж.Санддын өзүнүн ал кездеги саясий күрөш тууралуу ой толгоолоруна көз карандысыз өнүккөнсүйт. Индиана менен Ральф цивилдешкен коомдон кетишет.

«Индиана» - бул «аялдар» адабияты менен «интимдүү» романдын тарлыгын жеңген, сөздүн кеңири маанисинде заманбап чыгарма.

Окурмандар «Индиана» «интимдүү» жанрдын көп сандаган чыгармаларынан бийик тураарын дароо байкашкан жана романдын авторунун ал кездеги коомду «мыкты билгенин» баалашкан.

Бул романды, бир жагынан, тарыхый жанрга каршы коюлган учур тууралуу повесть катары, экинчи жагынан – тышкы кызыктуулукка каршы «ички драманын реакциясы» катары аныктап, Бальзак белгилегендей адабияттагы бул эки карама-каршы сымал тенденцияларды – учурдагы саясий жана интимдүү теманы көрсөтөт.

Ошондой эле инсандын боштондукка чыгуусу өзүн коомдук бүтүндүн элементи катары аңдоодон башталат, жеке турмуш жашырын же ачык түрдө коомдук мүнөздөгү көйгөйлөрдү чагылткандыктан гана адабиятта кызыгуу жаратат.

«Индиана» Жорж Санд деген ысым менен кол койгон автордун чыгармачыл өз алдынчалыгы көрүнгөн алгачкы чыгармасы болуп калган.

Романда көтөрүлгөн аялдар проблемасы азыркы учурда да актуалдуу. Анткени инсанды жансыз коомдук эрежелер менен кысмактоо, аялдардын укуктарын тебелөө жана дискриминациялоо биздин күндөрдө да ушунчалык курч турат, кээде жүздөгөн жылдар өтсө да мезгил бир орундан жылбай тургансыйт жана Жорж Санддын убагынан бери эч нерсе өзгөргөн жок деп да ойлойсуң.

Аялдар эмансипациясы көйгөйү Жорж Санддын кийинки «Валентина», «Лелия», «Жак», «Консуэлло» романдарында да козголот. Үй-бүлөдөгү өзүнүн укуксуз абалына каршы чыгышкан аялдарга боор тартуу бул романдарда коомдун адамгерчиликсиздигине жана адилетсиздигине каршы романтикалуу протестке өсүп жетилет, анан да оң каармандардын мүнөздөрүндөгү идеалдуу башталманы баса көрсөтүп, Жорж Санд XIX кылымдын башындагы Франциянын социалдык шарттарын жетишерлик сергек сүрөттөйт.

Жорж Санд келечекти эңсөө менен ыйыктантылган чындык үчүн күрөшөт. Биз билгендей, анын 30-40-жылдардагы мыкты романдарынын пафосу мына ушундай.


Адабияттар:

1. Ch.-A.Sainte-Beuve. Les grands ecrivains francais. XIX siecle. Les romanciers, t.II.P., 1927,p.43.
2. G. Planche. Portraits litteraires, t.II.P., 1848, p. 12.
3. Corr., 27 juin 1831.
4. "revue enceclopedique", 1831,t.51,p.507
5. Ж.Санд. Индиана. Собр. Соч. в 9 томах Л., 1971, т.1. стр. 222
6. Зарубежная литература XIX Век Романтизм, М.: «Просвещение» 1976, под ред. Я.Н.Засурского.


---


***Н.А.Бийгелдиева, НМУнун аспиранты***


## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ

Бүгүнкү күндүн талабына ылайык мамлекеттик тилди окутуу процесин жүргүзүүнү колдонууга тийиш болгон методдорсуз элестетүү мүмкүн эмес. Ошол эле учурда билим берүү процессинен каалаган натыйжаны алууда анда колдонулган методдорго байланыштуу болот. Кыргыз тилин окутууга карата атайын энчиленген метод жок. Анткени, методдор илимде ар кандай классификацияларга алынып келе жаткан менен алар «алгылыктуу» жана «алгылыксыз» деп бөлүштүрүлбөйт. Методдогу мындай сапатты жана аны колдонуу менен алынган конкреттүү жана индивидиалдуу натыйжа гана аныктайт.

Окутуунун методдору - бул окутуучунун педагогдук ишмердүүлүгү менен студенттин таанып - билүү ишмердүүлүгүнүн жандуу органикалык биримдиги. Окутуу процесси, анда коюлган максатка жетүү, окутуунун формасы жана аларды турмушка ашыруунун мүмкүнчүлүктөрүн, өбөлгөлөрүн аныктабай туруп, өз алдынча каралуучу жана аткарылуучу прцесс эмес. Окутуунун методу ошол мүмкүнчүлүктөрдү,

өбөлгөлөрдү камсыз кылуучу окутуу системасынын ажырагыс бөлүгү, компоненти. Ал эми окутуу системасы - окутуунун максаты, мазмуну, методу, формасы жана каражаты болуп бөлүнөрү белгилүү экендигин доцент Ж.Чыманов баса белгилеп кеткен.

Демек, жалпы билим берүү сыяктуу эле кыргыз тилин окутуу процесинин жүрүшү, анын натыйжасы толугу менен сабакта колдонулган методдорго ( иш - аракеттерге ) көз каранды. Кандай гана мыкты метод болбосун, ал дидактикалык теориялык жактан толук негизделбесин практикада сыналып (апробацияланып) текшерилбесин, ал өз алдынча турганда болгону идея бойдон кала берет.

Ошондуктан, төмөндө мамлекеттик тилди окутуунун интерактивдүү методдорун практикада ишке ашыруунун жолдорун көрсөтүүнү туура көрдүк.

Жалпы эле билим берүү коомдук-социалдык көрүнүш болгондуктан, ал коомдук өзгөрүүлөргө жараша өзгөрмөлүү келет. Мындай өзгөрмөлөр, баарыдан мурда, сабакта болот. Бүгүнкү кыргыз тил сабагы формалык, мазмундук жактан да, анда колдонулган метод-ыктары, каражаттары боюнча да олуттуу өзгөрүүлөргө, толуктоолорго муктаж. Мамлекеттик тил адамдын таанып билүү ишмердүүлүгүнүн инструменти, ой жүгүртүүнүн формасы жана аны өнүктүрүүнүн каражаты катары кызмат кылат. Методика илими тилдин мындай феноменалдуу өзгөчөлүгүн эске алуу менен тилди окутуунун максатын аныктайт.

Мамлекеттик тил боюнча өтүлүүчү ар бир сабак- кандайдыр бир рамкага чектелбеген, кайталангыс, өзгөртүүгө, кошумча - алымчага дайыма дуушар болуучу өзгөрмөлүү» өнүгүүчү жандуу процесс.

Кыргыз Республикасынын окуу жайларында предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепцияларында: «Өсүп келе жаткан муундарды улуттук маданият, элдик каада-салт, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктар менен тааныштыруу, ошол эле учурда аны жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштыра ишке ашыруу»- деп айтылган ( Бишкек, 1955,3) Бул талап, баарыдан мурда, мамлекеттик тилди окутууга,ал боюнча сабак өтүүгө коюлган негизги талап деп түшүнөбүз.

Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары окутуунун сапатын жогорулатуу, өтүлүүчү сабактардын формасына, мазмунуна олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүү, сабак процессин мезгил талабына шайкеш өткөрүү маселелери тууралуу кеп кылганда билим берүү процессинде улам кеңири колдонула баштаган интеграцияланган сабактар жөнүндө токтолуунун зарылдыгы бар. Интеграция латын тилиндеги « integratio» деген сөздөн алынып, «калыбына келтирүү», «толуктоо» деген маанини туюнтат. Педагогикалык өңүттөн алып караганда ал термин катары белгилүү бир процессти, ал-абалды билдирип, илимдердин жакындашуу жана байланышуу процессин, өзүнчө бөлүктөрдүн бир бүтүндүккө биригүү абалын, ошондой эле бир бүтүндүккө биригүүгө алып баруучу процессти туюндурат.

Элдик педагогикада да, илимий педагогикада да бул кубулушту айланып өтө алган эмес. Ушундан улам интеграция түшүнүгүн педагогикадагы жаңы нерсе деп айтууга болбойт. Ал дайыма болуп, таалим- тарбия берүү иштерин коштоп келген, коштоп жатат.

Педагогика илимине, билим берүү процессинин өзүнө кирип жаткан интеграция кубулушунун азыркы жанылыгы эмнеде? деген суроонун пайда болушу мыйзам ченемдүү. Анын негизги жаңылыгы мурдатан илим катары калыптанып, өнүгүп, анын негизинде билим берүүнүн, окутуунун өзүнчө предмети болгон дисциплиналарды бириктирип, бир бүтүн предмет (сабак) катары окутууга сунуш кылышында турат. Ал эми интеграциялоонун башкы максаты окуучуларга ар түрдүү предметтерден алган билимдеринин биримдигин, билим берүүнүн кайсы предмети болбосун алар бир бүтүндүктү түзө тургандыгын түшүндүрүүнү, жеткирүүнү көздөгөнү менен түшүндүрүлөт. Түпкү максаты- студенттер курчап турган дүйнөнүн биримдигин билип, ага жараша мамиле кылууга, ишмердүүлүккө үйрөтүү, көнүктүрүү.

Мында, баарыдан мурда, кыргыз тили менен адабияттын синтези, андан соң кыргыз тилинин тарых, адеп, география, музыка ж.б. предметтер менен интеграцияланышы мазмундук жактан болот.

Айтылган теорияны практикада далилдөө максатында мамлекеттик тилди окуп үйрөнүүдө интерактивдүү методду колдонуу аркылуу фразеологизмди окутууну көрсөтсөк.

Интерактивдүү метод- азыркы билим берүүнүн жаңы инновациялык методу.

«Инновация» - эки сөздөн турган, латын тилинен кирген термин. Термин катары бул сөздүн колдонуу чөйрөсү өтө кеңири, билим берүүдө гана эмес, өндүрүштө, илимде, башкарууда ж.б. бүгүнкү күндө активдүү колдонулат. Негизги лексикалык мааниси өзүнөн (ичинен) өзгөрүү (жанылануу).Окутууга инновациялык мамиле кылуу окутуунун салттуу системасын, методдорун, формаларын жана каражаттарын танбайт, жокко чыгарбайт. Аларга өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизет.

Интерактивдүүлүк-бул студенттин жөндөм-шыгына, суроо-талаптарына негизделип, билим берүүнүн майнаптуулугун арттырууга, өркүндөтүүгө жана жаңылоого (инновацияга) багытталган, окутууга болгон мамиле, дидактикалык иш аракеттердин системасы.

Бул методдун өзгөчөлүгү жөнөкөйдөн татаалга өтүлөт. Дискуссиялык суроолорду берүүчү, баяндоочу, байкоочулар шайланат.

Өтүлгөн темаларды кайталоо үчүн имитацияга (проблемага карата өздөрүнүн мамилесин билдирүүгө) токтолобуз. Өздөрүнүн жоопторун «Пикирлер шкаласына» салып коюшат. Берилген проблемага сынчыл ой жүгүртүүсү, ага карата өзүнүн пикирин айтуу үчүн кластер түзүү колдонулат.

Сабакты жыйынтыктоодо КНМД ( көз караш, негиздөө, мисал, демек) формуласы түзүлөт. Анын негизинде РАФТ ( роль, реклама,

сүрөт, аудиториялык форма) аткарып келүү берилет. Өтүлгөн тема боюнча Венндин диограммасын түзөбүз. Окутуунун илимийлүүлүк принцибине ылайык илимде такталган маалыматтар берилүүгө тийиш.

Билим берүүнүн мазмунунун бардык элементтери, билим, билгичтер, чыгармачылык менен болгон эмгек, айлана-чөйрөгө карата эмоционалдуу мамиле сакталуусу керек.

Сабак класстер түзүү менен башталат. Сабактын максаты-фразеологизм боюнча алынган теориялык билимди бышыктоо. Сабактын ар бир бөлүгүндө жекече ой жүгүртүү, оюн далилдөө, жыйынтыктоо, аны жактоо талап кылынат.

Кайталоо бөлүктө тарыхка кайрылып, алдыга ой жүгүртүүнү талап кылган тапшырма берилет.

Кайың барбы, кыргыз балта чаппаган,
Кырлар барбы, кыргыз сөөгү жатпаган,- деген саптар жөн эле айтылбаган чыгар. Б.з.ч.201-жылда 3-5 кылымда эле кыргыз мамлекети көз карандысыз мамлекет болуп түзүлүп, 7 жыл турган. Ошол кылымдан ушул 21 кылымга чейин канчалаган тарыхты башыбыздан кечирип, кыргыз мамлекетин сактап, кыргыз улуту болуп жашап келе жатканыбыз чон сыймык.

Кыргыз эли көчмөндүү калк болгондуктан, көчүп жүрүүгө ыңгайлуу боз үйдү колдонуп келишкен.

Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына карата түзүлгөн класстерди «боз үйдүн» моделине ыңгайлаштырабыз.

Фразеологизмдерди берилген суролордон табабыз.

1-суроо Кыргыз элинин «түндүгү» болуп, эл үчүн кызмат кылган белгилүү инсан ким? ( Чыңгыз)

2-суроо Сөзгө сараң каарман ким? ( Данияр)

3-суроо Армандуу махабаттын айыпкери ким? ( Илияс).

4-суроо Кара тоодон көч келер, көч келгенде,
Колумду чечмында бир иним Абдилхан

Ала-Тоодон көч келер, көч келгенде
Колумду чеч, анда бир иним Абдылхан.
Жарманкеден күтпө мени Бегимай,
Саралам да жайланды, менин колу-бутум байланды.
Кимдин ыры? (Раймалыныкы).

5-суроо Өз бактысы үчүн күрөшкөн каарм

6-суроо Жамийладай болуп кабатталган кыйынчылыктарды башынан кечпестен эле, аны жактырганы үчүн кылчактабай эле баш кошту. Ким? (Асел)

7-суроо Балык болуп сүзүп кете албасыңды билдиң бекен?! ( кайсы каарман жөнүндө сөз болуп жатат) Бала жөнүндө

Өтүлгөн теманы кайталоодон кийин жаңы темага өтүүдө доскага сүйлөмдөрдү жазып, фразеологизмдерди таап, аларга талдоо жүргүзөбүз. Чыңгыздын күткөн эли үй көтөргөнгө шашышты.

«Үй көтөрүү»- жаңы боз үй тигүү, келген коноктор үчүн жаңы үй тигүү. Эки компоненттен турду, кепке даяр материал катары колдонулду, образдуу, лексикалык бир бүтүндүккө ээ, фразеологиялык бирдик.

Данияр сөзгө сараң Адам эле. «Сөзгө сараң» - кепке даяр материал катары колдонулду, эки компоненттен турду. Өзүнүн алгачкы лексикалык маанисинен алыстап, мани жактан ширелишип, «көп сүйлөбөгөн» деген мааниге айланып, лексикалык бир бүтүндүктү түздү. Анда образдуулук бар. Семантикалык жактан өз ара түрлөргө ажыратканда бул - фразеологиялык бирдик. Себеби, компоненттердин алгачкы лексикалык маанилери берип турган маани менен фразеологиялык маанинин ортосунда байланыш бар экендиги сезилип турат.

Бугуну көргөндө анын кабыргасы кайышты. «Кабыргасы кайышты»- фразеологиялык ширешме, эки компоненттен турду, лексикалык бир бүтүндүктү түздү, кепке даяр материал катары колдонулду , образдуу, «образдуу кыйналуу» деген маанини айланды.

Сабакты бышыктоодо «Аяккан» аттуу баш катырманы чечебиз.

Туурасынан:

1. Үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган батыр ким ? ( Манас)

4. Он эки кыздын кенжеси, карасурдун сулуусу ким? (Каныкей)

Тигинен:

2. Ойротто жок батыр болуп чыга келди. (Сейтек).

3. Кошойдун батасынан бүткөн баатыр ким? (Семетей).

Жогорудагы башкатырмада кездешкен фразеологизмдер булар:

1. «Үзүлгөндү улоо», « Чачылганды жыйноо»
2. « Кара Сурдун сулуусу»
3.« Ойротто жок»
4 «Кошойдун батасынан бүтүү.»

Үйгө тапшырма бул фразеологизмдерге талдоо жүргүзүп келүү берилет. Чыныгы окутуучу студенттин ал өзүн инсан катары

сезүүсүнө жардам берип, аны өзүн, турмушту, дүйнөнү таанып билүүгө, адамдык кадыр-баркты сезе билүүсүнө тарбиялайт.

Чыныгы сабак - баарына жана бардыгына көңүл бурулуп жана убакыт жетишкен сабак. Сабак - окутуу - тарбиялоо ишин ишке ашыруучу негизки форма.

Окутуу - тарбиялоо бул күрмөгө тагылган сыдырма сыңары: күрмөнүн эки өңүрү сыдырманын шашылбаган кыймылы - чыгармачыл ой менен бир эле мезгилде жана бекем топчуланат. Новатордук иште жаңылык киргизүүнүн кажети анчалык болбойт, иштин натыйжалуулугуна көңүл буруу керек. Сабакты жыйынтыктоодо Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына карата КНМД формуласын түзөбүз:

Көз караш:Суроолор эмне жөнүндө болду?
Негиздоо:Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына арналат
Мисал:Жамийла, Асел ж.б. жөнүндө
Демек: Жазуучунун зор талантына таазим эттик.

**Венндин диограммасын түзөбүз.**

| № | Жамийла | № | Асел |
|---|---|---|---|
| 1. | Ч.Айтматовдун карманы | 1. | Ч.Айтматовдун карманы |
| 2. | Өз бактысы үчүн күрөшөт | 2. | Өз бактысы үчүн күрөшөт |
| 3. | Катаал кыйынчылыктарды башынан өткөрөт | 3. | Катаал кыйынчылыктарды башынан өткөрөт |
| 4. | Өз бактысын Даниярдан табат | 4. | Өз бактысын Бектемирден табат |

Студенттердин негизги көпчүлүгү азыр чын дили менен окууну каалашат.
Алар өздөрү бизге алар менен иштөөнүн методун берип жатышат.
Ал жол - мезгилдин терең процесстерин чагылдырган жол.
Азыр бирге жаратуунун, бирге ойлонуунун сабагын уюштуруу керек,
инсан катары калыптанышына тарбиялоо, алган теориялык билимдерин практикада айкалыштырып өнүктүрүү бүгүнкү күндүн негизги талабы болуп эсептелет.

***Т.Ж. Асанов , НМУнун аспиранты***

# ТОКТОГУЛ САЙДАЛЫ УУЛУНУН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ

Элибиз эгемендүүлүктү алгандан жылдардан тартып тартып тарыхыбызды, тилибизди, маданиятыбызды ж.б. улуттук уңгунун, башаттын негизинде кайрадан сыдыргыга салып иликтеп, жаңыча баа берип изилдөө иши колго алынды. Бирок кээ бир көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрүбүз көмүскөдө калып, унутулуп бара жаткандары да жок эмес.

Айтайын дегеним, XIV кылымда Толубай сынчы, Асан Кайгы, Жейренче чечендер менен замандаш жашаган, өз мезгилинин чыгаан, даанышман ойчулу Токтогул Сайдалы уулунун акындык талант дарамети, атуулдук бейнесинин бети ачылбай, чыгармалары унутулуп бара жаткандыгында. Башкасын айтпаганда да, эл арасында айтылып жүргөн “Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол” деген лакаптагы, аңыз кептеги Токтогулду окурмандар кечээ кийин эле жашап өткөн нускоочу демократ-акын Токтогул Сатылган уулу менен чаташтырып жүргөнүн угуп да, көрүп да жүрөбүз. Мунун негизги себеби, Токтогул (Сайдалы уулу) ырчынын өмүр таржымалы, чыгармалары тууралуу так маалыматтардын жоктугу. Анын тек гана элдик оозеки чыгармаларда, аңыз кептерде, уламыштарда жашап келгендигинде. Ушундан улам ысымы уламышка айланган Токтогул ырчынын кайсы мезгилде жашап өткөндүгүн, анын эл оозунда айтылып калган айрым ырларын, санаттарын тактап, изилдөө зарылчылдыгы турат.

Токтогулдун атасы Сайдалы Баткендин Бужун (мурунку Кожо-Илгар) деп аталган аймагынан чыккан, аты Самаркантта таанымал белгилүү соодагерлерден болгон. Ошондуктан аны Сайдалы – Караван деп аташса керек. Сайдалы уулу Токтогулду да соодагерликке көндүрүп жанына ала жүргөн. Токтогул барган жеринде эл ортосуна чыгып кыпчак сазы менен таң атканча ырдап, ал тургай аш-тойлор ансыз өтчү эмес экен[17]. Демек, Токтогул ырчы өз заманынын өрнөктүү өнөр ээси болгону талашсыз. Бирок Токтогул кайсы мезгилде жашап өткөн деген суроо туулушу мүмкүн.

Жер жалмаган нечени,
Асан Кайгы даанышман,
Күткөн экен жаныбек,
Ал замандын калысы.
Жейренче деген чечenди.
Төлөн мырза баласы
Ошол Жаныбек күтүптүр,
Анык билет буларды,
Токтогул деген ырчыны,
Ак калпактуу кыргыздын,

[17] Мурзапар ?с?н Токтогулдай ырчыны айт… (Кетмен-Т?б?л?к эмес, Самарканттык) Заман Кыргызстан // 1993-жыл февраль

Толубай деген сынчыны.
Көп жашаган карысы[18],

Демек, Токтогул ырчы зулум, ачкөз Жаныбек хандын тушунда Толубай сынчы, Асан Кайгы менен бир мезгилде жашаган.

Культура в целом является той областью, в которой привычное историческое противостояние народов приобретает сложный, особенно драматический и острый характер. Именно с точки зрения взаимодействия культур глобализация представляет собой чрезвычайно сложный и противоречивый диалектический процесс. По различным причинам многие культурные особенности одних народов не только не совпадают с культурными особенностями других народов, но и отрицают друг друга. Причем культурные различия проявляются в первую очередь на уровне ценностей, затрагивающем как повседневную, так и глубинную, имеющую отношение к духовным основам народа, жизнь. Именно по этой причине тенденция к обособлению, основывающаяся на специфичности культуры и естественном желании сохранить ее, не менее сильна, чем тенденция к интеграции. Действуя одновременно, обе эти тенденции образуют диалектическое противоречие, выступающее как движущая сила изменения культуры, которое в любом случае совершается на основе базовых ценностей, часть из которых с необходимостью утрачивается в условиях интеграции культур, а часть получает развитие в новых формах, тяготеющих ко всеобщей унификации.

Таким образом глобализация с неизбежностью ведет к созданию мегаобщества, в котором одни сообщества, наиболее преуспевшие в материально-техническом отношении, чувствуют себя вполне комфортабельно, а другие по тем или иным причинам отторгают его.

***Сыдыков Ж. С., филос.илим.доктору***

***Шерстнёв М. П., мед.илим.доктору,***

## ЭЛИТАЛУУЛУКТУН СОЦИАЛДЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК КРИТЕРИЙИ

Байыркыдан азыркы мезгилге чейин адам коомунда кээ бир адамдар башкаларды башкара алышкан, б.а. башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан да, бул мүмкүнчүлүктөр коомду

социалдык таптарга бөлгөн. Деги бул таптар эмнени эске салышат да, алар кандай болушат?

Биз башкаруу – бул табияттын универсалдуу мыйзамы: ар кандай адамдык популяцияда бүткүл популяцияны башкаруу жаатында тең эмес адамдар топтору болгону танууга мүмкүн болбогон табигый тарыхый факт дегенден чыгабыз. Башкаргандар жана аларга баш ийгендер дайыма болушкан, бар жана түбөлүк болушат. Бирлери башкарууга, башкалары иштөөгө тийиш. Эмне үчүн мындай?

Кыскача айтканда, ар кандай ишмердүүлүктө дайыма эки негизги компонент, атап айтканда – башкаруу жана аткаруу, болот. Жамааттык эмгек процессинде айрым адамдардын көңүлү бир гана башкарууга же бир гана аткарууга топтолот, буга ылайык – көрсөтүлгөн компоненттердин функционалдык специализациясы, специализацияланган функцияларды алып жүрүүчүлөрдүн башкаруучуларга жана аткаруучуларга персонификацияланышы жүрөт. Башкаргандарга жана баш ийгендерге бөлүштүрүү ушундайча болуп өтөт.

Жамааттык ишмердүүлүктүн субъектилерин башкаруучуларга жана аткаруучуларга бөлүү бардык түрлөрдөгү жандуу организмдердин өз ара аракеттенишүүсүнүн негизи болот. Так ошондуктан адам коомчулугунда иш мындай болот, эгерде баары башкара башташса - бүлгүн, эгер баары иштей башташса - башаламандык болот.

Ошентип, ар кандай коом эки формалдашкан тапка бөлүнөт – башкаручулар табына, *элитага* жана аткаруучулар табына, *элге.* Биринчи чукулдоодо башкаруучу тап менен аткаруучулар табынан башка эч нерсе табиятта жок.

Жамааттык ишмердүүлүктүн түзүмүндө башкаруу эки маанилүү аспектиге ээ болот: а) башкаруу функциясынын өзү; б) башкаруу функциясынын материалдык алып жүрүүчүсү. Адамдардын бирикмелерин башкаруу функциясы бул – башкаруунун теориялык (идеалдуу) аспектиси; бул – айрым адамдарды жана алардын жамааттарын башкаруу эрежелери. Жана бул функцияны аткаруу башкаруунун түз сызыктуу эмес процесстерин пландоого, ишке ашырууга жана прогноздоого жөндөмдүү өзгөчө психологияны талап кылат. Башкаруу психологиясы башкаруунун материалдык алып жүрүүчүсүндө - башкаруучуда, башка адамдарды башкарууга жөндөмдүү адамда камтылган.

Адамдардын тобун башкаруу үчүн башкаруучунун башкаруучулук функцияга психофизиологиялык шайкештиги зарыл. Түпкүлүгүндө, бул – башкарууга генетикалык алдын ала ыктагандык, башкаруучулук операцияларды аткаруу тубаса жөндөмдүүлүгү. Жөнөкөй айтканда, табияты боюнча, психикасынын абалы боюнча башка адамдарды башкаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушкан адамдар төрөлүүгө тийиш.

Бардык эле адамдар башкаруу жөндөмүнө ээ болушпайт. Бул – башкарууну жүзөгө ашыруу жаатындагы адамдардын психофизиологиялык тең эместиги. Ушул себептен улам, популяциянын негизги массасы өзүн башкаруу ыйгарым укуктарын өкүлдөрү тиешелүү генетикага ээ адамдардын өзгөчө коомдоштугуна (башкаруучу тапка) беришет. Ушул негизде кызматташкан таптардын – эл менен элитанын биримдиги жаралат. Эл башкаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болбойт (иштөө жөндөмдүүлүгүнө ээ болот) да, эл башкаруучу таптан кесипкөй башкаруучуларды «жалдайт» - аларга салыктардын жана жеңилдиктердин аркасы менен маяна төлөйт.

М.П.Шерстнёв адамдык системалардын өзүн уюштуруусу ар бир популяциядан дароо эле элиталык катмар бөлүнгөнү менен байланышкан деп эсептейт. Анда башкаруучу таптын саны болжол менен 10-20%ды түзөт. Түпкүлүгүндө бул сан адамдардын каалаган бирикмесин башкаруу үчүн жетиштүү. Азыркы коомдо башкаруучу тапка калктын 30-40%ы кирет. Бул башкаруунун рационалдуу эместигин, башкаруучу тапта артыкбаш адамдардын бардыгын көрсөтөт[24].

Башкаруучулар табы (элита) аткаруучулар табынан (элден) эмнеси менен айырмаланат? Көрсөтүлгөн бөлүштүрүүнүн негизинде социалдык-психологиялык критерий – «элиталуулук» жатат.

*Элиталуулук* – бул адамдын башкаруучулук чечимдерди кабыл алуунун натыйжаларын жоопкерчиликтүү прогноздоого жөндөмдүүлүгү. Жоопкерчиликтүү прогноздоо – бул оператордун башкарылуучу объектинин оптималдуу жашоосун жана эффективдүү ишмердүүлүгүн башкарылуучу популяциянын, же берилген индивид таандык болгон популяциянын алдында жооптуулук шартында (жетекчи катары гана эмес, анын элементтеринин бири катары дагы) прогноздоосу.

Элиталуулук адамдын коом алдындагы жоопттуулугун шарттоочу руханий муктаждыктарынын таасири астында калыптанат[25]. Философиялык көз караштан алганда элиталуулук индивидде философиялык акыл-эстүү прогноздоочу ой жүгүртүүнүн болушун билдирет, ал карапайым эстүүлүк жете алгыс дүйнөнүн тереңдигине кароого жана акыйкатты таанып-билүүгө мүмкүндүк берет[26].

Биз башка адамдарды элиталуу адамдар гана – тубаса бийик элиталуулукка ээ адамдар

---

[24] Шерстнёв Михаил. Кто правит нами: психология управленцев. 4-е изд, перераб. и доп. – М.: Русская Правда, 2006. С. 10.

[25] См.: Аратов А. М. Слово главного редактора // Русская правда, 1998. № 1, 1; Гегель Г. В. Дух христианства и его судьба // Философия религии. М.: Мысль, 1975. С. 101-194.

[26] Сыдыков Ж. С. Стиль мышления как хронотоп науки // Studia Universitatis. Seria: Stiinte Umanistece. Universitatea de Stat din Moldova. – Chisinau, 2007. – № 4. – С. 66–70.

гана башкара алышат деп эсептейбиз. Мамлекеттик бейэлитанын (жалган элитанын) башкаруусунун натыйжасы үрөй учурарлык. Жана бүткүл ушул коркунучтуу окуяларды эффективдүү прогноздоого жөндөмдүү элита гана токтото алат. А эл болсо үндөбөйт. Андан акылдуу башкаруучулук ойлорду күтүү макоолук. Элдин функциясы башка.

Мында «акыл», «интеллект», «куулук» түшүнүктөрүн «элиталуулук» түшүнүгү менен аралаштырууга болбойт. «Акылга» шайкеш келген нерсе «элиталуулук» менен эч коошпойт. Башкы айырма элиталуулукка акыл да, интеллект да, куулук да, жана… жоопкерчиликтүү (башкарылуучу элдин алдындагы) прогноздоо да тийиштүү экенинде. Башка сөздөр менен, ар кандай түрдөгү алдамчылар менен ууруларда жогору өнүккөн интеллектуалдык, анын ичинде прогноздоочу функциялар боло алат, бирок аларда башкарылуучу популяциянын алдындагы жоопкерчилик жок – жоопкерчиликтүү мораль жок. Алар куруунун программасын эмес, уурулуктун программасын түзө алышат. Сиз түзө алышат дейсизби? Бирок анда алар элита деп аталышат.

Акылы министрлердикинен ашкан мыйзамдагы уурулар бар. Мындай акылмандар өз чөнтөктөрүн гана прогноздошот. Эгерде аларга бийлик берсе, анда алар бүт мамлекетти жакырдантышат. Бизге бийликтеги акылдуу уурулардын кереги жок. Макоо элита керек болбогондой эле.

Интеллектуалдык элита, же «интеллигенция», бул – элиталуулуктун деңгээлинен көз карандысыз билимдүү жана маданияттуу адамдардын коомдоштугу. Алардын бир бөлүгү элита, а башка бөлүгү – жалган элита, б.а. акылдуулар, бирок элиталуулуксуз. Башында падышасы жок. Интеллигенция менен элита – бул ар башка нерселер.

Элиталуулуктун психологиялык өбөлгөсү абстракттуу ой жүгүртүү болуп саналат. Абстракттуу ой жүгүртүүнүн прогноздоочу мүмкүнчүлүктөрү популяциянын жан сактоосун аныктайт. Мисал. Бир адам окуяларды жакшы прогноздойт; ал бирикмени жетектесе – бирикме жан сактайт. Башка адам начар прогноздойт; ал бирикмени жетектесе – бирикме жок болот, анын ичинде жетекчи да. Ушинтип эволюциянын жүрүшүндө жамаатты жетектөө жана мындай жетекчиликтин учурунда пайда болуучу окуяларды прогноздоо жөндөмдүүлүгү калыптанган.

Абстракттуу ой жүгүртүү элиталуулуктун өбөлгөсү катары эки өз ара байланышкан багыттарда жүзөгө ашырылат:

1. Башкаруунун объектисинин өндүрүштүк ишмердүүлүгүн прогноздоо – психологиялык, социалдык жана экономикалык деңгээлдерде башкаруу.

2. Жоопкерчиликтүү мораль – башкаруунун объектисинин руханий муктаждыктарын канааттандырууну прогноздоо – идеологиялык деңгээлде башкаруу.

Индивидуалдуудан бийик тажрыйбаны берүү аркылуу абстракттуу ой жүгүртүү адамга агрессиянын каражаттарын, жоокердик таш балталардан баштап стратегиялык арналыштагы ракеталарга чейин, өнүктүрүү мүмкүнчүлүгүн берди. Уурулар жакшы өнүккөн абстракттуу ой жүгүртүүгө ээ, аны адамдарга зыянга колдонушат.

Бирок ошол эле абстракттуу ой жүгүртүүдөн адамдын акыл-эстүү жоопкерчилиги да өсүп чыгат, ал эч нерсе токтото албаган интеллекттин коркунучуна каршы турат – жоопкерчиликтүү мораль, тормоздоочу механизмдерди – адептүүлүктү, абийирдүүлүктү түзүү аркылуу агрессияны ооздуктоо.

Жоопкерчиликтүү моралды алып жүрүүчүлөр элитанын маңызы, жана ал эрк эркиндигинин чек араларын аныктайт[27]. Эрк эркиндиги адам «эмне каалаcompletely, ошону жасай алат»[28] деген маанидеги мыйзамдардан эркиндик эмес, жоопкерчиликсиздиктин өзүм билемдиги эмес. Адамдын эркин эрки жоопкерчиликтүү моралдын катаал мыйзамдарына баш ийдирилген. Жана биздин эркиндикке умтулуубуз моралдын мыйзамдарынан, жоопкерчиликтүү жүрүм-турумдун мыйзамдарынан башка мыйзамдарга биздин баш ийүүбүзгө жолтоо болуу үчүн жашайт.

*С.С. Иманалиев,филос.и.к., доценттин м.а.*

## НАРЫН ОБЛУСУНУН 70 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ЭНЦИКЛОПЕДИЯНЫН ТҮЗҮЛҮҮ ТАРЫХЫНАН.

Кыргызстан - биздин Ата мекенибиз, анын тарыхын билүү зарыл. Мекен аймактардан, жарандардан жана мамлекеттин атрибуттары болгон желек, гимн, герб жана борбор шаардан турат. Бул энциклопедиядан сен өзүң мекендеген Нарын облусунун социалдык - экономикалык турмушундагы маанилүү окуяларды, тарыхый фактыларды жана өткөн доорлорго өзүнүн эмгегин, өмүрүн калтырган тарыхый инсандар жөнүндө маалыматтарды табасың.

---

[27] См.: Алексеев С. С. Самое святое, что есть у Бога на земле. М.: НОРМА, 1998. 416 с.; Кант И. Сочинения на немецком и русском языках. Трактаты и статьи (1784-1796). М., 1994. Т. 1. 281 с.; Ницше Ф. Сочинения в двух томах. М.: Мысль, 1997б. Т. 2. 830 с.

[28] Лоренц К. Агрессия. М.: Прогресс, Универс, 1994. 272 с.

Нарын облусунун 70 жылдыгына арналган энциклопедиянын редакциялык курамы бир нече комиссияга бөлүнүп, өз алдыларынча иш алып барышты. Мурунку Нарын облусунун энциклопедиясына (1998-ж) кирбей калган кийинки он жылдыктагы экономика, маданият, социалдык өнүгүү, жаңы инсандар ж.б.у.с. жөнүндө маалыматтар өзүнчө комиссия тарабынан, ал эми мурунку китептеги маалыматтарды (1998-2009жж. чейинкилерин) тактоо, толуктоо иштерине облустун 5 райондук администрациялары, Нарын шаарынын тиешелүү мекеме жетекчилери тартылышып, өзүнчө комиссиялык курамга мүчө болуп киришти жана китептин авторлорунун катарын толукташты. Илимий популярдуу китепти даярдоо, жаңы материалдар, маалыматтар менен толуктоо түйшүктүү жана жооптуу иш болгондуктан, биз Нарын облустук архив мекемесине, облстатка, райондук администрациялардын энциклопедия үчүн жооптуу инсандарына активдүү жардамдарды беришкендигине терең ыраазычылык билдиребиз.

70-жылдыкка карата китепти чыгаруу жөнүндө маалымат менен толук кабардар болгон облустун жарандары райондук администрациялардын ж.б. уюмдардын көмөктөрү аркылуу жаңы инсандар редакциялык кеңеш тарабынан иштелген белгилүү критерийлердин негизинде китепке киришти. Мисалга алсак, мурунку энциклопедияга салыштырмалуу аталган китепке Ак Талаа районунан 96 киши, Ат Башы районунан 42, Кочкор районунан 80, Жумгал районунан 107, Нарын районунан 36, Нарын шаарынан 94 инсандын ысымдары менен жаңыдан толукталды. О. эле энциклопедияда жаңы баптар ачылып, аларда облустагы Социалисттик Эмгектин баатырлары, Нарын облусунун, Нарын шаарынын, райондордун биринчи катчылары, акимдеринин өмүр баяндары, эмгек ишмердүүлүктөрү чагылдырылып, сүрөттөрү менен басылды.

Облустун тарыхына кийинки он жылдыктагы социалдык-экономикалык, маданий өнүгүүнүн көрсөткүчтөрү, статистикалык, хронологиялык маалыматтар камтылды. [1] Биз, ал толуктоолордун, айрымдарына гана токтоло кетели. 1941-45-ж. Улуу Ата Мекендик согушта Нарын дубанынын калкы фронтко көптөгөн уулдарын жөнөтүп, тылда фронт үчүн зор эрдик менен эмгектенишкен. 1941-жылдын июнунан 1944-жылдын сентябрына чейин Кырг-ндан согушка 363144 жоокер чакырылса, алардын 7,6% Тянь-Шань облусунан болгон. Фронтко облустан 4,3 миң ат, 89 автомобиль жөнөтүлгөн. Мындан сырткары облустун калкы фронттогу коргонуу иштерине 2207 миң сом, 1194 ц эт жиберишкен. Кызыл Армия фонду үчүн ж-а танка м-н самолёт курулушуна деп 11363 миң сом чогултулган. Жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө жардам иретинде 367319 миң сом, 36909 кг азык-түлүк жөнөтүшкөн.

Улуу Ата-Мекендик согуш мезгилинде Нарын облусунун эмгекчилеринин «Тыл-фронтко!», «Бардыгы фронт үчүн, бардыгы Жеңиш үчүн!» деген кыймылга кошкон салымдары зор. Айыл-чарба ишине 1290 мектеп окуучулары, 10650 аял-кыз мугалимдерден жардам болуп, 600 миң эмгек күн табышкан. Кочкордун Аралынан Жоро Жаңыбаев 50 миң сомун танкалык колонна курууга жиберген. Ак-Талаадан белгилүү акын-жазуучу Абдыкалык Чоробаев 50 миң сомду согуш самолетун курууга жиберип, Сталиндин өзүнөн алкыш алган. Кочкордун кыз-келиндери 215 топ жүн байпак, 200 топ жүн колкаптарды фронтко жөнөтүшкөн.

Ат-Башынын Ак-Жарынан Чоробаева коргоо фондуна 2100 сом, 5 кг Сары май, 5 кой, жылуу кийим комплектисин, 15 кг жүн жиберген. Нарын облусунун эмгекчилери коргоо фондуна танка жана согуш самолёту үчүн 15млн. сом накталай, 81 млн. 608 миң сом облигация түрүндө жана 14 кг алтын, 8628 тонна буудай, 4517 тонна эт, чоң көлөмдө сары май жана жүн жөнөтүшкөн. Бул жардамдардын бардыгы дубандын эли ач-жылаңач, ачка отурганына карабай ар түрдүү жолдор м-н жыйналган. Айрым учурларда мажбурланган ыкмалар менен топтолгон. Нарын дубанынан чакырылган жоокерлер фронттун бардык бөлүктөрүндө согушкан. Панфиловчулар Жаңыбаев, Кадыров, Садабаев, Мамбетов, Токтомушевдердин эрдиктери элге даңазаланган.

Улуу Ата Мекендик (1941-1945 жж) согушка Кыргызстандан катышкан жоокерлер жөнүндө маалыматтар

| Кырг-дан согушка катышканы | «Баатыр» наамын алгандары | Орден, Медалдар м-н сыйлангандары | Элине кайткандары | Согушта курман болгондору | Согуштун майыптары | Азыр көздөрү тирүүлөрү | | «Даңк» орденинин толук кавалерлери |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Согуштун ардагерлери | Тылдан эмгектенгендер | |
| 363 миңден ашуун | 73 | 150 миңден ашуун | 130 миңдей | 150 миңдей | 3200 | 11 миңдей | 20 миң | 22 |

Улуу Ата Мекендик (1941-1945 жж) согушка Нарын өрөөнүнөн катышкан жоокерлер жөнүндө маалыматтар

| Согушка катышкандардын саны | «Баатыр» наамын алгандар | Орден, медалдар м-н сыйлангандары | Согушта курман болгондору |
|---|---|---|---|
| 22,5 миң | 2 | 13 миңден ашууну | 7554 |

Арабызда аман-эсен жүргөн согуштун ардагерлери

| Жалпы облус боюнча | Ак-Талаа | Ат-Башы | Жумгал | Кочкор | Нарын району жана Нарын шаары боюнча | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 527 (2005-ж.) | 49 | 115 | 87 | 139 | 137 | |
| 183 (2009-ж.) | 18 | 50 | 31 | 38 | 29 | 16 |

Нарын облусунан Асанов Дайыр 1943-жылы Советтер Союзунун баатыры деген наамга, 1944-жылы Чортеков Анварбек Советтер Союзунун Баатыры деген наамга татыктуу болушкан. Ал эми «Даңк» орденинин толук кавалерлери М. А. Аубакиров, Н. Байтурсунов, У. Бейшеевдер болушкан. Согуш мезгилинде Нарын дубанына 1826 адам эвакуацияланып, алардын бардыгы үй, жумуш менен камсыз кылынган.

Билим берүү. 1993-1995 жылдары Нарын облусунда 142 мектеп, 56675 окуучу окуган, 4998 мугалим эмгектенген, мектептерде жана балдар бакчаларда инновациялык технологиялар пайдалана баштап, атайын орто мектептерде кабыл алуу экзамендер компьютер аркылуу алына баштаган. 2008-2009 ж. жалпы облус боюнча 5733 мугалим эмгектенет, 59184 окуучу билим алат, 5 жаңы типтеги мектептер курулган.Мектептердин материалдык техникалык базалары чыңалып, бардык мектептер аудиовидео, компьютерлер менен жабдылган.

Мектепке чейинки тарбия. Нарын облусунда мектепке чейинки 22 мамл-к, 2 ведомстcovолук бала бакчалар иштеп жатат. Б.б. сыйымдуулугу 2215 орунга эсептелген, учурда 85 группада 2045 бала тарбияланып жатат.

Облуста мектептен сырткаркы 18 мекемелер иштейт. Анын ичинен 4 музыкалык, 7 балдар ж-а уландар спорт мектеби, 1 Олимпиадалык резервдеги балдар ж-а уландар спорт мектеби, 3 балдардын билим борбору (ДОЦ), 1 чыгармачылык борбор, 2 искусство мектеби. Аларда 238 мугалим, тренерлер ж-а техникалык персоналдар иштейт. 2007-2008 окуу жылында бул мекемелерде 4607 окуучу тарбияланса, 2008-2009 жылы окуучулардын саны 5060 чейин өскөн.

Жалпы билим беръэчъ мектептер. Коомдун турмушундагы ири социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр мектепке чейинки билим берүү тармагына да таасир тийгизбей койгон жок. 2005-ж. 1991-ж. салыштырмалуу Нарын облусунда балдар мекемелерине барган балдардын саны 3722 балага, ал эми айыл жергесинде 1015 балага кыскарган.

Кыргыз Респ-сы эгемендүүлүккө ээ болгондон бери «Билим берүү мыйзамы», Билим берүүнүн мамлекеттик доктринасы, «Билим» (1996-ж), «XXI- кылымдын кадрлары» (1995-ж.), «Жеткинчек» (1999-ж), «Аракет» (1998-ж) ж.б. маанилүү документтер кабыл алынган «Өнүгүүнүн комплекстүү негиздери» программасында да жакырчылыкты жоюу максатынын бир багыты катары билим берүүнү эл аралык деңгээлге шайкеш өнүктүрүү жана реформалоо маселелери белгиленген. Нарын облусунда 2005-2006-окуу жылында 137 мектеп болсо, анын ичинен 123ү же 90%ы айылдык мектептер болгон.

1996-1997 окуу ж. облуста жалпы билим беръэчъ134 мектеп, а.и.124 орто, 5 толук эмес орто, 5 башталгыч мектеп, булардан тышкары Кочкор айылында 1 менчик башталгыч мектеп , 1 менчик мамлекеттик кыргыз-түрк лицейи иштеген. Буларда 63,7 миң окуучу окуп, 5,3 миң мугалим эмгектенген. 1996-ж. 4,1 миң окуучу орто мектепти бүтүшкөн. Облустагы 6 спорт мектебинин 9 секциясында 900 дөй окуучу машыгат. Балдар чыгармачылыгын өстүрүүчү 4 борбордо 60тан ашуун ийрим иштейт. Аларга 100дөн ашуун окуучу тартылган. 2008-2009 ж. жалпы облус боюнча билим берүүчү 138 мектеп, а.и. 132 толук орто, 3 толук эмес орто, 3 башталгыч мектеп. Булардан тышкары 4 балдардын билим берүү борборлорунун, шаардагы искусство мектептин базаларында 5 миңден ашуун балдар ар түрдүү ийримдерге катышышат.

Атайын орто билим берүү. Башталгыч класстардын мугалимдерин Нарын педагогикалык колледжи, орто билимдүү айыл чарба адистерин Нарын агрардык-экономикалык колледжи даярдайт. Фельдшер, акушер ж.б. орто билимдүү медициналык адистерди Нарын мед-к окуу жайы даярдайт. Нарын мед-к окуу жайы 1945 жылдан бери иштейт, 2009 ж. чейин 5136 окуучу бүтүргөн, 27 мугалим эмгектенишет, жаңы ыкма менен атайын окутуу-дарылоо комплекси ачылган.

Нарын юридикалык колледжи. Кыргыз мамл-к юрид-к академиясынын алдындагы Нарын юридикалык колледжи 2003 –ж. 12-августта КР президентинин №264 Указынын негизинде (өкмөтүнүн астындагы КМЮА) Ж.Баласагын ат-гы КМУ-нун кадрларды кайра даярдоо жана кесибин жогорулатуу институтунун базасында филиал катары уюшулган. 2007-ж. 28-май КМЮА-н регионалдык филиалы катары НЮК

кайра түзүлгөн. КМЮА-н НЮК-де окуу процесси Академиянын окуу планы жана анын метод-к жетекчилиги астында жүргүзүлөт.

Кесиптик-техникалык билим берүү. Облустун рыноктук мамилеге өтүү мезгилинде кесиптик билим берүүнүн өнүгүүсүнө чет өлкөлүк адистер жана чет өлкөлүк уюмдар менен кызматташуу да жакшы жардам беришкен. 2001-ж. бери Нарын облусунун кесиптик окуу жайларында «Хельветас» Швейцариялык эл аралык кызматташуу ассоциациясынын колдоосу менен «Айылдык кесиптик билим берүү» долбоору 7 кесиптик окуу жайларында «фермер» жана «фермер айым» кесиптерине окутуу жүргүзүлгөн. «Хельветас» айылдык кесиптик билим берүү долбоору менен биргелешип иштешүүдө кесиптик окуу жайларынын теориялык жана практикалык окууларына жаңы инфаструктуралар түзүлүп, инновациялык методдор киргизилип, республикада Нарын облусунун кесиптик-техникалык билим берүү системасы жакшы жетишкендиктерге ээ болгон. Облуста к.т.б.б.о.ж. саны 9. Аларда кесиптин 44 түрү б-ча жаштарга кесиптик билим берилет. Буга чейин № 15 Кочкор, № 30 Достук, № 86 Куланак, № 87 Нарын к.о.ж. респ-к бюджеттен каржыланып келсе, 2008-ж. 27-июнунан тартып № 24 Миңкуш, №26 Чаек, № 32 Атбашы, №50 Оттук к.о.ж. респ-к бюджетке өткөрүлгөн. 6 багыт б-ча жаңы адистиктер киргизилген. К.о.ж. 304 инженер-педаг-к кызматкерлер эмгектенип, 2151 окуучу кесиптик билим алып жатат.

Облустагы жаштар иштери. Облус б-ча жаштардын ж-а өспүрүмдөрдүн башын кошуп турган 132 уюмдар, бирикмелер, кооперативдер бар. Алардын мүчөлөрүнүн саны учурда 26390 адамды түздү. Жаштар уюмдарынын курамындагылардын 2,10% сы ишкердик м-н, курулушта 3,9%сы, мамлекеттик кызматта ж-а мекемелерде 6,7 %сы иштейт.Нарын ш. БАУ кесиптик-техникалык окутуу программасынын чегинде 98 адам кыш кыноочу, жыгач уста, шыбакчы адистиктерине окутулуп жатат. Облуста «Жаш Данакер» Патриоттор ж-а Лидерлер Союзу, «Нуржолбер», «Адеп башаты», «Дил Мүрөк» ж.б., фонддор, маданий борборлор иштейт. Жаштар саясаты чөйрөсүндө иштеген мамл-к ж-а муниципиалдык кызматчы кадрларды даярдоону өркүндөтүү облуста оң жолго коюлган.

Нарын мамлекеттик универстетинин алдындагы мугалимдердин кесибин жогорулатуу адистерди кайра даярдоо борбору. (Нарын ш. Ленин көчөсү № 127) Нарын облустунда 1951-ж. педагок.о.ж.базасында Гоголь ат-гы 2 жылдык мугалимдердин институту ачылган.1974-ж. Тянь-Шань обл. мугалимдердин билимин өркүндтүү инс-ту, 1989-ж. Нарын зоналдык, регионалдык билимин өркүндөтүү инс-ту болуп өзгөргөн. 1991-ж. Нарын обл.б.б.б. алдындагы мугал. билимин өркүндөтүү борбору болуп кайра түзүлгөн. Ошол жылдары борбордо 30 кызматкер иштеген, компьютер кабинети, китепкана ж-а жатакана, ден-соолукту чыңдоо профилакториясы ж-а обл. редакция м-н бирдикте «Таалим» газетасы чыгарыла баштаган. Борбордо эксперименталдык бөлүм жана лабораториялар иштеген. 1996-ж. НМУнун алдындагы мугал. кесибин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо борбору болуп түзүлгөн.

Борбордун негизги максаты: КР б.б. мыйзамынын жана тийиштүү мамлекеттик жоболордун талаптарына ылайык, мугал. кесибин жогорулатып туруу. Борбордун башкы милдети: облустун аймагында мектептерде эмгектенген мугалимдердин, педагогдордун 5 жылда бир белгиленген мөөнөттө курстук кайра даярдоодон өткөрүп туруу. Борбордо компьютердик техника менен окутуу иши жөнгө салынган так илимдер, тил илимдери, табигый илимдер, педагогика көркөм искусство кабинеттери иштейт, анда 11 методист эмгектенет. Борбор тарабынан жылына 24 курс өткөрүлүп жалпы 480 мугалим билим деңгээлин жогорулатып, курстан өтүп турушат. Борбордун директорлору: Жанбоев К, Кендирбаева У, Жакеева О, Чынгышев А, Курманов К, Арунов А, Жаныгулов К, Мамбеталиев Ж.

Жогорку билим берүү. Облустагы жогорку окуу жайы - **Нарын мамлекеттик университети.** НМУ-ти Ички Теңир-Тоо аймагындагы ири окуу жайы ж-а илимий-маданий борбор. Нарын мамлекеттик университети 1996-ж. 22-майда Нарын а.ч.техникумунун, пед.окуу жайынын, мугалимдердин билимин жогорулатуу б-ча облустук ин-ттун ж-а Кыргыз архитектуралык-курулуш инс-тунун облустук филиалынын базасында түзүлгөн.

НМУнин маалыматтык тех-лар, экономика жана башкаруу, агрардык-техникалык ж-а педагогика, тил илимдер, үзгүлтүксүз билим берүү факультеттери ж-а 9 кафедрасы бар. Финансы ж-а кредит, бухгалтерия эсеби ж-а аудит, менеджмент, тарых, бажы иштери, педагогика жана башталгыч класстардын мугалими, кыргыз тили ж-а адабияты, англис тили, араб тили, кытай тили, корея тили, араб тили, търк тили, математика ж-а информатика, электроэнергетика, транспорт каражат ишин уюштуруу, айыл чарба өндүрүшү жана ветеринария боюнча жог. билимдүү адистерди даярдайт. НМУти респ-нын ж-а КМШнын ЖОЖ-ру, чет өлкөлүк бир катар уюмдар, фонддор менен тыгыз байланышта иштейт. Университетте эл аралык байланыш бөлүмү, аскер кафедрасы, чыгармачыл клубдар жана ийримдер бар. НМУ адистерди даярдоонун этаптуу, көп тепкичтүү жолун ишке ашырат. Азыркы муундагы компьютердик класс кабинеттер, талапка жооп берген аудиториялар менен жабдылган. Илимий жана электрондук китепканалары, жатаканасы, спорт комплекстери (ФОК) бар. 2009-ж. окуу жайды 620 студент бүтүргөн. Университетте алты борбор (түрк, корея, кытай, араб, америка таануу жана Карьера борбору) уюштурулган. 2009-2010 окуу жылында күндүзгү бөлүмүндө

1235 студент, сырттан окуу бөлүмүндө 800 студент окуйт. НМУнун алдында Нарын пед.колледжи, агрардык-экономикалык колледжи, мугалимдердин билимин жогорулатуу борбору иш жүргүзөт.

**Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулары;** ректор, проф. Акматалиев Алмазбек Акматалиевич, илимдин докторлору: проф. Сияев Таштанбек Моңолдорович, Сыдыков Жолдошбек Сыдыкович, Өмүралиева Дамира Кемеловка, Калдыбаев Салидин Кадыркулович. **Илимдин кандидаттары**: Атанаев Токтосун Бегалиевич биология илимд.канд. (1989) доцент, Абдылдаев Обозбек Абдылдаевич физика-математика илимд.канд. (30.01.97) доцент, Асанов Жолдош экономика илимд.канд.(23.03.1989), Ажыбаев Дүйшөн Макешович педагогика илимд.канд.(29.01.2009), Аман кызы Бактыгүл педагогика илимд.канд.(28.04.2009), Байбагышов Эрмек Муратканович айыл чарба илимд.канд. (25.06.2003), Бекбоева Махабат Амантуровна экономика илимд.канд.(03.07.2006), Дүйшекеев Кубанычбек Дооткулович техника илимд.канд.(07.04.1994) доцент, Жакеева Рысбүбү педагогика илимд.канд.(26.11.1987), Жантаев Адилбек Сүйүндүкович филология илимд. канд. (18.12.2003), Жумаева Роза Ражаевна саясий илимд.канд. (07.05.2008), Заркунов Асан филология илимд. канд. (16.06.2005), Эл мугалими (2004), Ибраимов Куттукалы филология илимд. канд. (11.02.1988), доцент, Иманалиев Сыдык Садырбаевич философия илимд.канд. (20.12.2007), Кадыров Белек Койчукеевич медицина илимд.канд. (30.09.1993) доцент, Куканов Абдыбек экономика илимд.канд.(25.04.1980), Көлбаева Мээрим филология илимд. канд. (12.10.2006), Молдалиев Эгемберди Дүйшекеевич техника илимд. канд. (18.04.2006) доцент, Муңайтпасова Гүлдайра Жумакадыровна педагогика илимд.канд.(20.12.2007), Сатыбекова Майрамкүл Абдыкуловна педагогика илимд.канд.(2009), Турдалиев Иманжапар Касиевич химия илимд.канд.(1994), доцент, Турдугулов Али филология илимд. канд. (28.05.1996), доцент, Чоробаева Нарынкүл Абдыкалыковна филология илимд. канд. (28.02.2002), Чолпонбаев Азис Карыбекович филология илимд. канд. (20.12.2007), Шерматов Сагынбек Макеленович ветеринария илимд.канд.(15.06.1990), Эгимбаева Жаңыл Болотканова педагогика илимд.канд.(19.05.2008). (Эскертүү: кашаада УАКтан окумуштуулук даражасы бекитилген жылдар)

2009-2010 окуу жылында университеттин профессордук-окутуучу курамында накта 4 илимдин доктору, 28 илимдин кандидаттары менен окутуучулар курамы эмгектенишет.

Маданият. Кийинки он жыл аралыгында облуста бир катар тарыхый инсандарды эскерүү маарекелери жана эл аралык фольклордук фестивальдар өткөрүлдү. Соң-Көл жайлоосунда 2002-ж.Тайлак баатырдын 200 жылдыгы, атактуу too булбулу Муса Баетовдун 100 жылдыгы театрлаштырылып оюн-зооктор менен коштолуп, Ажыбек баатырдын 200 жылдыгы Ат-Башы р-нда салтанаттуу өткөрүлгөн. Респ-нын тарыхында алгачкы ирет 2006-ж. жайлоо шартында «Соң-Көлдү Манас жердеген» аттуу эл аралык фольклордук фестиваль Соң-Көл жайлоосунда өткөрүлүп, «кыргыз көчү» жана улуттук ат оюндары көрсөтүлдү. Бул фестивалга дүйнөнүн 14 өлкөсүнөн делегаттар келишип, 25000 ашуун көрүүчүлөр көрүшкөн. Фестивалда Манас айтуу, акындык өнөр, элдик ырлар, фольклордук чыгармалар, дастан айтуу жана кол өнөрчүлүк боюнча конкурсанттардын өнөрлөрү сыналган.

Облустук маданият кызматкерлери эл аралык уюмдарга долбоорлорду өткөрүү жана элдик «Ашар» ыкмасын колдонуу менен 2002-ж. Кочкор р-нда Молдо Кылыч айылында, 2004-ж. Жумгал р-нун Лама айылында, 2007-ж. Ат-Башы р-нун Ак-Муз, Кара-Суу айылдарында жаңы клубдардын курулушу бүткөрүлүп, пайдаланууга берилген. Учурда Нарын облусунун калкын маданий жактан тейлөөдө 94 клубдук мекеме, 126 массалык китепкана, 3 профессионалдык театр, 3 элдик театр, 4 тарыхый мекен таануу музейи, 5 балдардын музыкалык мектеби иштейт.

Облуста 16550 орундук, 94 клубдук мекемелер бар. Клубда 347 ар кандай кружоктор, бирикмелер уюштурулуп, аларга 4500дөн ашык катышуучулар тартылган. Облус боюнча 126 массалык китепканаларда 981990 миң нускадагы китеп фондусу бар. Жалпы калктын 42 пайыздан ашыгы китеп окууга тартылган. Облустук С. Орозбаков ат. китепканада эл аралык уюмдардын колдоосу менен «Укуктук-юридикалык борбор» түзүлүп, интернетке кошулган.

2009-ж. Нарын облусунун уюшулгандыгынын 70 жылдыгына карата акындардын «Айтыш-2009» эл аралык кароо-сынагы жогорку деңгээлде өткөрүлүп, респ-нын бардык аймактарынан 23 акын катышып өз өнөрлөрүн элге тартуулашты.

Азыркы учурда облустагы 4 тарыхый край таануу музейинде баардыгы 6450дөн ашык экспонаттар бар. Музейлерде элибиздин тарыхын баяндаган баалуу материалдар коюлуп элибизден чыккан атактуу инсандардын жараткан эмгектери толук чагылдырылган. Облустун аймагында баардыгы болуп 269 тарыхый маданий эстеликтери бар. Алар Кошой-Коргон, Таш-Рабат кербен сарайы, Манастын таш тулгасы жана ат мамысы, кырк чоронун күмбөзү, Шырдакбектин чеби, Тайлак баатырдын күмбөзү ж.б.у.с. эстеликтер тарыхый баалуулукка ээ болуп, азыркы учурда жаш муундардын жана туристтердин көрүүчү жайына айланды.

Сөз сонунда илимий популярдуу бул китеп облустун 70 жылдыгына арналып, Кыргызстандын тарыхындагы чейрек кылымдын арасындагы тоолуу областын социалдык-экономикалык, маданий өнүгүшүн чагылдырып, облустун ак калпак, ак элечек тургундарына тартууланган баалуу белек болуп саналат. Демек, тарыхты окуу жана үйрөнүү адамдын жан

дүйнөсүн байытат, маданий-саясий деңгээлин көтөрөт, инсандын коомдук көз карашын калыптандырып, коомдогу ордун аныктаганга да таасирин тийгизет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Нарын облусу. Энциклопедия. (Жооптуу редактор Ү.Асанов.) КЭ-нин Башкы редакциясы. Бишкек.,1998. -420 б.:
2. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы. Энциклопедия. / Башкы ред.Б.Ө.Орузбаева./ -Ф.:1983. -496 б.
3. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. 4-том. / Башкы ред.Б.Ө.Орузбаева./ -Ф.:1979.
4. Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. (Жооптуу редактор А.А. Асанканов.) Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору –Б.:2003. -464 б.
5. Биздин Кыргызстан. популярдуу тарыхый энциклопедия. (байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейин) Бишкек 2004.
6. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. Маалыматнаама. – Б.: 2003. -216 б.:
7. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстандын тарыхы. (Эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). – Б.: 2001. - 519 б.
8. Бектемирова А.К. Нарын облусунун социалдык-экономикалык турмушу (1991-2005 жж.) Автореферат. Б.: 2009. - 25 б.:


---


***А.К.Бектемирова, НМУнун ага окутуучусу***


# НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ АСЫЛ ТУКУМ МАЛ ЧАРБАЛАРЫНЫН АБАЛЫ (1991-2007-Ж.Ж).

Турмуш көрсөткөндөй, мал чарбасынын көрсөткүчтөрү, менчиктин кайсы түрү болбосун, малдын асылдуулугуна жеткиликтүү көңүл бурулганда гана өз натыйжасын берери анык. Эгемендүүлүк жылдарынын алгачкы мезгилдеринде, облуста жергиликтүү органдардын көзөмөлүнүн жоктугунан койдун асыл тукумдуулугу бузула баштаган. Мисалга алсак, Жумгал районунун «Көкөмерен», «Дыйкан», «Чаек» колхоздорунда, Кочкор районун «Чолпон» совхозунда жана башка чарбаларда асыл-тукум кочкорлор дыйкан чарбаларына жеке менчик ээлерине таратылып жиберилген жана бул чарбаларда койлорду уруктандыруу жергиликтүү органдардын көзөмөлүнөн четте калган. Мунун кесепетинен дыйкан чарба ээлери кара, куйруктуу жана башка койлор менен жайма куут жүргүзүшүп, натыйжада породасыз тукумдардын пайда болушуна алып келген[29].

Кыргыз мал чарба изилдөө институтунун окумуштууларынын көп жылдар бою эмгегинин натыйжасында облустун тоолуу регионунда жашоого ыңгайлашкан жана жогорку продукция берүүгө жөндөмдүү асыл-тукум малдардын породалары: дүйнөгө таанымал кыргыз уяң жүндүү, Тянь-Шань тукумундагы жарым уяң кроссберд жүнүн берүүчү койлор, жаңы кыргыз тукумундагы күлүк жылкылар, деңиз деңгээлинен 3500-4000 метр бийиктикте тоодо илгертен бери жашап келе жаткан жана кийин тукуму жакшыртылган уникалдуу кыргыз топоздорунун породалары түзүлгөн. Биз карап жаткан жылдарда менчиктештирүүнүн шары менен асыл тукум малдар жеке менчикке өткөн жана бул малдардын асыл тукумдуулугун, кунардуулугун сактоо, билимдүү адис окумуштуулар тарабынан асыл-тукум селекциялык иштерди жүргүзүү, зооветеринардык чаралар жүргүзүлбөгөнүнөн азайып, жогорудагы асыл тукум, кунардуу малдардын санынын төмөндөшү акыркы чекке дейре жеткен. Өзгөчө көптөгөн жылдар бою Каракужур өрөөнүндө жаратылган жогорку сапаттагы жибек кроссберд жүнүн берүүчү Тянь-Шань тукумундагы койлордун саны өтө азайып кеткен. Тянь-Шань кою 1966-жылы Тянь-Шань мал чарба тажрыйба станциясында чыгарылган. Койлор тоолуу жайыттарда асыроого ылайыкташтырылып, суукка чыдамдуулугу, эт жана жүндүүлүгү менен айырмаланган. Негизинен жайытта багылып, 30-40 см түшкөн карларды туягы жана тумшугу менен өзү казып, астынан чөп таап жей алган. 1980-жылдагы маалымат боюнча колхоз жана совхоздордогу бардык жарым уяң жүндүү койдун 27,3%зын таза тукумдуу тяншань породасы түзүп, Ак-Талаа, Тянь-Шань жана Тогуз-Торо райондорунун чарбаларында өстүрүлгөн[30]. Ал эми 1990-жылдардан баштап, ушул породанын жоголуу коркунучу туулган.

Селекциялык иштин негизги өзөгү болгон асыл тукум малдарга бонитировка тандоо, ылгоо жүргүзүү, айыл чарба малдарын жасалма жолдор менен уруктандыруу, асыл тукум карточкаларын, асыл тукум китептерин, күбөлүгүн жүргүзүү жана ушул малдарды экспортко сатууга даярдоо иштери дээрлик төмөнкү абалга келген. Асыл тукумдуу жаңы кыргыз тукумундагы жылкылардын саны кескин түрдө азайып, селекциялык зоотехникалык иштер жүргүзүлбөй, асыл тукум айгыр, бээлердин үйүрлөрү азайган.

---

29 Нарынский областной государственный архив. – Ф. 101, оп. 1, ед.хр. 1856. – С. 63.

30 *Осмонов О.* Кыргызстандын айыл чарбасы жана айыл-кыштактардын социалдык турмушу. – Бишкек, 1994. – 66-б.

СССР тарагандан кийин асыл тукум жылкы чарбаларына дотациялар бөлүнбөй калганына байланыштуу асыл тукум иштери жүргүзүү тургай, малдын башын сактап калуу проблемага айланган. Республикада 148 миң асыл тукум жылкылардан болгону 4 миң калган[31]. Мына ошондуктан 2003-жылы 22-майда Өкмөттүн республикада «2003–2010-жылдарда жылкы чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы жөнүндө» №292 токтому кабыл алынган. Анда учурда иштеп жаткан мамлекеттик жылкы заводдорун сактап калуу, өнүктүрүү, аларга зарыл өлчөмдө жеңилдетилген шарттарда узак мөөнөткө айдоо жерлерин ижарага берүү, 2003-жылдын республикалык бюджетинин каражаттарынын эсебинен 6,7 млн. сом даректүү финансылык жардам көрсөтүү, жогоруда аталган программада каралган иш чаралардын аткарылуусун камсыз кылуу жана башка иш-чаралар белгиленген. Программада кийинки кезде финансылык кыйынчылыктардан улам начарлап кеткен мамлекеттик жылкы заводдорун, атап айтканда Таластагы № 113, Нарындагы № 53, Ноокаттагы №44 азыркы «Көкбел» жылкы заводдоруна колдоо көрсөтүү каралган. Жаңы кыргыз тукумундагы жылкыларды сактап калуу, чарбалардын материалдык базаларын чыңдоо, малдын башын мындан ары өстүрүү, асыл тукум иштерин жүргүзүү үчүн Нарын районундагы «Нарын №53» мамлекеттик жылкы заводуна мамлекеттик бюджеттен 226,0 миң сом бөлүнгөн[32]. Жылкы чарбасында асыл тукум иштерин жакшыртуу үчүн 1 млн. сомго асыл тукум жылкылар сатып алынган.[33] 2005-жылга карата бул заводдо 81 баш жаңы кыргыз тукумундагы жылкылар багылган. Сөз кылып жаткан 15 жылдын ичинде бул чарбага жаңы айгыр келген эмес, натыйжада кан алмашуу болбой, жылкылар майдалана баштаган. Ошондуктан жылкылардын асыл тукумдуулугун жогорулатуу жана кан алмаштыруу максатында 2006-жылы май айында Арстанбек Дүйшеев атындагы Кыргыз мал чарба, ветеринария жана жайыт илим-изилдөө институтунан алмашуу жолу менен жаңы кыргыз породасындагы асыл тукум айгыр алынып келинген[34]. Өкмөт экспортко багытталган өндүрүштү өнүктүрүү зарылдыгы жөнүндө маселени коюп жаткан учурда адистердин пикири боюнча экспорттун статьяларынын бирин жылкы ээлеши мүмкүн. Асыл тукум жылкыларды эскпортко чыгаруу толук реалдуу иш. Жылкы чарбасы боюнча чоң адистердин бири С. Өмүрзаковдун айтканына караганда 80-жылдардын орто ченинде Кыргыз жылкысынын жаңы тукуму Италияга, 1992-жылы Нарын жылкы заводунан Кытайга, Ооганстанга сатылган. Каралып жаткан жылдарда Англиялык таза кандуу жылкылар, жорголор Ысык-Көл заводунан жакынкы чет өлкөлөргө экспортко чыгарылып, аларды казакстандыктар сатып алышкан. Ошол жылдарда тайлардын баалары 2 миң доллардан, чоң жылкылар 3-4 миңден баштап 10-15 ке чейин жеткен. Себеби Чолпон-ата жылкы заводу – генофонду бай завод. Бул чарбада убагында Россиядан, Франциядан, Англиядан, Америкадан, Италиядан алынып келинген айгырлардан алынган тукумдар сакталып калган. Англиялык таза
кандуу жылкыларды өстүрүп жаткан ири чарба ушул болгон[35]. Ал эми №53 Нарын жылкы заводунда (1982-жылы ачылган) багылып жаткан жаңы кыргыз тукумундагы жылкылардын сапаттары башка асыл тукум жылкылардыкынан кем эмес. Убагында ал жергиликтүү жылкыларды Дон тукумундагы, анан таза кандуу англис тукумундагы айгырлар менен аргындаштыруу аркылуу жаратылган. 1954-жылы өзүнчө тукум катары апробациядан өткөн. Демек, облуста тиешелүү аракеттер көрүлүп, жаңы кыргыз тукумундагы жылкыларды экспортко чыгаруу зарыл.

Кыргызстандын кой чарбасын өнүктүрүүдө кой чарбасын порода жактан кайра түзүү иши 40-50-жылдары татаал жолду басып өткөн. Натыйжада 1953-жылы белгилүү окумуштуу М.Н.Лущихиндин жетекчилиги менен жүн-эт багытындагы, тоолуу жайыт шартына байымдуу, сапаттуу жүндүүлүгү жана эттүүлүгү шайкеш кыргыз уяң жүндүү кою чыгарылган. 60-жылдарда кыргыз уяң жүндүү кою боюнча асыл тукум иши Киров районундагы «Жоон-Төбө» асыл тукум кой заводунда (азыркы М.Н.Лущихин атындагы), Жети-Өгүз районундагы «Оргочор», Кочкор районундагы «Кочкор» жана Карасуу районундагы «Катта-Талдык» асыл тукум заводдорунда жүргүзүлгөн. Окумуштуулардын жана малчылардын эмгегинин натыйжасында 70-80-жылдары республиканын дээрлик бардык чарбаларына кеңири жайылтылган[36].

Изилденип жаткан жылдарда чарба жүргүзүүнүн мурунку системасы толугу менен жоюлган. Бул чарбаларда асыл тукумдун башы кескин кыскарган. Мисалы, Нарын облусундагы «Кочкор» асыл тукум заводунда 80-жылдардын аягында таза кандуу кыргыз уяң жүндүү койлордун саны 42,6 миң баш болсо, 1995-жылы

---

[31] Из речи Президента Кыргызской Республики А.Акаева на научно-практической конференции в городе Оше 2 ноября 2001 года // Базар тамыры. – 2001. – №65/46.

[32] Эркин Тоо. – 2004. – 30-январь.

[33] Эркин Тоо. – 2004. – 2-февраль.

[34] Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын учурдагы архиви. Айыл чарба бөлүмү. 2006-жылдарга карата Нарын мамлекеттик асыл тукум заводу жөнүндө маалымат.

[35] Агропресс. – 2003. – 8-май.

[36] *Лущихин М.Н.* Тоолуу шарттарда уяң жүндүү кой чарбасын өстүрүүнүн технологиясы. – Фрунзе, 1981.

11,35 миң, 1998-жылга чейин 1,65 миң башка чейин азайган[37].

Рыноктук мамилелер асыл тукум мал өстүрүүчү чарбалардын ишинин натыйжалары кийинки жылдарда суроо-талапка ээ болбой жатканын көрсөттү. Мисалы, 2001-жылы даярдалган 800 баш асыл тукум кой тиешелүү деңгээлде керектелбей калган[38]. Мындай шарттарда асыл тукум мал чарбалары эптеп жашоо үчүн жолдорду издөөнүн натыйжасында жогорку репродукциядагы үрөндөрдү товардык кредит түрүндө алып, тиешелүү жумуштарды аткарып, үрөн өстүрүүчү чарбалардын статусуна өтүп кетишкен, мисалы, «Оргочор», «Нарын №53», «Кочкор, «Тянь-Шань» асыл тукум мал чарбалары ушундай кылууга аргасыз болушкан[39].

Биз изилдеп жаткан жылдары айыл чарба ишканасынын статусуна ээ «Кочкор» мамлекеттик асыл тукум мал чарбасы кой өстүрүү менен гана иштебестен, эгин продукцияларын, анын ичинде арпаны жана буудайды өстүргөн. Эгин өстүрүү тармагында, баарыдан мурун, бул завод айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сортторун жаңыртуу менен иштеген, арпанын жана буудайдын элиталык жана биринчи репродукциядагы үрөндөрүн өстүргөн, ал боюнча Кочкор районунун керектөөлөрүн канааттандырган.

Каралып жаткан жылдарда финансылык оор абалга карабастан, мамлекеттик асыл-тукум заводдору селекциялык-асыл тукумдуулук иштерин жүргүзүшкөн. Республикада 5 койлорду өстүрүүчү асыл тукум заводдорунда (Оргочор, Кочкор, Катта-Талдык, Лущихин, Тянь-Шань) кыргыз уяң жүндүү жана тянь-шань жарым уяң жүндүү породалар өстүрүлгөн. 1998-жылдан бери бул заводдор жаңы порода – тоолуу кыргыз меринос породасын өстүрүшүп, 1998–2001-жылга чейин 24 миң козу алынган[40]. Мына ушул заводдордо болгону 10 миң баш таза уяң жүндүү койлор калган. Алардын 78%ын туут койлор түзгөн[41].

2006-жылы Нарын облусунда аттестациялоодон өткөн 15 асыл тукум чарбалары, анын ичинен 3 мамлекеттик асыл-тукум чарбасы (Кочкор мамлекеттик асыл тукум заводу, №53 Нарын мамлекеттик жылкы заводу, Тянь-Шань мамлекеттик асыл тукум заводу), 12 фермердик (3 – Ак-Талаада, 5 – Ат-Башыда, 2 – Жумгалда, 2 – Кочкордо) асыл тукум фермалары иш жүргүзүүдө. Бул асыл тукум чарбаларда жана фермаларда 21780 баш кой, 341 баш жылкы, 153 баш ири мүйүздүү мал жана 629 баш топоз багылган. Асыл тукум чарбалар негизинен койлордун тяншань жарым уяң жүндүү, кыргыз уяң жүндүү, эдилбай жана жаңы кыргыз тукумундагы жылкыларды багышкан[42].

Асыл тукум чарбалары койлордун асыл тукумдуулугун артырууда жана аларды облустун калкына жайылтууда көптөгөн иш-аракеттерди жасаган. Мисалы, Нарын районунун Тянь-Шань асыл тукум чарбасында тяншань жарым уяң жүндүү коюнун породалык сапатын жакшыртуу максатында 2004-жылы суффольк породасынын уругу алынып келинген, 2007-жылы бул породадагы койлордун саны 600гө жеткен жана андан алынган төлдү жайылтуу үчүн айылдарга филиалдары ачылган[43].

«Кочкор» асыл тукум заводуна кыргыз меринос койлорунун асыл тукумдуулугун арттыруу максатында 1998-жылы 25 баш австралиялык кочкор алып келинген. Ошондон берки 5 жылдан кийин жалпы алынган төлдүн саны 3,7 миң баш болсо, алардын ичинен 60-70% төл жергиликтүү уяң жүндүү жана австралиялык кочкорлордун аргындаштырылышынан алынган. Натыйжада, аргындаштырылган уяң жүндүү кыргыз меринос койлорунун жүнү таза тукумдуу австралиялык меринос койлорунун жүнү сыяктуу дүйнөлүк рынокто чоң суроо талапты пайда кылган. 2006-жылга карата бул заводдо 2794 баш кой бар болсо, алардын ичинен 2220 баш тубар койлор болгон. Бардык койлордун 86%ы австралия кочкорунун тукумунан турган[44]. Союз убагында бул чарбада 42 миң баш асыл тукум кыргыз уяң жүндүү койлору багылып, алардын 16 миңи тубар кой болгон. Заводдогу койлор орто

---

37 У ГПЗ «Кочкорка» перспективы реальные // Агропресс. – 2003. – июнь.

38 Основные итоги работы Кыргызской аграрной академии. – Бишкек, 2001. – С. 102.

39 Кыргыз Республикасынын айыл чарба, суу жана кайра иштетүү өнөр жай министирлигинин учурдагы архиви. Тышкы экономикалык байланыш жана инвестиция департаменти. 2000–2005-жылдарга карата тышкы экономикалык байланыш жана инвестиция департаментинин отчету.

40 Кыргыз Республикасынын айыл чарба, суу жана кайра иштетүү өнөр жай министирлигинин учурдагы архиви. Тышкы экономикалык байланыш жана инвестиция департаменти. 2000–2005-жылдарга карата тышкы экономикалык байланыш жана инвестиция департаментинин отчету.

41 Агропресс. – 2004.– август.

42 Нарын облустук мамлекеттик администрацисынын учурдагы архиви. Айыл чарба бөлүмү. Нарын облусундагы 2000–2006-жылдарга карата мал чарбасынын абалы жөнүндө маалымат.

43 Нарын облустук мамлекеттик администрацисынын учурдагы архиви. Айыл чарба бөлүмү. Нарын облусундагы 2005–2008-жылдарга карата мал чарбасынын абалы жөнүндө маалымат.

44 У государственный племенный завод «Кочкорка» перспективы реальные // Агропресс. – 2003. – июнь; Нарын облустук малекеттик администрациясынын учурдагы архиви. Айыл чарба бөлүмү. 2006-жылга карата Кочкор районундагы асыл тукум мал өстүрүүчү чарбалар жөнүндө маалымат.

эсеп менен 12,5 кг дан жүн берип, тирүүлөй салмагы бир центнерге жеткен. 1970–1985-жылдары бул чарбада өстүрүлгөн 78 миңден ашуун асыл тукум койлор мамлекетке жана башка чарбаларга сатылып, алынган киреше чарбанын муктаждыктарына, кыштактын социалдык инфраструктурасын жакшыртууга жумшалган[45]. Демек, азыркы мезгилде ушул заводдо багылып жаткан кыргыз уяң жүндүү койлордун санын көбөйтүп, облустагы дыйкан жана фермерлерге сатуу жана экспортко чыгаруу мезгил талабы. Региондогу мал чарбасындагы асыл тукум малдардын чордону болгон бул чарбаларды экономикалык-финансылык кредит, инвестиция берүү жагынан, асыл тукум селекция иштерин жүргүзүү боюнча билимдүү адис окумуштууларды тартуу жагынан, асыл тукум малдарды көбөйтүү, чет өлкөгө экспортко чыгаруу, башка фермердик чарбаларга тукумдуу малдарды реализациялоо жагынан ар тараптан колдоого алуу зарыл болууда.

***УДК 82/821 Нарын облусунун кыскача тарыхы***

***Бокоев Каныбек Сейтакунович***

## НАРЫН ОБЛУСТУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫНЫН КОРГОНУУ, УКУКТУК ТАРТИП ЖАНА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР БӨЛҮМҮНҮН БАШКЫ АДИСИ

Нарын облусу 1939-жылы 21-ноябрында СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун указы менен түзүлүп «Тянь-Шань»-деп аталып 12 жылдан бери шаар статусун алган Нарын облустун борбору болуп негизделген болуучу. Облуска 6 район, 61 сельсовет баш ийген.

Алар:

-Ак-Талаа району-9 сельсовет (Ак-Кыя, Ак-Талаа, Ак-Чий, 1-май, Дөрбөлжүн, Жаңы-Талап, Кызыл-Октябрь, Коңорчок, Терек);

-Ат-Башы-9 (Ат-Башы, Ак-Моюн, Ак-Жар, Ак-Муз, Ак-Талаа, Баш-Кайыңды, Кара-Суу, Туюк-Богошту, Ой-Терскен),

-Жумгал 11 (Башкууганды, Жылан-Арык, Сарый-Камыш, Суусамыр, Кабак, Кайырма, Кызыл-Туу, Көл-Ой, Кара-Кол, Фрунзе, Чаек);

-Кочкор-12 (Ак-Кыя, Ак-Учук, Ак-кудук, Кашат, Кочкор, Кош-Дөбө, Көк-Жар, Кум-Дөбө, Кара-Суу, Посёлковый совет с/х Кочкорка, Такен-Булак, Үкөк );

-Нарын району-14 (Ак-Кудук, Алыш, Дөбөлү, Жан-Булак, Жергетал, Ийри-Суу, Куланак, Киров, Кызыл-Октябрь, Кони завод, Миң-Булак, Учкун, Он-Арча, Четнура,);

-Тогуз-Торо-6 (Атай, Сары-Булуң, Көкирим, Кош-Дөбө, Каргалык, Тогуз-Торо,) сельсоветтерден турган.

Нарын аталышы же болбосо Нарын облусубуздун тарыхы биз белгилеген 1939-жылдан бери эле башталбайт. Тарыхтарда белгиленгендей Нарын аталышы 7-12-кылымдарга чейин байыркы грек-рим, түрк, араб, кытай тилдеринде жазылып түрдүү аталыштарга ээ болуп, көпчүлүк авторлор «Берметтүү-Суу»-деп атап келишкендиги баяндалат. Улуу дарыябыздын атына уюкаш Нарынга байланыштуу аттар окумуштуулардын тастыктоосунда Орто Азия, Монголия, Казахстан ж.б. жерлерде кездешип, «Нарын» түшүнүгү («тар», «кууш») деген монголдордун сөзүнөн алынган делсе, экинчи маалыматта моңголдордун «нарин» деген уруусунун атынан келип чыккан делет(1,2). Бүгүнкү биз менен катарлаш жашап келе жаткан Нарындык кыргыздардын айтуусунда кыргыздардын эзелтен берки улуттук тамагынын бир түрү замандын шартынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу «Беш-Бармак» деп аталып, бул сөзгө көп кырдуу кыргыз купуя сырлары катылгандай. Уламалуу аксакалдардын айтуусу боюнча улуттук тамак «Беш-Бармакты» даярдоодо курч бычак менен туураган этти «наарын» деп атап келгендиги далилденет. Кыргыздардын салтына ылайык мурдагы заманда атактуу эл башы болуп жүргөн адамдар, салт болуп келген шернеге, конокко же сый тамакка чакырылганда жанына улууларга урмат кылуу өнөрлөрүн билген, тарых жаатындагы санжыраларды далилдүү айткан жана ыкчам эт туурай турган жигиттерин ээрчитип жүргөндүгү белгилүү. Мына ошол жигиттер жашы улгайып, аксакалы жайкалган Улуу карыларга, сыйлуу конокторго малдын бышкан этин майда туурап, кары адамдар кыйынчылыкысыз чайнап жегенге камылга көрүп өздөрүнүн шамдагайлык өнөрлөрүн көрсөтүшүп келишкен. Эң мыкты эт туурагыч жигиттер этти куш тилиндей формада кармап тоурашкан. Демек, «Наарын» (куш тилиндей) деген сөз маанисин берээри бышык(3).

Ошол «Куш-Тилиндей» жерди мекен кылгын кыргыздар 7-12-кылымдарда көчмөн турмуштарды моюндарына алып келген болсо кийинчерээк тарых белгилегендей 1331-жылы Ата-Башы шаарын ал эми ошол кыргыздардын урпактары 1868-жылы Нарын шаарын негиздеп «Берметтүү-Суу» менен «Атабашы-Суусун» бойлой жашашып боз үйлөрдөн «Ак-Ордо» курушуп дүйнөлүк тарыхтарга из калтырып келишкен болуучу. Мына ушул дүйнөлүк тарыхтарга из калтырган кыргыздарды азыркы

---

[45] *Усубалиев Т.У.* Созидательная сила ленинской национальной политики. – Фрунзе, 1984. – С. 80-

учурда тактоого аракет жазап жаткан билимдүү атуулдар ошол тарыхтарды жаңылмачтатпай, ошол тарыхты үзүл-кесил кылып маанисин бузуп жазбай эгемен мамлекетибиздин жаштарына тарыхтын айкын түз жолун көрсөтүп берүүбүз зарыл. Ошондуктан Нарын ж.б. Кыргыз жеринин аймактарынын таржымалдарына келгенде 14-к. таанылык «Мажму атут-товарих» аттуу фарс тилинде жазылган тарыхый чыгарманы кыргыз тарыхынын баш жагына коюп совет ж.б. мезгилдерде жазылган башка тарыхый чыгармалар менен салыштырууларды тактоолорду жүргүзүп кээ бир ашык-кемин түздөп оңдоп эл-журтка алып чыгуу биринчи милдеттерден деп ойлойбуз.

Кыргыз тарыхы аныктагандай 940-1137-ж.ж. чейин Кара-Хан мамлекетин курган жергиликтүү кыргыз чигилдери Нарындан-Кашкарга чейинки аймактарда туруктуу жашашып ушул чөлкөмдө биринчи «ислам» динин кабыл алган мамлекет кургандыгы белгилүү. Тарыхый маалыматтарда Сатук Карахан (мусулманча аты Сатык-Абдыкерим) ) 901-жылы Кашкарда туулуп, балалык чагы ошол жерде өткөн. Карахан 913-жылы же 12 жашка толгондо аалым Абу-Насыр-Самандан жетегинде мусулман динин жашыруун кабыл алып, мусулманча билим ала баштагандыгы баяндалат. Ошол Карахан түзүп кеткен күчтүү мусулман мамлекети тарыхта 197 жыл бою бийликте болуп Нарын аймагы аркылуу өтүүчү Улуу Жибек Соода Жолун өз көзөмөлдөрүнө алышып керек болсо ошол кездеги дүйнөлүк маанидеги жаңылыктар менен өзгөрүштөргө дагы туруштук берип келишкендей. Ошол караханийлер кагандары кийин Кашкар шаарынан бөлөк дагы Нарын дайрасына 45 чакырым жакын турган Ата-Башы (Кошой-Коргон) шаарында дагы кыргыздарды башкарып тургандыгы окумуштуулар тарабынан такталган. Ушул Ата-Башы шаарында турган Караханийлер мамлекетин жетектеген жергиликтүү Кыргыз-Чигилдери менен Наймандардын ортосунда карым-катнаш болгондугу элдик санжыраларда дагы айтылып келет. Алсак: Нарын-Ат-Башыда жашап туруп эл-оозунда айтылып келген кыргыз санжыраларынын мани-маңызын коротпой совет дооруна чейин жеткирген Ороз болуш кызы Калыйчанын:

Төрт булуңдуу сабадан,
Куюлганың ушулбу.
Төгөрөк Найман ичинен,
Буюрганың ушулбу… деген тарыхый мааниге ээ жамагы Теңир-Тоолуктардын эсинде калган. Бул жамакты чечмелей келсек Караханий чигилдеринин улуу падышасы уулун Найман элиндеги улуу хандын кызына үйлөнтүп «кудай дешкен куда, курчалышкан дос»- болуп азыркы Ат-Башынын Чеч-Дөбө мазары менен Кошой-Коргондун ортосундагы Буурахандын-Сазында улуу той берет. Ошол улуу хандардын, улуу пашылардын катышуусунда берилип жаткан тойдо жаңы келген келиндин сарамжалсыздыгынан сабадан куюлуп жаткан кымыз коноктордун көптүгүнөн жетип-жетпей калат. Тамак-ашка көзөмөлдүк кылып жаткан жаңы келиндин жамакчы жеңеси мына ушундай тарыхый мааниге ээ болгон жамакты абысындарынын көзүнчө айтат. Манаста айтылгандай заман доорго, доор заманга айланып эл көңүлүндө калган тарыхый жамак энеден-кызга айтылып жүрүп биздин заманга жетти.

Теңир-Тоого байланыштуу дагы бир орчундуу тарыхый окуяда 14-к. 80-ж. ортосунда Аксак Темирге каршы коалиция түзгөн Баймурат Кулжыгач-Төрө уулунун кыргыз тарыхында өз орду бар. Нарындын-Тарбагатайына ак боз үйлөрдөн ««Чоң-Хан-Ордо» курдуруп ошол мезгилдеги жалпы кыргыз урууларынын башкаруучусу болуп эмир даражасын алган Баймураттын улуу кол башчы, тарыхый улуу инсан экендигин ЕвроАзия тарыхындагы анын оордун толугу менен аныктоо эгемен Кыргыз Республикасынын атуулдарынын милдети экендиги белгилүү.

9-10-к. Тибет, Фергана жана Барскоондун ортосунда жайгашкан Ате-Башы (Ата-Башы, Аталар-Башы, Аталардын-Башчылгында-К.Б.) шаары 1331-жылы дүйнөлүк картага түшүрүлгөн мезгилде Баймурат болгону 59 жаш курактагы күч кубатына келип шаардын өнүгүп-өсүшүнө зор салым кошкон улуу инсан экендиги дагы аныкталган. Демек оош-кыйыш мезгилдерди башынан өткөргөн көчмөн кыргыздар көчүп-конуп эле жүрө бербестен Моголстан мамлекетин башкарган Баймурат хан «Ата-Башы» шаарын негиздеп курса, Чынгыз хандын тушундагы кыргыздар «Кара-Корум» шаарын курушкандыгы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгүн алганы такталып келе жаткандай. Ташкенден-Могол тоосуна чейинки аймактарга хан болгон Баймурат менен Алтын Ордо ханы болуп Москваны өрттөп даңазаланган Токтомуш ага инин балдары экендиги «Мажму атут-товарихте» жазылган. Ошондой эле Эдиге аттуу хан дагы кыргыз болушкандыгы тарых жаатында илим изилдеген белгилүү инсандар тарабынан такталып ырасталып келүүдө. Ал эми 1389-90-ж.ж. Аксак Темир жана анын уулу +мөр шейх «кылыч жана от» деген ураанды алдыга коюп 20 миң колу менен Нарындын-Тарбагатайында турган кыргыз ханы Баймуратка кол салган окуясы толук изилденип иликтениши керек. Темирдин кыргыздарга болгон өтө ырайымсыз кандуу бул чоң согушунда баскынчынын алдына койгон максаттары толук чечилбей 1390-жылы Кыргыздардын ханы Баймурат мына ушул чоң согушта Ата-Мекен, Эли-Журтун коргоп жатып аалам салгандай. Баймурат башында турган кыргыздардын аскерлери Темир баштаган баскынчыларга эрдиктердин үлгүсүн көрсөткөндүктөн ошондогу элдер ошол кыргыздарды «Моголстандын токой арстандары»- деп аташканы белгилүү. Ошон үчүн «Нарын-Суусу» менен «Атабашы-Суусунун» ортосунда жашаган кыргыздарда Улуу падышалар менен

Улуу хандар болуп алар регулярдуу армия түзүп баскынчылардан Эли-Журтун коргоп тургандыгы ырасталат. Алтын Ордо ханы Токтомуштун бир-тууган агасы Баймурат 1390-жылы аалам салса, Аксак Темир 1405жылы, Токтомуш 1406-жылы жалган дүйнө менен коштошкондуктары ташка тамга салгандай эле тарыхта жазылуу. Алты ай кышы бар ак калпагы башынан түшпөгөн Нарындын ушундай тарыхый маалыматтарын тактоого келсек ошол Караханий менен Моголстан мамлекеттерин башкарган жергиликтүү чериктер «Берметтүү-Суу» менен «Атабашы-Суусун» бойлой жашашып көчмөн мамлекеттердин борбору Ата-Башы шаарын куруп эле тим болбостон Эл-Журттун конушу кылып Улуу Кытай Мамлекети менен чек бөлүшүп тургандыгын Кыргыз тарыхына белгилөөгө арзыйт(4, 5, 6, 7, 8, 9, 10).

Нарын жергесинде Караханий, Моголстан мамлекеттеринин тарыхынан сырткары 1635-жылдары Калмактардын күчтүү бийлиги орногондугу белгилүү. Мына ушул Ойроттор жалпы кыргыздарды караканап кылып чаап натыйжада эл чачылып көпчүлүк кыргыздар Кулябка чейин кире качышканы тарыхта белгилүү. Ошондон кыргыз-казакта «казак кайың сааганда-кыргыз кулябка качканда»-деген маанилүү ооз эки элдик тарыхты толук түшүндүргөн сөз байлыктары бар. Ушул кыргыздардын башына түшкөн оор заман 1758-жылга чейин уланып ал бийлик жазмаларда «Жунгар хандыгы», «Ойрот хандыгы», «Калмак хандыгы»-деп аталып 122 жыл кыргыздардын үстүнөн бийлик жүргүзгөн. Ушундай күчтүү калмактардын баскынчылыгында калган Нарындык кыргыздар ата-бабасынан калган Кыргыз-Жерин, Теңир-Тоосун таштабай башка кыргыз урууларындай жер которуп кетпей керек болуп кеси келсе колуна курал алып эркиндик үчүн кармашууларга барып турушкан. Албетте бул кыргыз чериктеринин калмактарга каршы күрөшүн дагы жетектеген атактуу Элдик баатырлары болгон. Алардын катарында Ногой уулдары Тоймат-Шер менен Токтобай бий, Тайгаболот уулу Максүт бий менен Ырысбай уулу Сазан баатырларды атоого болот. 1757-жылы Цин аскер башчысы Чжао Хойдун Нарын аймагына келиши менен калмактар түп тамырынан бери куугунтукка алынып кыргыз жери калмактардан биротоло бошойт. 1759-жылкы «Си-Юй-ту-чжи» маалыматтарында Кытай мамлекетинин аскер башчысы Тоймат-Шер башчылык кылган чериктерди чыгыш-батыш буруттардын ортосунан кезиктиргендиги анын карамагында 200 түтүн черик уруусу калгандыгын тарых маалымдайт. Ушундай узакка созулган калмак баскынчылыктарынан улам Нарындык ошол кыргыздардын ооз-эки чыгармаларында «Эр Табылдыдай» элдик эпосторун жаратышкан болуучу. Мына ушул Нарындык Токтобай, Максүт бийлер Тоймат-Шер, Сазан баатырлар 1759-жылы бир тууганы Куталы башында турган топ элчилерди кытай бийлигинин борбору Түп-Бээжинге жиберишкен. Ал элчилер Кытайдын императору турган Пань-шань Цзинь цзи сарайына чейин барышкан. Элчилердин эрдиги император аркылуу бааланып Нань-юань деген жерден сый-тамактар уюштурулуп кыргыздарга арнап фейерверк (салют) аттарып сый-урмат көрсөткөнү белгилүү. Бул черик элчилердин сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыгынан кийин 1760-жылы калмак чапкынынан тентип кеткен 1000 (миң) түтүн кыргыз үй-бүлөлөрү өз жерине көчүп келишип кубанычка батышкан. Бул калмак баскынчылыктарына каршы боштондук күрөштөрүн уюштуруп турган Токтобай, Максүт бийлердин ж-а Тоймат, Сазан баатырлардын ж.б. тарыхый окуяларын о.э. 14-к таандык Баймурат хан менен Алтын Ордо ханы Токтомуштун кыргыз экендигин аныктаган өмүр таржымалдарын иштеп чыгуу ж-а кыргыз тарыхына толук киргизүү зарылчылыгы бар(11,12, 13, 14).

Мына ушул 1758-1876-ж.ж. чейин Нарындан Кашкарга чейинки зор мейкиндикти ээлеп турган черик уруусуна цин, кокон, кашкар хандыктарынын үстөмдүктөрү келип алар үч бийликке салык-алык төлөп турушкандыгы белгилүү. XIX-к. биринчи, экинчи жарымында кыргыз элине аттын кашкасындай белгилүү Нарындык Кыргыз элинин улуттук баатырлары Айдар уулу Мамбет, Токтобай уулу Ажыбек, Тоймат уулу Турдуке, Сазан уулу Калча, Сазан уулу Карымшак, Максүт уулу Атамбек, Сазан уулу Татыбек, Куттукожо уулу Бошубек, Сазан уулу Айдарбектер эл башында турушуп алардын ысыгы менен суугуна чыдашып эркиндик күрөштөрүн уланта беришкен болуучу. Бирок, күчтүү бийликтин кысымынан кутула албаган ошол Нарындык кыргыздар дагы кандайдыр бир деңгээлде бул аталган бийликтерге салык-алык төлөп турганы менен кеси келсе ал бийликти тааныбай убактылуу болсо дагы салыктарды төлөөнү токтотуп турууга күчү келгендиги белгилүү. Окумуштуу Ч.Валиханов «Какшаал дарыясын бойлой көчүп жүрүүчү Черик уруусунун башчысы Турдуке турфандын жанында ал шаардын акими кыргыздарды алдаганына нааразы болгондуктан, соодагер сарттардын бирин кармап алып, башына чалма ороп, мына силерге кожо деп Турфан дарбазасына алып келген. Чериктерди жыл сайын берилүүчү Кытай +кмөтүнүн ардактуу сыйлыгы «Кызыл шарик» гана токтото алган. Кожолор келгенде чериктер Кокон (Кашкар, Кытай-К.Б.) бийликтерин жок санашып, алардын буйруктарын аткарышпай турганы айрыкча белгилөөгө арзыйт»-деп жазган. Ошондуктан Кыргыз тарыхында өзгөчө орчундуу орунду ээлеген Улуттук баатырлар мамлекет курууга бардык күч кубатын жумшашкан 19-к. биринчи, экинчи жарымында жашаган Мамбет, Ажыбек, Калча, Турдуке, Карымшак, Бошубек, Татыбек, Атамбек, Айдарбек ж.б. Теңир-Тоолук улуу инсандардын кокон, кашкар хандыктарынын цин дөөлөтүнүн

баскынчылыктарына ж-а Кененсары Касым уулунун Кыргызстанды басып алуу үчүн баштаган Орто Азиядагы чоң согушунун эки этабына тең катышкандыктарын толук чагылдыруу керек( 16,17, 18).

Оруссия падышачылыгынын кулашынын орчундуу окуясы болуп 1917-жылдын 25-октябрындагы (7-ноябрындагы) Санк-Петербург шаарындагы большевиктер партиясынын төнкөрүшү эсептелип, бул бийлик пролетраиат диктатурасын орноткондугу жөнүндө жар салган. Петрограддагы Октябрь Революциясынын таасири 1818-жылы февраль айында Нарынга жетип, ушул эле айда Нарындагы аскер горнизонунда митинг болуп бул иш-чарага аскер адамдарынан сырткары аз сандагы жергиликтүү кыргыздар дагы катышат. +зүн большевикмин деп эсептеген Х.Мусаев бул митингде сүйлөп, бийлик кимдин колуна тийгендигин элге түшүндүрүүгө аракет жасаган. Ал февраль, март айларында бир нече жолу жашыруун түрдө Шаркыратма-Суусунун жээгиндеги үйүндө элди жыйнап аларды Кеңеш өкмөтүн түзүүгө үндөгөн болуучу. Бирок, жаңы өкмөткө түшүнө бербеген жергиликтүү эл дароо эле маакул боло коюшкан эмес. Нарындык кыргыздар мындай өзгөрүштөргө даяр эмес эле. 1818-жылы 2-апрелде Нарынга кеңеш бийлигин орнотуу үчүн Токмок шаарынан Ф.С. Дубовицкий башында турган 200 кызыл гвардиячы келип 3-апрелде алар элди шаардагы (азыркы Нарын облустук ички иштер башкармасы жайгашып турган жерге-К.Б.) аянтчага чогултуп, Нарындагы Убактылуу өкмөттүн жоюлганын жарыялаган. 1818-ж. 8-апрелде Солдаттар менен Мусулмандар депутаттарынын Кеңешинин участкалык сьезди болуп, анда Кеңеш бийлигинин орногондугу жөнүндө жарыя болуп, 40 кишиден турган Эл депутаттарынын Кеңеши шайланат. 1920-ж. 5-ноябрда мурдагы падышалык офицер, токмоктук көпөс Д.Кирьянов ж-а нарындык К.Бондарёв (кыргыздар «Мөндүрүп» дешкен) жетектеген отряд Ат-Башыдан Нарынды көздөй аттанышып, козголоң уюштурушкан. Нарындагы козголоңчуларды басууга 13-ноябрда Токмок шаарынан чыккан эки өзгөчө жана 4 түрүкмөн полктору чыгып, 14-15-ноябрда Шамшы ашуусунун жанында козголоңчулар менен катуу салгылашууга барышкан. Кармашта козголоңчулар жеңилип Д.Кирьянов туткунга алынган. 18-ноябрда Долон-Ашуусунда козголоңчулар менен кызыл гвардиячылар дагы бир жолу салгылашка барышып «Мөндүрүптөрдүн» калдыктары Чыгыш Түркстандын аймагына кире качып кутулушкан. Ошентип тарыхта белгиленгендей Теңир-Тоо аймагына Кеңеш +кмөтүнүн бийлиги толугу менен калыбына келтирилип 1921-1922-ж.ж. Жети-Суу чөлкөмүнө кирген Нарында дагы жер-суу реформалыр жүргүзүлүп натыйжада Нарын уездинде 8 миң чарба отрукташтырылып элди жерге биротоло жайгаштыруу иштери 1925-1926-ж.ж. чейин уланган. 1920-жылы 62 адамдан турган жумушчу-дыйкан милициясы түзүлүп, ал Нарын уезддик-шаардык милициясы деп аталып, 1924-жылы Ат-Башынын Туюк-Богошту деген жеринде туулган Алма-Ата шаарындагы эки жылдык милициянын окуу жайын бүтүргөн орус тилинде эркин сүйлөгөн Койчуманов Юсуп (Жусуп) Нарын уезддик-шаардык аткаруу комитетинин Президиумунун № 20 токтому менен Нарын уезддик-шаардык милициясынын (азыркы Нарын облустук ички иштер башкармасынын) начальниги болуп дайындалат. Ал эми Жукеев Табылды (Пудовкин) 1924 ж. Россиядан Нарынга келип 1926-ж. баштап Нарында кылмышкерлерди издеп табуу боюнча округдук бөлүмүнүдө начальник болуп дайындалат. 1925-жылы 25-майда Кара-Кыргыз автономный облусу, Кыргыз автономиялуу облусу (КАО) деп аталып Кыргызстан аймагы Бишкек, Каракол-Нарын, Ош, Жалалабад төрт окуругуна бөлүнөт. 1926-жылы 6-декабрда Каракол-Нарын округунун ордуна Каракол жана Нарын кантондору түзүлөт. 1927-жылы 28-январында Москва шаарындагы Бүткүл россиянын борбордук аткаруу комитетинин төрагасы М.Калининдин колу менен токтом кабыл алынып Кыргыз АССР шаарларынын тизмеси бекип бул тизмеге: Фрунзе, Ош, Жалал-Абад, Кара-Кол, Токмок, +згөн, Нарын аталыштары кирген. 1930-жылы 1-сентябрда кантондор менен болуштуктар жоюлуп Теңир-Тоо аймагында Сталин, Нарын, Ат-Башы райондору түзүлүп, Кыргыз АССРинин БАК тике баш ийишкен. 1936-жылдын 5-декабрында Кыргыз АО Кыргыз ССРи болуп түзүлүп, ушул жылдын 1-январына карата Нарын дубанында 248 колхоз уюштурулуп, жергиликтүү элдин күчү менен Бишкек-Торугарт автомобил жолунун курулушу башаталат. 1938-ж. 11-мартта Кыргыз ССРинин БАКынын чечими менен Кыргызстан кайрадан Фрунзе, Ысык-Көл, Тянь-Шань, Жалала-Абад, Ош округдарына бөлүнгөн. Ал эми 1939-жылы 21-ноябрда СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун указы менен Тянь-Шань облусу түзүлүп Нарын шаары облустун борбору болуп аталат. Облуска Ак-Талаа, Ат-Башы, Кочкор, Нарын, Тогуз-Торо райондору кирген. 1941-жылдын 22-июнунда фашисттик Германия Советтер Союзуна кол салып натыйжада Улуу Ата Мекендик согуш башталган. 1941-1945-ж.ж. Улуу Ата Мекендик согушка Нарын облусунан 19495 уул, кыздары жиберилип, алардын 3113 фронттордо курман болушса, 2851 согуш талаасынан дайынсыз жоголуп 13531 фронттордон аман-эсен келишкен. 1941-1945-ж.ж. согушта жердештерибиз Дайыр Асанов менен Анварбек Чортековдор Советтер Союзунун баатырлары болушуп аларды тосуп алуу мамлекеттик иш-чарага айланган болуучу. 1962-ж. 30-декабрда Кыргыз ССРинин ЖКП указы менен Тянь-Шань облусу жоюлуп 1970-ж. 11-декабрда Кыргыз ССР ЖКП № 1384-УП указы менен Нарын облусу кайрадан түзүлүп жогорудагы 5 районго дагы бир аталыштагы «Жумгал» район болуп кошулган болуучу. 1975-

1980-ж.ж. чейин Кыргызстан КП Нарын обкомунун 1-катчысы болуп иштеп кеткен Кыргыз ССР Жогорку Советинин 3 жолку депутаты А.Савитахуновдун Нарын облусунун элине жазап кеткен ак эмгектери эскерилүүгө тийиш. А.Савитахунов Обкомдун биринчи катчысы болуп иштеп турганда облустун аймагында чоң-чоң курулуштардын бүтүшү менен бирге эле элге ак эмгеги таза иштегендиги менен таанылган. А.Савитахуновдун тушунда Ат-Башы районундагы Ак-Моюн айылындагы Кызыл-Дыйкан орто мектебинин мугалими Улу Ата Мекендик согуштун катышуучусу А.Койчуманов 1978-ж. Социалисттик Эмгектин баатыры болсо, 1975-ж. Баш-Кайыңды айылынын тургуну Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Ат-Башы райисполкомунун төрагасы болуп иштеп кеткен Ч.Шадыбеков «Ажыбек баатыр поэмасын» жазган болуучу. Айрыкча Нарын облусунун тарыхына белгилей кетүүчү Кыргызстан КП БКнын 1-катчысы, СССР Жогорку Советинин 5 жолку депутаты Усубалиев Т.У. демилгеси менен 1963-жылы Кыргызстандын Россиянын составына ыктярдуу кошулгандыгынын 100 жылдык урматы белгиленип Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы экинчи жолу Ленин ордени менен сыйлангандыгы белгилөөгө арзыйт. Ошол 1863-жылдан 1991-жылга чейин Россиянын курманда турган Кыргыздардын билими менен илими, маданияты менен медицинасы, экономикасы менен өнөр жайы, мал чарбачылыгы менен дан чарбачылыгы, укугу менен тартиби болуп көрбөгөндөй оң жагына өзгөргөн болуучу. 1988-ж. 5-октябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин № 1945-XI Указы менен Ысык-Көл, Нарын облустары жоюлуп ж-а кайрадан биригип «Ысык-Көл облусу»-деп аталган. Тогуз-Торо району Ош облусунун кармагына өткөн. 1990-ж. 14-декабрда Кыргыз ССРинин Президенти А.Акаевдин № 263-XII мыйзамы менен Нарын облусу кайрадан түзүлгөн(19,20,21,22,23). 1918-1991-ж.ж. чейин Совет Мамлекетинин карамагында турган Кыргызстан Коммунисттик партиясы облустагы бийлик органы болуп эсептелип келип 1990-ж. 15-декабрда Кыргыз Республикасынын суверенитети жөнүндө Декларациясынын кабыл алынышы менен 1992-жылдан бери бул бийлик түп тамырынан бери өзгөрүп келип кийин Нарын облустук мамлекеттик администрациясы болуп уюшулган.

Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын кызматкерлери Эгемендүү Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Указдарын, Кыргыз Республикасынын +кмөтүнүн Токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин чечимдеринин негизинде иш жүргүзүп келет. Облустук мамлекеттик администрациясынын түзүмү болуп Нарын облустук мамлекеттик администрация башчысы-губернаторлук кызмат орду; губернатордун 1-чи орун басарлык кызмат орду; эки орун басарлык кызмат оруңдары; аппарат жетекчиси; жардамчысы ж-а массалык-маалымат каражаттары м-н иштеген катчылык кызмат орундарынын турат. Мындан сырткары Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын аппараты төмөндөгү бөлүмдөрдөн:

-уюштуруу иштери ж-а жергиликтүү өз алдынча башкаруу;

-коргонуу, укуктук тартип ж-а өзгөчө кырдаалдар;

-агроөнөржайын өнүктүрүү ж-а жаратылышты пайдалануу;

-финансы;

-экономикалык өнүктүрүү ишкердик ж-а туризимди колдоо;

-өнөр жай, курулуш, транспорт ж-а коммуникация;

-билим берүү, маданият, жаштар саясаты ж-а спорт;

-социалдык өнүктүрүү ж-а саламаттык сактоо;

-жалпы ж-а жарандардын кайрылуулары коомчулук м-н иштөө;

-финансы чарбалык камсыздоо-бөлүмдөрү түзүлгөн.

Мындан сырткары Нарын облустук мамлекеттик администрациясына Ак-Талаа, Ат-Башы, Жумгал, Кочкор, Нарын райондук мамлекеттик администрациялары ж-а Нарын шаардык мэриясы түздөн-түз баш ийишет. Облустук, райондук ж-а шаардык бийлик өкүлдөрү жогорудагы бөлүмдөрдүн аталыштарындай эле элге кызмат көрсөтүү менен облустун экспорттоо мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү менен дүйнөлүк рыноктун шарттарына ыңгайлашкан чарба жүргүзүүнүн жаңы формаларын региондук деңгээлде иштеп чыгууга ж-а аны ишке ашырууга аракет жазайт. Чет элдик капиталды, жаңы техниканы ж-а технологияны ишке тартуу үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылууга аракет кылат. Чет өлкөлөр менен соода-экономикалык жана илимий техникалык кызматташууну өнүктүрүүгө чараларды көрөт.

Кошумча түшүнүктөр:

1.Нарын облустук мамлекеттик архивинин материалдары. Н-2004-ж. чыгыш № А-7.

2. Нарын облусу энциклопедиясы. Б-1998-ж, 303-б.

3. КР УИА тарых ж-а маданий мурас институту. Кыргызстан тарыхынын маселелери илимий журналы № 2 саны. 2009-ж. 93-б.

4. Сайф ад-дин ибн дамулло Шах Аббас Аксыкенти жана анын уулу Нурмухаммед. Тарыхтардын жыйнагы (Мажму-атут-товарих). Б-1996-ж.

5.В.М.Плоских. «Биздин Кыргызстан» популярдуу тарыхый энциклопедиясы (байыркы мезгилден 19-к. аягына чейин) .Б-2004. 133,136-б.

6. Нарын облусу энциклопедиясы. Б-1998-ж, 303-б.

7.КР билим ж-а илим министрлиги.Кыргыз-+збек университети. Материалы Международной научной конференции.Междунараодный научный журнал № 1 (27), часть 1, Ош-2009.стр 192.

8.Бокоев К. Кыргыз башкаруучусу Баймурат-Төрө ж-а тарыхый улуу инсандар. Б-2006.

9. О.Караев, К.Жусупов. Кыргызы: Источники, история, этнография-Б.:1996. 488-б.

10.Замандаш элдик журналы (Байыркы-бүгүнкү Монголия).Б-2008-ж. № 1. 22-23-б.

11.С.Аттокуров. Кыргыз санжырасы.Б-1995. 80-86-б.

12.Т.+мүрбеков. Боромбай.Б-2003.7-8-б.

13. Нарын облусу энциклопедиясы. Б-1998-ж, 108-б.

14.А.Н.Бернштам А.Н. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы жана археологиясы боюнча тандалма эмгектер.Б-2004. 490-б.

15. Ч.Валиханов Сочинения, СПБ, 1904 стр. 447 (Зап.Р.Г.О. т. XXIX).

-Ч.Валиханов Сочинения, СПБ, 1904 II т., стр. 448.

-Ошол эле жер, стр. 449.

16. КР УИА тарых ж-а маданий мурас институту. Кыргызстан тарыхынын маселелери илимий журналы № 2 саны. 2009-ж. 93-б.

17.КР Тышкы иштер министрлиги. Кыргыз-Кытай мамлекеттик чек арасы жөнүндө материалдар ж-а документтер.Б-2003-ж.

18.К.Бокоев ж.б. Ажыбек баатыр.Б-2003-ж.

19. Нарын облустук мамлекеттик архивинин материалдары. Н-2004-ж. чыгыш № А-7.

20. Асылбаев Р. Нарын санжырасы: Шаар статусу берилгендигине 70 жыл. Б-Мурас 1997-ж.

21.Орозбек Акмат уулу Бектуров ж.б. Нарын-125 (Негизделишинин 125 жылдыгына карата). Н-1993-ж. 7-12-б.

22.Нарын облусу энциклопедиясы. Б-1999-ж. 52-69, 254, 346-б.

23.А.Салымбеков, К.Бокоев. Бабабыз Кошой жердеген Ат-Башы 21-к. босогосунда. Б-2001.93-б.

---

***Айыпказиева Рената, НМУнун окутуучусу***

# КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ АЯЛДАРДЫН РОЛУ

Кыргыз элинин тарыхындагы аялдын ролу жана орду азыркы мезгилде өзгөчө кызыкчылык туудурат. Бир жагынан, коомдо социалдык ролдор биологиялык жактан алдын ала аныкталган деген салттуу түшүнүктөр сакталып калган жана маданияттын бир бөлүгүнө айланган, бул болсо гендердик дискриминациялык көрүнүштөрдүн негизин түзгөн. Экинчи жагынан, аялдардын саясатка жандуу аралашуусу, аялдардын көптөгөн уюмдарынын жана бирикмелеринин ишмердиги демократиянын өлкөдөгү базасын олуттуу кеңейтүүгө, аялдардын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык статусун бир топ жогору деңгээлге көтөрүүгө жардам берет. Мунун бардыгы аялдардын тарыхый ролунун өлкөнүн турмушундагы ролун терең критикалык жана объективдүү аңдап-билүүнү талап кылат.

Эгер аялдардын Кыргызстандагы азыркы оор мезгилдеги турмушун карап көрсөк, жаңыдан калыптанып жаткан рынок шартында, экономикалык төмөндөөнүн кесепетинен улам аялдардын республикадагы абалы начарлады. Алар жакырчылык менен, жумушсуздук, ден соолуктун начарлашы, укуксуздук, жумушта жана үй чарбасында ашыкча жүктөө менен көбүрөөк кездеше башташты. Аял жумушчу күчүн маргинализация процесси тездеди: төмөн эмгек акы менен, төмөнкү квалификация менен, эмгектин аткаруучулук мүнөзү, кесиптердин чектелген тизмеси, эмгектин начар шарттары, кесиптик горизонталдык мобилдүүлүк, толук эмес жумуш күнү менен мүнөздөлгөн аял жумушчу күчүнүн рыногу акырындан калыптанып жатат. Ичинде аялдар басымдуулук кылган жакырлардын олуттуу топтору жаралууда: аз акы төлөнгөн же такыр төлөнбөгөн бала багуу боюнча отпускада көп убакыттан бери болгон, же такыр жумушсуз аялдар, толук эмес жумуш күн иштеген аялдар, пенсионер аялдар, жалгыз бой аялдар, көп балалуу аялдар. Бул аялдардын абалындагы жагымсыз факторлордун күчөшүнө алып келүүдө.

Аялдар республиканын эмгек ресурстарынын зор булагын түзүп, экономикада маанилүү роль ойношот. Юридикалык жактан аялдардын эмгеги аларды оор кол эмгегинде колдонууга тыюу салган көптөгөн эрежелер, нормалар жана мыйзамдар менен корголгон. Бирок, иш жүзүндө көптөгөн мыйзам тарабынан аныкталган нормаларга көңүл бурулбайт жана сакталбайт.

Кыргыздардагы гендердик түшүнүктөрдүн өнүгүшү айрым бир илимий тарыхка ээ. Революцияга чейинки Кыргызстан аялдарынын укуксуз жашоосу Ч. Валихановдун, Г. Загряжскийдин, Г. Гинстин китептеринде жана макалаларында сүрөттөлгөн. Бул авторлор аялдардын күндүк абалынын социалдык тамырларын ачып беришпейт, бирок алардын эмгектери белгилүү бир таанып-билүүчүлүк мааниге ээ, анткени кыргыз аялдарынын оор турмушу менен тааныштырышат.

Белгилүү этнограф С. Абрамзондун изилдөөлөрүндө, С. Любимованын, А. Джумагуловдун эмгектеринде аялдын абалы этносоциалдык жана маданий-тиричиликтик факторлордун фонунда каралат. Т. Ташевскаянын изилдөөсүндө республикадагы аялдарга билим

берүүнүн өнүгүш тарыхы жөнүндө, А. Апышеванын жана С. Бегматованын изилдөөсүндө аялдын абалы жөнүндө, С. Бекходжаеванын изилдөөсүндө аял эмгек ресурстары жөнүндө, Н. Животовскаянын эмгектеринде Кыргызстан аялдарынын Улуу Атамекендик согуш жылдарындагы эмгектеги эрдиктери жөнүндө кызыктуу факты-материалдар камтылган. Аялдардын советтик курулушка кошкон салымы жөнүндө айрым маалыматтар Дж. Малабаевдин, А.Э. Измайловдун, С. Керимбаевдин, Б. Чыймылованын монографияларында камтылат. Совет мезгилиндеги аял маселесин бир кыйла терең изилдөө Ж. Татыбекованын эмгектеринде жүргүзүлгөн.

90-жылдардын башынан баштап каралып жаткан маселенин историографиясынын өнүгүшүнө мамлекеттин суверендешүү процесси жана кыргыз коомунун демократиялашуу процесси чоң таасир кылды. Республикада гендердик саясат боюнча илимий конференциялар, симпозиумдар, тегерек столдор өткөрүлдү. Р.Т. Айтматова, Г.К. Ибраева, А.К. Карасаева, М.А. Карыбаева, Л.Ч. Сыдыкова, А.С. Табышалиева, Б.Г. Тугельбаева, А.Б. Элебаева сыяктуу окумуштуулардын жана коомдук-саясий ишмерлердин кызыктуу эмгектери жаралды.

Бирок, жалпысынан алганда, аталган маселенин комплекстүү, системалуу тарыхый изилдөө катары жетишерлик изилденбегенин айтууга болот. Көпчүлүк изилдөөлөр бизди кызыктырган проблематиканы жалпы улуттук тарыхты анализ кылуу учурунда учкай түрдө гана камтыйт, же «таптык подход» методологиясынын «мөөрүн» алып жүрүшөт, бул жагдай иликтенип жаткан кубулушка объективдүү жана бүтүн мүнөздөмө бере албайт.

Аялдын инсан катары өнүгүүсү эле эмес, анын тарыхтагы жана илимдеги ролуна татыктуу баа берилбейт. Аялдардын абалынын өткөндөгү жана кайсы бир деңгээлде азыркы мезгилдеги экинчи даражалуулугун танбай туруп, аял бардык доорлордо, бардык цивилизацияларда жана коомдордо өтө маанилүү орун ээлегенин айтуу керек. Ошондуктан аял жөнүндө, эркек жана коом, башка факторлор таасир эте турган объект катары кароого болбойт. Аял турмуш процессинин жүрүшүнө активдүү таасир этүүгө умтулган субъект катары каралууга тийиш. Тарых аялдын кесипти тандоодо анын физиологиялык өзгөчөлүктөрү менен чектелип калуусун колдобойт, туура көрбөйт. Бул жагынан айрыкча кыргыз аялдары айырмаланышкан. Жоокер, саясатчы, аскер башчы аялдар, көтөрүлүш баштаган аялдар белгилүү. Мисал катары Курманжан Датка, Уркуя, Каныкей жана башкаларды айтууга болот. «Жел болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт» дегендей, менин оюмча, эпикалык жана жомоктук каармандардын прототиптери болгон. Эгер андай болсо, аялдын инсан катары ролу кыргыз элинде өтө жогору болгон. Ушундан улам, айрым объективдүү жүйөөлөр бар болсо да, аялдын инсан катары тарыхтагы ролун төмөндөтүп жиберүү эч кандай негизсиз. Бүгүнкү күндө окулуп жаткан тарых толугу менен аялдардын тең укуктуулугун белгилеп турат. Ошондуктан айрым авторлор аялдар азырынча «тарыхтын көмүскө бөлүгүндө» калып жатат деп белгилешет, тарых илиминин гендердик түшүнүүгө ылайык келген методологиясы талап кылынып жатат. Аялдардын бейөкмөт уюмдарын, кыймылдарын иликтөө кубандырат, аялдардын азыркы учурдагы абалы жакшырды, бирок али да бул картина идеалдуу болуудан алыс. Ал эми кыргыз аялынын абалы Азиянын башка өлкөлөрүндөгү аялдарга салыштырганда бир аз жакшыраак.

Ар кайсы өлкөлөрдөгү аялдар өздөрүн ар кандай сезишет. Өнөр жайы өнүккөн жана социалдык багытталган мамлекеттерде аялдар тең укуктуулукка дээрлик жетишти, ал эми өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө аялдар маселелерин чечүүдө регресс же сенектик байкалат. Бирок азыркы мезгилдин эл аралык тенденциялары аялдын инсан катары өнүгүү процессине түрткү берип жатат, бул болсо адамдык потенциалдын өнүгүшүнө жагымдуу таасир этет. XXI кылымда дүйнөлүк коомчулук адамдын дүйнө жүзү боюнча тең укуктуулугуна жетишүү жана цивилизациялар ортосундагы карама-каршылыктарды жоюу багытында иштерди улантат деп ишенүүгө болот. Кыргызстандын аялдары да, биздин чоң энелерибиз жана эпикалык аял каармандар коомдун турмушуна катышкандай, бул ишке катышууга тийиш. Мында бизге «Манас» эпосундагы Каныкейдин образы мисал боло алат.

«Манас» эпосу биздин рухий булагыбыз болгондуктан, ал бизге кыргыз аялынын инсан катары өнүгүүсүнүн объективдүү жана субъективдүү шарттарын аныктоого жардам бере алат. Аялдын социалдык функцияларын өзгөртүүнүн тенденциялары да «Манас» эпосуна таяна алат.

Инсандын калыптануусу өтө татаал процесс, аялдын инсандыгынын калыптануусу андан да татаал. Ал эми кыргыз аялынын инсан катары калыптануусу жөнүндө айтыш оор. Каныкейдин образындагы касиеттер анны кыргыз аялын инсан катары калыптануусуна үлгү катары алууга мүмкүндүк берет.

Саясий ишмер К.А. Жумалиев белгилегендей: «Аял аялдыгы менен акылман Каныкей да, чечен Ак-Шербет да, башкаруучу Курманжан Датка да боло алат». Канчалык тең укуксуз болсо да, аялдар дайыма, бардык доорлордо коом үчүн кыйын болгон учурларда эркектерге жардам берип турушкан.

Дүйнөдөгү аялдар эркектер үстөмдүк кылуучу абалын өз ыктыяры менен өткөрүп бербесин түшүнүшөт, ошондуктан алар өз укуктарын коргоп калууга даяр. Аялдарды көтөрүүнүн негизги максаты жыныстардын ортосундагы теңдикке жетүү үчүн жолдо карама-каршылыктарды жана күрөштү күчөтүү эмес.

Мында башка принциптер жетекчиликке алынышы керек. Социалдык бытиёну чогуу куруу аркылуу карама-каршылыктар азайып, кызматташтык жана өз ара түшүнүшүү жогорулоого тийиш. Бул процесс азыр жүрүп жатат жана муну коомдук турмуштун ар кыл сферасынан көрүүгө болот. Биздин оюбузча, планетанын калкынын көпчүлүк бөлүгүн түзгөн аялдар тарыхый өнүгүүгө дагы толук кандуураак катышса, тарых мындан да жакшы өнүгөт.

Ошондуктан аялдардын өздөрү, Каныкейди үлгү кылып, өз укуктарын жана милдеттерин өздөрү коргоп калууга, өздөрүн инсан катары туура калыптандырууга тийиш. Бул изилдөө аларга бул жолдо жардам берип, кыргыз аялынын инсандыгын калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн теориялык жолдорун көрсөтөт деп ишенем.

Кыргызстанда эркектердин жана аялдардын тең укуктуулук принцибин бекемдеген негизги документтер кабыл алынса да, гендердик теңдикке жана гендердик сезимталдыкты жогорулатууга чакырган көптөгөн иштер аткарылса да, кыргыздардын жүрүм-турумундагы жана ой жүгүртүүсүндөгү гендердик стереотиптер элдик маданияттын ажырагыс бөлүгү бойдон калууда.

**Колдонулган адабияттар :**


1. Женщины и мужчины Кыргызской Республики. Сборник гендерно-разделенной статистики. – Бишкек, 2002
2. Закон Кыргызской республики «Об основах государственный гарантий обеспечения гендерного равенства». - Бишкек, 2003, - 55 с.
3. Мусаев С. Образ Каныкей /Из проблем народности эпоса «Манас»/ - Автореферат, Фрунзе,1964
4. Мусаев С. Эпос «Манас» - Фрунзе: Илим,1979
5. Сыдыкова Л.Ч. Женщины Кыргызстана – Бишкек, 1994
6. Табышалиева А. Отражение во времени: Заметки к истории положения женщин Центральной Азии. Бишкек,1996
7. Элебаева А.Б. Социальное положение женщины в Кыргызстане – Бишкек,1994


# Оглавление

## ПЕДАГОГИКА


*Э.Т.Мамбетакунов*

***БАБАБЫЗ КОШОЙ ЖЕРДЕГЕН АТ-БАШЫ XXI КЫЛЫМДЫН БОСОГОСУНДА.....................................3***

*Т.М. Сияев*

***ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНЫН МАЗМУНДУК ӨЗГӨРҮШҮ ............................................6***

*С.К.Калдыбаев*

*НАРЫН РЕГИОНУНДАГЫ ОРТО ПРОФЕССИОНАЛДЫК ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН АЗЫРКЫ АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ................................ 8*

*А.К.Тешебаев*

*ПРОБЛЕМЫ ВОСПИТАНИЯ БУДУЩЕГО ЗАЩИТНИКА ШКОЛЫ ОТЕЧЕСТВА В УЧЕБНО-ВОСПИТАТЕЛЬНОМ ПРОЦЕССЕ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ............ 10*

*Н.А.Асипова*

*ФОРМИРОВАНИЕ ТОЛЕРАНТНОСТИ КАК ВАЖНОЕ УСЛОВИЕ СОЦИАЛИЗАЦИИ СТАРШЕКЛАССНИКОВ..................... 13*

*К.М.Торогелдиева, Г.С.Чокоева*

*МАТЕМАТИКА АДИСТИГИ БОЮНЧА БАКАЛАВРДЫ ДАЯРДОО СИСТЕМАСЫ....................................... 15*

*Ш.С.Ахраров, А.М.Мирзаахмедов*

*ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ ПРОГРАММНЫЕ СРЕДСТВА И МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ИХ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ В ВУЗАХ...... 17*

*Д.М.Ажыбаев, У.У.Бейшеналиева*

*ИНФОРМАЦИОННАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ БУДУЩИХ УЧИТЕЛЕЙ ИНФОРМАТИКИ.......... 19*

*Т.М.Сияев, Д.М.Ажыбаев, М.Ү.*
*М.Ү Өмүралиев*

*МААЛЫМАТТЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН МУГАЛИМДЕРИН ДАЯРДООДОГУ ОРДУ...................................................... 22*

*А. Абдиев , А.Макеев*

*ОРТО МЕКТЕПТЕ МАТЕМАТИКАНЫ ОКУУТУДА АНЫН ТАРЫХЫНА КАЙРЫЛУУ. ......................................... 26*

*А.Д.Жунусакунова*

*ТЕСТИРОВАНИЕ КАК ФОРМА КОНТРОЛЯ ЗНАНИЙ..........................30*

*Г.А. Касымова*

*МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН ӨЗГӨЧҮЛҮКТӨРҮ.......32*

*К.Кадыралиева*

*КИТЕП – БИЛИМ АЛУУ ЖОЛУНДАГЫ НЕГИЗГИ БААЛУУЛУК (2009-ЖЫЛ КИТЕПКАНА ЖЫЛЫ) ...34*

*Б.Жусуева*

*ИЧКИЛИК ЖАНА АНАН ЗЫЯНДУУЛУГУ..................................37*

*Б.Жусуева*

*ОКУУЧУЛАРГА ПСИХОТРОПТУК АКТИВДҮҮ ЗАТТАРДЫ КОЛДОНУУНУН ТЕРС НАТЫЙЖАЛАРЫН ТҮШҮНҮҮНҮ КАЛЫПТАНДЫРУУ...38*

*К.Б.Жапарова*

*ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ ПЕДАГОГА КАК СУБЪЕКТА ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ.................................40*

# ФИЛОЛОГИЯ

*А.Т. Турдугулов*

*АКЫНДЫК ПОЭЗИЯДАГЫ САЛТТУУЛУК: ЖЕКЕЛИК ЖАНА ЖАЛПЫЛЫК БЕЛГИЛЕР..................42*

*А. Жороев*

***«ОГУЗ НАМЕ» ДАСТАНЫН ОРТО МЕКТЕПТИН VIII КЛАССЫНДА ОКУТУУНУН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ.... 44***

*М.К.Көлбаева , Н.Жумабаева*

***ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ТИЛИ ТУУРАЛУУ ЭКИ ООЗ СӨЗ................. 47***

*И.А. Турдугулов ,К.М. Турдугулова*

***ОБЩИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ УДАРЕНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ................................................ 49***

*М.К .Көлбаева*

***ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУДА Ч.АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ОРДУ ЖАНА МААНИСИ ........................................... 53***

*Н.И.Нагорнова*

***ПОНЯТИЕ «КУЛЬТУРА РЕЧИ» И ЕГО НОРМАТИВНЫЙ АСПЕКТ................ 55***

*И.А .Турдугулов*

***СОПОСТАВИТЕЛЬНО-ТИПОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ СУПЕРСЕГМЕНТНЫХ ЕДИНИЦ (УДАРЕНИЕ) В АНГЛИЙСКОМ, РУССКОМ И КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКАХ. .............................................. 57***

*Сатылган кызы Гулнур*

***ДРАМАЛЫК КОНФЛИКТ ЖАНА КААРМАНДЫН НРАВАЛЫК ПОЗИЦИЯСЫ...................................... 60***

*Сатылган кызы Гулнур*

***НРАВАЛЫК ТАНДОО КЫРДААЛЫНДАГЫ КААРМАНДЫН ЖҮРҮМ-ТУРУМУ КӨРКӨМ ЧАГЫЛТУУНУН ОБЬЕКТИСИ КАТАРЫ ............................................... 61***

*М. Турсуналиева*

***Ж.САНДДЫН «ИНДИАНА» РОМАНЫНДАГЫ АЯЛДЫН ОБРАЗЫ ................................................................. 64***

*Н.А.Бийгелдиева*

***МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ ........................................ 66***

*Т.Ж. Асанов*

***ТОКТОГУЛ САЙДАЛЫ УУЛУНУН ӨМҮРҮ ЖАНА ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ................................................................. 69***

*Н. Кадырбекова*

***АРХАИКАЛЫК ДИНИЙ ИШЕНИМДЕРДИН ЭЛДИК ФОЛКЛОРДОГУ ИЗДЕРИ.................. 71***

# ЭКОНОМИКА

*А.К. Куканов*

***ПУТИ РАЗВИТИЯ СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ. ............................................. 73***

*Ж. Р. Мамырбаев, А.К. Куканов*

***ПРИРОДНЫЕ УСЛОВИЯ НАРЫНСКОЙ ОБЛАСТИ И ОРГАНИЗАЦИЯ ФЕРМ....................... 78***

*А.К. Куканов, Ч.А. Куканова*

***ТУРИЗМ И РАЗВИТИЕ ЕГО ПО ИССЫК-КУЛЬСКО-НАРЫНСКОМУ РЕГИОНУ. ............................................... 82***

*А.К. Куканов, Ж.Р.Мамырбаев*

***СЕЛЬСКОЕ ХОЗЯЙСТВО КЫРГЫЗСТАНА И ПУТИ ЕЕ РАЗВИТИЯ.......................................... 86***

*А.К. Куканов, Ж.Р.Мамырбаев*

***ОПЫТ ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ОЦЕНКИ СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫХ УГОДИЙ............................................... 90***

**Иса уулуЖ.,НГУ**

***ФОРМИРОВАНИЕ И РАЗВИТИЕ МАРКЕТИНГА РАЗВЕРНУТОГО СПЕКТРА ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ УСЛУГ .................................................. 92***


# ФИЛОСОФИЯ

*А.А.Акматалиев*

***ИЕРАРХИЯ ЦЕННОСТЕЙ И ПРИНЦИПЫ ИХ КЛАССИФИКАЦИИ ................................................................ 96***

*О.А. Тогусаков, А.Н. Смутко*

***СУЩНОСТНЫЕ ЧЕРТЫ И ПРОТИВОРЕЧИЯ ГЛОБАЛИЗАЦИИ. ................................................................ 99***

*Ж. С.Сыдыков, М. П Шерстнёв*

***ЭЛИТАЛУУЛУКТУН СОЦИАЛДЫК-ПСИХОЛОГИЯЛЫК КРИТЕРИЙИ. 101***

*С.С. Иманалиев*

***НАРЫН ОБЛУСУНУН 70 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛГАН ЭНЦИКЛОПЕДИЯНЫН ТҮЗҮЛҮҮ ТАРЫХЫНАН...................................103***

*А.К.Бектемирова*

***НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ АСЫЛ ТУКУМ МАЛ ЧАРБАЛАРЫНЫН АБАЛЫ (1991-2007-Ж.Ж)..................108***

*Бокоев Каныбек Сейтакунович*

***НАРЫН ОБЛУСТУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯСЫНЫН КОРГОНУУ, УКУКТУК ТАРТИП ЖАНА ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР БӨЛҮМҮНҮН БАШКЫ АДИСИ.......111***

*Айыпказиева Рената*

***КЫРГЫЗСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮСҮНДӨГҮ АЯЛДАРДЫН РОЛУ .........................116***


## НАШИ АВТОРЫ

***Э.Т.Мамбетакунов-*** пед.илимдеринин доктору, профессор

***А.А.Акматалиев, пофессор НГУ***

***Т.М. Сияев-*** педагогика илиминин доктору, профессор

***С.К.Калдыбаев-*** п.и.к., доцент, НМУ

***А.К.Тешебаев -*** аспирант Бат.ГУ

***Н. А. Асипова-*** пед.илимдеринин доктору, профессор

***Ш.С. Ахраров-*** (УзУМЯ, г.Ташкент), А.М. Мирзаахмедов (Кыргызско-Узбекский университете, г.Ош)

***К.М. Торогельдиева-*** *И,Арабаев атындагыКМУнун профессордун милдетин аткаруучу.*

***Г.С Чокоева-*** *окутуучу.*

***Сыдыков Ж. С.,*** филос.илим.доктору, Нарын мамлекеттик университетинин тарых, философия жана мамлекеттик башкаруу кафедрасынын проф.м.а., Нарын ш., Кыргыз Республикасы

***Шерстнёв М. П.,*** мед.илим.доктору, «ИТЭРА» медициналык борборунун жетектөөчү илимий кызматчысы, Москва ш., Россия Федерациясы

**Д.М .Ажыбаев ,** к.п.н

**У.У. Бейшеналиева,** аспирант НГУ

***Өмүралиев М.Ү,*** НГУ

***А. Абдиев*** , Кыргыз билим берүү академиясы

***А.Макеев,*** НМУ

***А.Д.Жунусакунова,*** аспирант НГУ

***Кадыралиева К.*** НМУ МБЖ жана АКД БОРБОРУ

***А.Т. Турдугулов,*** пед.и.к, НМУнун профессору

***А. Жороев БатМУнун Кызыл -*** Кыя гуманитардык институтунун ага окутуучусу

***М.К.Көлбаева , филол.и.к.доц. м.а.***

***Н.Жумабаева студент***

***И.А. Турдугулов-*** аспирант НГУ

***К.М. Турдугулова*** зав.отд. аспирантуры НГУ

***Н.И.Нагорнова, НГУ***

***М. Турсуналиева,*** К.Мамбетакунов атындагы педагогикалык окуу жайдын окутуучусу

***Н.А.Бийгелдиева,*** НМУнун аспиранты

***Т.Ж. Асанов,*** НМУнун аспиранты

***Н. Кадырбекова ,*** НМУнун аспиранты

***Ж. Р. Мамырбаев,*** Соискатель кафедры экономика и налогообложения.

***А.К. Куканов*** к.э.н., и.о профессора кафедры экономика и налогообложения НГУ

***Ч.А. Куканова менеджер.***

**Иса уулу Ж.**,НГУ

**О.А. Тогусаков,** директор ИФиППИ д.филос.н., профессор

**А.Н. Смутко,** ученый секретарь ИФиППИ.

***С.С. Иманалиев ,***филос.и.к., доценттин м.а.

***А.К.Бектемирова,*** НМУнун ага окутуучусу

***Бокоев Каныбек Сейтакунович-***

***Айыпказиева Рената,*** НМУнун окутуучусу

***Сатылган кызы Гулнур,*** НМУнун

*окутуучусу*

***Б.Жусуева ,*** НМУ

***К.Б.Жапарова*** ,НГУ